КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ
ОКУУ-ИЛИМИЙ- ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ
“КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ”

“Макулдашылды”
КЭАУнун ОИӨКнин окуу-административдик
иштер боюнча проректору
ю.и.к., доц.м.а. Карабалаева С.Б.
_____
«16» 10 2020ж

“Бекитемин”
ОИӨК “КЭАУнун” Ректору,
ю.и.к., доцент Савченко Е.Ю
_____
«19» 10 2020ж.

КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ БОЮНЧА ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКСИ

Даярдоо багытынын аталышы жана коду _580200 _Менеджмент
Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: Бакалавр
Окутуу формасы: күндүзгү
ОУК ны түзгөн окутуучу Анарбай к.У.

Модулдардын графиги

1-семестр																
жумалар	**1**	**2**	**3**	**4**	**5**	**6**	**7**	**8**	**9**	**10**	**11**	**12**	**13**	**14**	**15**	**16**	**17**
практикалык иштер								**21.10**									**26.12**
2-семестр																	
жумалар	**1**	**2**	**3**	**4**	**5**	**6**	**7**	**8**	**9**	**10**	**11**	**12**	**13**	**14**	**15**	**16**	**17**
практикалык иштер																	

ОУК “Кыргыз-орус тилдери”
кафедрасында каралды
Токтом № 2 « 09 » 09 2020 ж

Кафедра башчысы
ф.и.к., доц.м.а.Түмөнбаева М.Ж. _____

Коммерциялык эмес билим
берүү мекемесинин ОИӨК
"КЭАУ" Окуу-усулдук
бирикмесинин отурумунда жактырылды
Окуу-усулдук бирикмесинин
төрайымы Матвеева Т.В._____
Токтом № 5 « 15 » 10 2020ж.

КЭАнун КББМ илимий китепкананын директору
Асанова Ж.Ш. _____
« ____ » _____ 20___ж

Бишкек 2020-ж.

Мазмуну

1. Аннотация.....2
1.1. *Миссия жана стратегиясы* 5
1.2. *Дисциплинанын (модулдардын) максаты жана милдеттери*.....5
1.3. Калыптануучу компетенциялар жанан дисциплина (модулдар) (билими, ээ болуусу, билүүсү) боюнча компетенттүүлүк форматында формулировкаланган окутуудагы калыптануучу компетентциялар жана ошондой эле пландалган (күтүлүүчү) жыйынтыктардын тизмеги 6
1.4.Негизги билим берүү программасынын тутумундагы дисциплинанын(мод-н)орду.....7
***2. Дисциплинанын (модулдардын) тутуму*.....7**
***3. Дисциплинанын (модулдардын) мазмуну*.....13**
***4. Лекциялардын конспектиси*.....15**
***5. Маалыматтык жана билим берүүчүлүк технологиялар*.....21**
***6. Дисциплинаны (модулдарды) өздөштүрүүнүн жыйынтыгы боюнча учурдагы, күндөлүк жана жыйынтыктоочу текшерүүлөр үчүн баалоо фондунун каражаттары*.....27**
6.1. Дисциплинаны өздөштүрүү процессиндеги калыптануу этабы көрсөтүлгөн компетенциялардын тизмеги.....30
6.2. Ишкердүүлүк тажрыйбасын жана (же)билимдерин, билгичтиктерин, өнүгүүлөрүн баалоо процедураларын аныктоочу усулдук материалдар.....30
6.3. Компетенцияларды баалоонун критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн алардын калыптанышынын ар түрдүү этаптарда сүрөттөө, баалоонун шкаласын түзүү.....32
.....33
6.4. Ишкердүүлүк тажрыйбасын жана (же)билимдерин, билгичтигин, өнүгүүсүн баалоо үчүн зарыл болгон текшерүү тапшырмалары же башка материалдар.....33
7. Дисциплинаны окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоо.....38
7.1. *Булактардын жана адабияттардын тизмеси*.....39
7.2. Дисциплинаны (модулдарды) өздөштүрүү үчүн зарыл болгон маалыматтык-телекоммуникациялык «Интернет» тармагынын ресурстарынын тизмеги.....39
8. Окуп жаткандардын өз алдынча иштери үчүн окуу-усулдук камсыздоо тизмеги.....41
8.1. Практикалык сабактын планы. Уюштуруу жана өткөрүү боюнча усулдук көрсөтмө....42
8.2. Дисциплинаны (модулдарды) өздөштүрүү боюнча, окуп жаткандар үчүн усулдук көрсөтмө.....46
8.3. Жазуу иштерин даярдоо боюнча усулдук сунуштама.....47
8.4. Башка материалдар.....48
9. *Дисциплинаны (модулдарды) материалдык-техникалык камсыздоо*.....61
***10. Глоссарий*.....62**

Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасынын (модулдардын) менеджмент багыты боюнча окуу-усулдук комплекси

Аннотация

Кыргыз тили жана адабияты боюнча түзүлгөн ОМК- өзүнүн курамына бардык окуу процессиндеги окуу-тарбиялык программаны камтыйт. Окуу программасынын нормативдүү базасынын негизинде сааттын санына ылайык окуу программасынын материалдары толук салынган компакттуу программа. Студент үчүн жеткиликтүү болгон материалдар традициалык эмес ыкмалар менен б.а. инновациялык усулдук ыкмалар менен жеткиликтүү берүүнүн программасы топтоштурулду. Мындан сырткары модулдук текшерүүлөрдүн схемалары, баалоо ыкмалары, учурдагы, күндөлүк жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдүн материалдары, студенттердин өз алдынча иштеринин тематикалары, жазуу жумуштары, тесттик жумуштар, дисциплинаны өздөштүрүү боюнча студенттер үчүн өнүктүрүүчү усулдук материалдар, көнүгүүлөр, тексттер, сынчыл ойломдорун өстүрүүчү ар кандай оюн ыкмалары камтылды.

1. Түшүндүрмө кат

Кыргыз тилди окуп-үйрөнүү менен студент төмөнкүдөй натыйжага жетишүүгө тийиш:

Кыргыз тили жана адабияты боюнча түзүлгөн ОМК- өзүнүн курамына бардык окуу процессиндеги окуу-тарбиялык программаны камтыйт. Окуу программасынын нормативдүү базасынын негизинде сааттын санына ылайык окуу программасынын материалдары толук салынган компакттуу программа. Студент үчүн жеткиликтүү болгон материалдар традициалык эмес ыкмалар менен б.а. инновациялык усулдук ыкмалар менен жеткиликтүү берүүнүн программасы топтоштурулду. Мындан сырткары модулдук текшерүүлөрдүн схемалары, баалоо ыкмалары, учурдагы, күндөлүк жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдүн материалдары, студенттердин өз алдынча иштеринин тематикалары, жазуу жумуштары, тесттик жумуштар, дисциплинаны өздөштүрүү боюнча студенттер үчүн өнүктүрүүчү усулдук материалдар, көнүгүүлөр, тексттер, сынчыл ойломдорун өстүрүүчү ар кандай оюн ыкмалары камтылды.

1.1.Миссиясы жана стратегиясы

Миссиясы: – эл аралык деңгээлде таанылган, эркин ой жүгүртө билген жана өзгөрүүлөргө туруктуу, коомдун өнүгүүсүнө өз билимин баалуулук катары трансформациялоого жөндөмдүү болгон адистерди даярдоо

Стратегиясы: университеттин билим берүү ишмердүүлүгүн модернизациялоо - окуу процессин Болон процессинин талаптарына ылайык өркүндөтүү.

1.2. Дисциплинанын (модулдардын) максаты жана милдеттери

- *Студенттердин Мамлекеттик тил боюнча орто мектептен алган билим деңгээлин өркүндөтүү менен кесиптик багытта оозеки кебин туура пайдалануугa үйрөтүү;*
- *Мамлекеттик тилдин адабий нормаларын өздөштүрүү менен жазуу эрежесин колдонуу аркылуу кесиптик багытта сабаттуу болуусуна жетишүү;*
- *Адистешип жаткан кесиби боюнча Мамлекеттик тилди туура колдонуу аркылуу өз оюн башкаларга эркин, так, таамай жана таасирдүү жеткире билүүсүнө калыптандыруу;*
- *Кесипке ылайык ар кандай тексттер менен иштөөдө (окуу, жазуу жана угуу, сүйлөө) Мамлекеттик тилдеги сөз байлыгынын лексикалык минимумун иштеп чыгуусуна жетишүү;*
- *Мамлекеттик тилдин лексикалык, грамматикалык каражаттарын туура жана орду менен кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно билүүсүн шарттоо.*

Дисциплинанын маанилүү милдеттери болуп:

Жогорудагы максаттарды ишке ашыруу үчүн программа төмөнкүдөй милдеттерди өз алдына коёт:

- *Сөз маанилерин, алардын өз ара маанилик карым-катыштарын, сөз айкашы жана сүйлөмдүк түзүлүштөрүн туура жана жеткиликтүү түшүндүрүү;*
- *Сөз айкаштарынын туруктуу түзүлүшүн, фразеологизмдерди, сүйлөмдүн жөнөкөй жана татаал курамын өздөштүрүүсү жана өз ишмердигинде колдоно билүүсү;*
- *Сүйлөмдөрдөгү сөздөрдү орун тартиби боюнча түзө билүүгө, алардын маанилеринин, ошондой эле колдонуудагы вариантарынын өзгөчөлүктөрүн түшүнүү менен кепте жана жазуу иштеринде пайдалана алуусу;*
- *Оозеки кептин жана жазма тексттердин өздөрүнө таандык стилдик өзгөчөлүктөрүн, аларга таандык болгон кептик жана тилдик каражаттарды аңдаштыра билүүгө жетишүү жана аны тексттин кайсы түрүндө болбосун колдонуу;*
- *Жазуу иштеринде (жат жазуу, изложение, сочинение) тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин өздөштүрүү; ж. б.*

1.3. Окуп жаткандардын дисциплинаны өздөштүрүүдөн улам калыптанган компетенциясы, окуу дисциплинасын өздөштүрүүдөгү пландалган жыйынтыктар.

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыкгында студент төмөндөгүлөрдү:

Билүүгө

- расмий-иштиктүү адабий тилдин нормаларын үйрөнүү (ПК-1);
- логикалык жактан ынанымдуу, аргументтелген жана так сүйлөө жана жаза билүүгө, башкаруу ишмердүүлүгүндө тексттик документтерди даярдай билүү;(ОК-1)

Жасай билүүгө

- илимдеги, техникадагы жана кесиптик тармактагы технологияда жаңы көрүнүштөрдүн социалдык-экономикалык, маданий түпкүлүгүн мамлекеттик тилде анализдөө, прогноздоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу (ЖК-7);
- мамлекеттик тилде оозеки жана жазуу түрүндө баарлаша билүүгө жана зарыл болгон экинчи тилди билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу (ИК-8);

- сөздүк менен иштөөнү билүү (ИК-3);

Ээ болууга:

- кесиптик жана социалдык тармакта оозеки жана жазуу коммуникация ыкмаларына ээ болуу (ИК-4);
- мамлекеттик тилде оозеки жана жазуу түрүндө баарлаша билүүгө жана зарыл болгон экинчи тилди билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу (ИК-8);
- мамлекеттик тилде башкаруу документтерин даярдоо ыкмаларына ээ болуу (КК-7)

1.4.Негизги билим берүү программасынын тутумундагы дисциплинанын (модулдардын) орду

Мамлекеттик стандарттын НББП "Кыргыз тили жана адабияты" курсу күндүзгү окуу бөлүмүндө – 580200 менеджмент багыты боюнча Б.1. гуманитардык, социалдык циклда базалык бөлүгүндө 1-курстун студенттери үчүн, 136 саат практикалык сабак, 60 саат өз алдынча иштөө , 44 саат мугалим менен иштөө эсептелинген.

Дисциплинанын көлөмү жана окуу иштеринин түрлөрү
Окуу формасы - кундузгу окуу болуму (бакалавриат)

Иштердин түрлөрү	Окуу жүгү, саат		
	1 сем.	2 сем.	Бардыгы
Жалпы окуу жүгү			136
Аудитордук иш	51	51	102
Лекция	-	-	-
Практикалык сабактар: кыргыз тили кыргыз адабияты	 51 17	 51 17	 102 34
Семинар	-		-
Лабораториялык иш	-		-
Өз алдынча иштөө: (СРС) кыргыз тили кыргыз адабияты	 12 6	 12 6	 24 12
Сөи окутуучу менен (СРСП) кыргыз тили кыргыз адабияты	 7 5	 7 5	 14 10
Жыйынтыктоочу текшерүүнүн түрү	Экз	Экз	60

2.Дисциплинанын (модулдардын) структурасы

1-курс 1- семестр 1- модуль

	Дисциплинын бөлүмдөрү	*Семестр*	*Семестрдеги жумалар*	*Студенттин өз алдынча иштерин жана окуу көлөмүн (сааттык) камтыган окутуу иштеринин түрлөрү*			*Учурдагы жетишүүсүн (жумалар б/ча) текшерүү жана семестр аралык аттестациялоонун формасы*
				Практикалык саттар	*СӨАИ (СРС)*	*СОӨАИ (СРСП)*	
Модуль 1 «Менеджмент»							

1	1.Тил жана улут. Кыргыз адабий тили-Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили. **2.** Кыргыз тилинин түрк тилдеринин ичинен алган орду 3. Кыргыз жазуусунун тарыхы **4.** Кыргыз адабияты жөнүндө маалымат. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылык.	1	1	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп
2	1.Фонетика жөнүндө жалпы түшүнүк 2. Кыргыз тилинин тыбыштык системасы 3. Үндүү тыбыштар 4. Элдик оозеки чыгармачылыктын тектери жана жанрлары	1	2	1 1 1 1	1 1		Суроо-жооп
3	1.Үндөштүк мыйзамы. сингармонизм 2. Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштар жана алардын классификациясы 3. Фонетикалык талдоого көнүгүү 4. Кыргыз эпостору	1	3	1 1 1 1		1	Суроо-жооп
4	1. Муун. Муундун түрлөрү 2. Басым. 3. Орфорграфиянын жана орфоэпиянын негизги принциптери жана эрежелери 4. Акындар поэзиясы	1	4	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп
5	1. Лексика жана лексикология 2. Сөз жана түшүнүк. 3. Сөздүн лексикалык жана грамматикалык мааниси 4. Замана агымынын өкүлдөрү; Калыгул Бай уулу	1	5	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп
6	1. Кыргыз лексикасынын тарыхый жактан калыптанышы 2.Бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр 3. Сөздүн тике жана өтмө мааниси 4. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү жана чыгармачылыгы	1	6	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп

7	1. Синонимдер 2. Омонимдер 3. Антонимдер 4. Жазгыч акындар. Молдо Кылычтын “Чүй баяны” чыгармасы	1	7	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп
8	1. Кесиптик лексика. 2. Терминдер 3. Кыргыз лексикасынын колдонулуш чөйрөсүнө карай бөлүнүшү 4. Тоголок Молдонун өмүрү жана чыгармачылыгы	1	8	1 1 1 1	1 1	1 1	Суроо-жооп
9	1. Эскирген сөздөр 2. Неологизмдер	1	9	1 1			Текшерүү иши Суроо-жооп
	Бардыгы: кыргыз тили адабияты	1	9	34 26 8	 6 3	 4 3	
	Модуль 2						
10	**1.**Сырдык сөздөр 2.Кызматчы сөздөр 3. Морфологиялык талдоо 4. Ч.Айтматов “Кылым карытаар бир күн”	1	10	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп
11	1.Синтаксис 2. Сөз айкашы жана анын түрлөрү 3. Сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн байланышуу жолдору. Байланыштын түрлөрү 4. Тарыхый роман. Т.Касымбековдун чыгармачылыгы	1	11	1 1 1 1	 1	1	Суроо-жооп
12	1. Сүйлөм жана анын негизги белгилери 2.Сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү 3. Жөнөкөй сүйлөм 4. Ж. Бөкөнбаев “Чептен эрдин күчү бек” чыгармасын окуу менен патриоттуулукка тарбиялоо	1	12	1 1 1 1	1	 1	Суроо-жооп
13	1. Бир тутумдуу жана сүйлөм 2. Эки тутумдуу сүйлөм жана анын түрлөрү 3. Сүйлөм мүчөлөрү 4. Т.Сыдыкбеков адабият айдыңында	1	13	1 1 1 1	1	 1	Суроо-жооп

14	1.Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү 2. Сүйлөмдүн ээси 3. Баяндооч 4.Алыкул Осмонов жана котормочулук өнөрү	1	14	1 1 1 1	 1		Суроо-жооп
15	1. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү 2. Аныктооч 3. Толуктооч 4. Кыргыз драматургиясы. Т. Абдумомунов “Абийир кечирбейт”	1	15	1 1 1 1	1		Суроо-жооп
16	1. Бышыктооч жана анын түрлөрү 2. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү 3. Грамматикалык категориялар 4. Мар Байжиевдин өмүрү жана чыгармачылыгы	1	16	1 1 1 1	1		Суроо-жооп
17	1. Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр 2. Каратма сөз. Киринди сөз 3. Синтаксистик талдоого карата конүгүүлөр 4. Р.Шүкүрбеков. М.Алыбаев	1	17	1 1 1 1	1 1		Суроо жооп
18	1. Текшерүү иши. 2. Өтүлгөндөрдү кайталоо		18	1 1	1		Текшерүү иши
	Бардыгы: кыргыз тили адабияты			 34 17 68	 12 6 18	 6 5 11	
	Модуль 2						
19	1. Татаал сүйлөм 2. Тең байланыштагы татаал сүйлөм. 3.Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм 4. Мукай Элебаев “Узак жол” повести	2	19	1 1 1 1	1		Суроо-жооп
20	1. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү 2. Мезгил багыныңкы сүйлөм 3. Шарттуу багыныңкы сүйлөм 4. Лиро-эпикалык жанр. С.Эралиев “Ак-Мөөр” поэмасы	2	20	1 1 1 1	 1	1	Суроо-жооп

21	1. Карама каршы багыныңкы сүйлөм 2. Себеп, максат багыныңкы сүйлөм 3. Салыштырма, сыпат багыныңкы сүйлөм 4. Соңку кыргыз профессионал адабияты, анын өзгөчөлүгү	2	21	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп
22	1. Орун багыныңкы сүйлөм 2. Өлчөм багынынкы сүйлөм 3. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм 4. К.Жусупов. “Ыр сабындагы өмүр”	2	22	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп
23	1. Аралаш багыныңкылуу татаал сүйлөм 2.Төл жана бөтөн сөз 3. Синтаксистик талдоо 4. Ө. Данекеевдин өмүрү жана чыгармачылыгы	2	23	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп
24	1.Кептин стилдери 2.Оозеки стиль 3. Көркөм стиль 4. М.Абылкасымованын адабияттагы орду.	2	24	1 1 1	1	1	Суроо-жооп
25	1. Публицистикалык стиль 2. Илимий стиль 3. Доклад, реферат жазуу 4. Шайлообек Дүйшеев жана поэзия	2	25	1 1 1 1	1	1	Суроо-жооп
26	1. Иш кагаздар стили. Расмий жана расмий эмес иш кагаздары 2. Иш кагаздары менен иштөө 3. Студенттердин билимдерин системалаштыруу. 4. Өтүлгөндөрдү кайталоо	2	26	1 1 1 1	1		Суроо-жооп
27	1.Кайталоо, 2. Текшерүү, жыйынтыктоо	2	27	1	1	1	Суроо-жооп

				1			
	Бардыгы: кыргыз тили адабияты	1	9	34 26 8	 6 3	 4 3	
28	1. Татаал сүйлөм 2. Тең байланыштагы татаал сүйлөм. 3.Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм 4. Мукай Элебаев “Узак жол” повести	2	28	1 1 1 1	 1		Суроо-жооп
29	1. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү 2. Мезгил багыныңкы сүйлөм 3. Шарттуу багыныңкы сүйлөм 4. Лиро-эпикалык жанр. С.Эралиев “Ак-Мөөр” поэмасы	2	29	1 1 1 1	 1		Суроо-жооп Дискуссия
30	1. Карама каршы багыныңкы сүйлөм 2. Себеп, максат багыныңкы сүйлөм 3. Салыштырма, сыпат багыныңкы сүйлөм 4. Соңку кыргыз профессионал адабияты, анын өзгөчөлүгү	2	30	1 1 1 1			Суроо-жооп
31	1. Орун багыныңкы сүйлөм 2. Өлчөм багынынкы сүйлөм 3. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм 4. К.Жусупов. “Ыр сабындагы өмүр”	2	31	1 1 1 1			Суроо-жооп
32	1. Аралаш багыныңкылуу татаал сүйлөм 2.Төл жана бөтөн сөз 3. Синтаксистик талдоо 4. Ө. Данекеевдин өмүрү жана чыгармачылыгы	2	32	1 1 1 1			Суроо-жооп
33	1.Кептин стилдери 2.Оозеки стиль 3. Көркөм стиль 4. М.Абылкасымованын адабияттагы орду.	2	33	1 1 1 1			Суроо-жооп Дебат

34	1. Публицистикалык стиль 2. Илимий стиль 3. Доклад, реферат жазуу 4. Шайлообек Дүйшеев жана поэзия	2	34	1 1 1 1			Суроо-жооп
	1. Иш кагаздар стили. Расмий жана расмий эмес иш кагаздары 2. Иш кагаздары менен иштөө 3. Студенттердин билимдерин системалаштыруу. 4. Өтүлгөндөрдү кайталоо			1 1 1 1 1 1			
	1.Кайталоо, 2. Текшерүү, жыйынтыктоо			136 102 34	36	24	
	кыргыз тили адабияты **Бардыгы:**			51 17 68	12 6 18	6 5 11	
	Бардыгы:						

3.Кыргыз тили дисциплинасынын (модулдардын) мазмуну

№	Кыргыз тили дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн аталышы	Кыскача мазмуну
1	Фонетика. Кыргыз адабий тили-Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили.	1.1.Предмет жана адабий тил тууралуу түшүнүк. 1.2. Дисциплинанын максаты жана милдеттери 1.3. Фонетика жөнүндө түшүнүк фонетикалык принциптер
2	Орфография.	2.1.Үндүүлөрдүн катар келиши. Созулма үндүүлөр. 2.2. Үнсүздөрдүн бөлүнүшү 2.3. Үндүүлөрдүн жана үнсүздөрдүн уңгуга уланыш эрежелери. 2.4. Көнүгүүлөр. Өмүр баян.
3	Лексика бөлүмү. Лексикология, лексикография	3.1. Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү. 3.2. Синонимдер. Антонимдер. 3.3. Поронимдер. Омонимдер. 3.4. Активдүү жана пассивдүү лексика 3.5. Тексттер менен иштөө Бул бөлүмдө студент:
4	Морфология. Сөз жасоо. Сөз куроо	4.1. Сөз тутуму, категориялары 4.2.Сөз жасоо 4.3. ь жана ъ белгилерин колдонуу эрежелери 4.3. Көнүгүү иштөө. Кесибимдин коомдогу орду темасында баарлашуу

5	Фразеология.	5.1. Фразеология боюнча жалпы маалымат 5.2. Кепте орундуу колдонуу 5.3. Макал-ылкаптардан айырмачылыгы 5.4. Жат жазуу
6	Кыргыз тилинин түрк тилдеринин ичинен алган орду	6.1 Түрк тили жана анын ролу 6.2. Менин жумушчу күнүм 6.3. Менин жумушчу неделям 6.4. Көнүгүүлөр иштөө
7	Синтаксис.	7.1. Сөз айкашы. Сүйөмдүн түрлөрү. 7.2. Сүйлөмдүн классификациясы 7.3. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өрун тартиби 7.4. Көнүгүүлөр.
8	Сөз түркүмдөрү	8.1. Морфология.Сөздөрдүн сүйлөм тизмегинде аткарган функционалдык кызматтары. 8.2. Текст мене иштөө. 8.3. Уланды жана куранды мүчөлөр менен иштөө
9	Сын атоочтун тактоочтордон айырмачылыгы	9.1. Берилген көнугүүлөр менен иштөө 9.2. “Күн сайын адам болуу” темасындагы текст менен иштөө 9.3. Жат жазуу
10	Портрет. Адамдын ички жана сырткы дүйнөсү	10.1. Ч.А. Орозкулдун портрети 10.2. К.Баялинов “Ажар” портрети 10.3. Синквейн түзүү 10.4. Көнүгүүлөр иштөө
11	Соз остуруу	11.1. Мекеним – Кыргызстан темасында андагы мыйзамдуулук жана жетишкендиктери тууралуу баарлашуу 11.2. Кошумча адабияттар менен иштөөгө калыптандыруу. 11.3. Кыргызстандын сыймыгы тууралуу маек куруу 11.4. Синквейн түзүү
12	Этиш. Этиштин өзгөчө формалары	12.1. Атоочтуктар. Чакчылдар. 12.2. Чакчылдарды уюштуруу 12.3.Атоочтуктар жана чакчылдардын мааниси 12.4. Коногуулор иштоо
13	Тактоочтор	13.1. Тактоочтун мааниси 13.2. Тактоочтрдун түзүлүшү 13.3 Көнүгүүлөр иштөө
14	Синтаксис	14.1. Синтаксистик конструкция 14.2. Предикативдик мамиле 14.3. Көнүгүүлөр иштөө
15	Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби	15.1. Сүйлөмгө аналитикалык талдоо жүргүзүү 15.2.
16	Кызматчы сөз түркүмдөрү	14.1. Кызматчы сөз түркүмдөрүнүн мааниси 14.2. Жандоочтор жана анын мааниси 14.3. Көнүгүүлөр иштөө

Базалык адабияттар:

1.Осмонкулов А., Умоталиева Т. Кыргыз тили : 1чи болук .- Б.:Наука и образ,2000.- 272б.

2. Осмонкулов А. Кыргыз тили : 2-чи болук .- Б.:Наука и образ,2000.- 290 б.
3. Жусаев Ж.,ж.б. Кыргыз тили : Учебник для рус.групп вузов страны и самостоятельно изучающих гос.язык КР /Ж.Жусаев и др.-Б.:Мектеп,2000.- 520с.
4. Биялиев А . и др, Кыргыз тили: Учебник для русских групп вузов страны.- Б.:Шам,2002.320с.
5. Дыйканов К . Кыргыз тилим -тагдырым.-Б.,2002.-404б. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери(жалпы редакциясы).: Мам.тил ж/а энциклопед. Борбору,2002.-32б.

4. Сабактардын конспектиси (калган материалдар тиркемеде)

СИНТАКСИС

Синтаксис-грамматиканын ажырагыс бөлүгү. Тилдин синтаксис бөлүмү ***сөз айкашынын синтаксиси, жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси жана татаал сүйлөмдүн синтаксиси*** деген бөлүктөрдү өз ичине камтыйт.

Тилдин синтаксис бөлүмүндө сүйлөм теориясы башкы орунду ээлейт.

Сөз айкашы

Сөз айкашы маани берүүчү негизги сөздөрдөн уюшулат. Сөз өз алдынча туруп кандайдыр бир түшүнүктү бергени менен пикирди билдире албайт. Сөз сүйлөмгө курулуш материал болуп келет. Ар бир сөз түрдүү семантикалык жана структуралык асиеттерге ээ, аларга негиз болуп сөз түркүмдөрү келет. Сөз түркүмдөрү сүйлөм тизмегинде тигил же бул синтаксистик категория катары кызмат кылат. Сөздөрдүн айкашуусу функционалдык кызматына жана структуралык түзүлүшүнө карай үч синтаксистик структурадан турат: 1) сөз айкашы; 2) сүйлөм; 3) аналитикалык форма.

Сөз айкашы жана аналитикалык форма сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү катары атоо функциясындагы түшүнүктөр (номинативдик). Сөз айкашы деле, аналитикалык форма деле эки же андан көп сөздөрдөн туруп, бирок алар коммуникативдик бирдик боло албайт б.а. алар кабарлоо, ойду билдирүү функциясын аткарбайт сөз сыяктуу сүйлөмгө курулуш материал гана боло алат.

Мисалы: *кызыл алма, тунук суу – сөз айкашы, атам жөнүндө, үйдү көздөй – деген сөз айкаштары аналитикалык форма.*

Сөз айкаштары бири-бири менен синтаксистик жагынан байланышып келип, сүйлөмдөрдү уюштурат жана эркин сөз айкаштарынын ар бир компоненти өзүнчө сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарат.

Мисалы: *Асыл тукум жылкыларды көрүп эле жүрбөйбүзбү. Болжогон жерге он кадамча калды.*

Мындагы “**асыл тукум”, “он кадамча”** деген сөз айкаштары аныктоочтук жана бышыктоочтук милдетти аткарып турушат.

Сөз айкаштары дайыма сүйлөмдүн тутумунда жана сүйлөм аркылуу гана байланыштыруучу (коммуникативдик) функцияны аткара алат. Бир эле сөз кээде сүйлөмдүк маанини берип калган сыяктуу, айрым сөз айкаштары да “кабар берүүчү интонация” менен жабдылганда сүйлөмдүк маанини берип калат. **Мисалы:** *Интернаттын клубу. Клубдун ичи кызыл-тазыл.*

Бир катар сөз айкаштары китеп, газета, журналдардын, макалдардын аттары катары келгенде, сөз сыяктанып, бир нерсени атоо маанисин да берип калат. **Мисалы:** “Биздин замандын кишилери”, “Атанын тагдыры”, “Алкоого татыктуулар”, “Малчыларга жардам” ж.б.

Сүйлөм. Сүйлөм – грамматикалык жактан уюшулган, бүткөн бир ойду билдирген сөз же сөздөрдүн айкалышкан тутуму.

Мисалы*: Түн. Айлана жымжырт. Асманда жылдыздар жымыңдашат.*

Сүйлөмдүн грамматикалык структурасы.

Сүйлөмдө бир синтаксистик категориялар сүйлөмдүн негизин, уюткусун, борборун түзсө (баш мүчөлөр), экинчилери сүйлөмдө баш мүчөлөр менен бирдикте колдонулуп келип гана синтаксистик кызмат аткарышат.

Демек сүйлөмдөр баш жана айкындооч мүчөлөрдөн туруп, айтылуучу ойдун материалдык негизин түзүшөт. Сүйлөмгө сүйлөм мүчөлөрү менен кошо сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр да катышат (каратма сөз, сырдык сөз, киринди сөз). Мына ушул синтксистик категориялардын бардыгы биригип келип, сүйлөмдүн грамматикалык структурасын түзөт.

Сүйлөмдүн грамматикалык структурасы:

Сүйлөм мүчөлөрү:

баш мүчө: айкындооч мүчө:

(ээ жана баяндооч) (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) *Баш мүчөлөр сүйлөмдүн негизин түзөт. Айкындооч мүчөлөр өз алдынча туруп мааниге ээ боло алышпайт, алар сүйлөмгө кошумча маани берип, аныктап, толуктап, бышыктап турушат.*

1-тапшырма:

Сүйлөмдү грамматикалык түзүлүшүнө карай ажыратып, талдоо жүргүз.

1. Ушундай ой менен Чаргын районго жөнөдү. 2. Жылкычылар быйыл Кең-Колду жайлашат көрүнөт. 3. Сен капа болбочу, Алтынай. 4. Тиги келаткандар кимдер экен? 5. Кызылдар Көр Шерматты биротоло талкалады. 6. Үчүнчүсү – алтымыштан ашып калган аял. 7. Тапкан эне эмес, баккан эне – дешет элибизде. 8. Окууну аяктагандардын көпчүлүгү бизди канааттандырбайт. 9. Ала карга, кара чыйырчык, көк каргалар келгин куштарга кирет. 10. Үчөө – биздикилерден.

2-тапшырма: “Менин шаарым” темасында РАФТ ыкмасы менен иштегиле.

3-тапшырма: Төмөнкү сөз жана сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө.

Окуу жай, эч ким, биринчи, жолугушуу – толуктооч катары;

Бул, эмгектенүү, алар, коркок - аныктооч катары;

Жооп алуу, жайды-жайлап, айыл, кылым – бышыкточ катары.

4-тапшырма: Төмөнкү сөздөрдү маанилеш сөздөр менен алмаштыргыла:

Ымыркай, ар бир аттын, кадыр-барктуу, ат коюу, азем, айылдаш, кубныч, ызат, коргоо, сулуу, өзгөчө, колдоо, адептүүлүк.

5-тапшырма: Тексттен сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн таап,сүйлөм түзүлүшү боюнча ажыратып бергиле.

Кыргыздын сары алтыны

Кыргызстанда 1920-жылдардан баштап, союзга кеңири таанымал болгон тамеки өстүрүү иштери жолго коюлган. 1986-жылы республикада 76 миң тонна тамеки жалбырагы өндүрүлүп, эң жогорку көрсөткүчтү камсыз кылган. Союздункыйрашы менен Кыргызстандагы тамеки өндүрүү тармагынын абалы өтө начарлап, 1995-жылы эң төмөнкү көрсөткүч 17 миң тоннаны түзүп, баасы 2, 3 сомго түшкөн. Тамеки тартуу адамдын ден соолугуна канчалык зыян келтиргени менен бул өндүрүш тармактары биздин шартта Өкмөттүк казынага киреше түшүргөн негизги булак болуп саналат. Тамекиге болгон адамдардын керектөөсү Ата Мекендик өндүрүштөрдүн төмөндөп кетиши менен эч качан чектелбейт. Ал керектөө сырттан ташылып келинген чылымдар менен канааттандырылып, алып сатарлардын гана капчыгын толтурат.

1996-жылы 2-майда тамекини жана тамеки буюмдарын өнүктүрүүнү жөнгө салуу максатында Өкмөт тарабынан Указ чыгарылып “Кыргыз тамекиси” мамлекеттик акционердик корпорациясы түзүлгөн.

Сүйлөмдүн жалпы классификациясы.

Сүйлөмдөр түзүлүшү жана айтылыш максаты боюнча бир нече багытта классификацияланат.

1. Сүйлөм маани өзгөчөлүктөрүнө, айтылыш максатына карай жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөр болуп бөлүнөт.
2. Структуралык жактан тутумуна карай жөнөкөй жана татаал сүйлөм болуп бөлүнөт.
3. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн катышына карай бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөргө бөлүнөт.
4. Баш мүчөгө айкындооч мүчөлөрүнүн катышына карай жалаң жана жайылма сүйлөмгө ажыратылат.
5. Сүйлөм мүчөлөрүнүн катышына карай тоук жана кемтик сүйлөм деп экиге бөлүнөт.

Сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү.

Тилдик пикир алышууда сүйлөөчүнүн ар түрдүү максатын көздөгөн пикир алышуулар жүргүзүлөт. Ал турмушта болгон ар кандай кырдаалдардын чагылдырылышы, кандайдыр бир окуянын баяндалышы, угуучуга суроонун берилиши, буйрук, өтүнүч, ар түрдүү эмоцияны билдирүүчү сезимдер болушу мүмкүн. Мына ушундан улам сүйлөмдөр айтылыш максатына карай: *<u>жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, буйрук жана илептүү сүйлөмдөр</u>* деп бөлүнүшөт.

ЖАЙ СҮЙЛӨМ

Түрмушта болгон ар түрдүү окуялар, кубулуштар, көрүнүштөр ж.б. жөнүндө кабарлоо иретинде айтылган сүйлөмдөр *<u>жай сүйлөм</u>* деп аталат. Жай сүйлөмдүн аягына дайыма чекит коюлат. Жай сүйлөмдөр үчүн өзгөчө баяндоо интонациясы мүнөздүү. Сүйлөмдүн маанилүү бир нерсе үчүн кабар берген бөлүгү өзгөчөлөнүп көтөрүңкү үн менен айтылат да аягы акырындык менен үн басаңдап барып аяктайт. Жай сүйлөмдүн структуралык түзүлүшү да ар түрдүү болот. Ал тилибизде бир тутумдуу жана эки тутумдуу, жалаң жана жайылма сүйлөмдөр, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр түрүндө кездешет.

Мисалы: *Текшерүүчүлөр окуу жайларды көздөй бет алышты. Жумуштун камын көрүш кекрек. Түн. Айлана көөдөй караңгы. Июнь айы. Жемиштер бышка учур. Аселдин келишимдүү мүчөсү өзүнө жарашып турат. Уулумдун аскерге кетерине көзүм жетип эле жүргөн, ошентсе да ал кабарды укканда муунум бошой түштү (Ч.А.).*

Жай сүйлөмдүн да туюндурган мааниси өтө бай жана ар түркүн. **Мисалы:**

1. **Бир нерсенин, кыймыл аракеттин, абалын баяндайт, бул учурда баяндоочу баяндагыч ыңгайда айтылат (келер чак, өткөн чак, учур чак); же абалды билдирүүчү сөздөрдөн болот.** *Төмөнкү белестен беш-алты киши атчан чыгышты. Айылдын четинен суу агызчу өстөн казабыз. Ал кадимки бийчи катары чимирилип бийлеп кирди. Ажар көзүнүн жашын мөндүрдөй төгүп жиберди. Мемиреп табияттын көрүнүшү бөтөнчө тынчтыкта.*
2. **Сүйлөмдө кабар берилген нерсенин сыпаттык, сандык белгисин көрсөтөт:** *Сапсары алтындай үйүлгөн дан эгиндери алтын колдуу эмгекчилердин колунан чыкты. Жыйылган эл кызуу, толкундуу. Аба ысык, күн ачык. Конкурска катышкан студенттердин саны 100 гө жакын. Отуз адам 1-турга тандалып алынды.*
3. **Каалоо, тилек, бир нерсени шарттаган, болжолдогон күмөн санаган маанилерин билгизген сүйлөмдөр:** *Эртең студенттердин суроо талаптарын канаттандыруу үчүн ректорго барайын. Анан кийин алар ишеничти актагай эле. Мен эртең керектүү материалдарга бармакчымын. Бардык суроо талаптарга жооп берсең, олимпиадага катышасың. Апаңдын айткандарын аткарсаң, ак сүтүн актай аласың. Ал бүгүн үйүндө*

болуу керек. Эжеси аны түшүндү окшойт. Балким ал жерде орун да жоктур. Эгер мындан өтпөсө ал сөзсүз ызаланат.

4. **Мындан сырткары түз орун тартиби менен жайгашкан сүйлөмдөр.** Мында сүйлөм ичиндеги сөздөр түз орун тартибинде жайланышып, ээси баяндоочтон мурда, айкындоочу аныкталып турган сөздөрдөн мурун, толуктоочу аны башкарган этиштик баяндоочтон мурда орун алат. Айрым учурда стилдин талабына ылайык, ыр түрүндө жазылган учурларда уйкаштыкты сактоо үчүн орду өзгөрүлүп колдонулушу мүмкүн. Бирок, жай сүйлөмгө мүнөздүү болгон баяндоо мазмуну жана бир калыптагы баяндоо интонациясы өзгөрүлүп кетпейт, жөн гана орду алмашылган сөздөрдүн бири логикалык басым менен айтылат.

   Мисалы: *Эми энем урат мени. Ушул Максаттын кылыгы өттү. Ырас эле алдынан тосуп чыкты бууданды. Аңгыча бир караан шоп этип чыга келди аркы бурулуштан.*

1-тапшырма: Жогоруда көрсөтүлгөндөй жай сүйлөмдөрдүн маанилерине карата сүйлөмдөр түзүү менен он мүнөттүк эссе жазгыла.

2-тапшырма: Тема боюнча изилдөөнү өткөрүү ыкмасын чагылдырууга карата Б/Б/Б (**Билем – Билгим келет – Билдим)** таблицасын толтуруу.

1. Биринчи тилкеге тема боюнча билген маалыматтарын жазуу.
2. Экинчи тилкеге тема боюнча пайда болгон кошумча сүроолорду жазуу.
3. Тексттерди окуу жана тилдкедеги сүроолордун жообун ошондой эле жаңы билген маалыматтарды жазуу.

Кайра пайда болгон сүроолор болсо төмөн жагына жазуу.

Кошумча адабияттардан сүроолорго жооп жазуу.

Билем	Билгим келет	Билдим
Тема боюнча билген маа-лыматтардын бардыгы жазы-лат.	Тема менен иштөө учу-рунда пайда болгон сүрөо-лор жазылат. Тема өтүлгөндөн кийинки пайда болгон сүроолорду жазуу.	Сүроолордун жооптору жана жаңы билген маа-лыматтар жазылат.

3-тапшырма: Текст менен иштөө. Текстти көркөм, интонация менен окуп чыккыла Тексттен жөнөкөй сүйлөмдөрдү таап, алар кандай мааниде колдонулгандыгын айтып бергиле..

КЫРГЫЗСТАНДЫН БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ

Базар экономикасынын шартында Кыргызстандын өнүгүш багыты бүгүнкүсү менен келечеги кандай болушу мүмкүн экендиги Улуттар Уюмунун өнүктүрүү программасынын көмөгү менен чыгарылган эмгекте кенен кесир баяндалган. Белгилүү адистер тарабынан жазылган экономикалык иликтөөлөрүндө Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүнө баалар берилген. Бул ишке үч тараптан: Жогорку Кеңештен, өкмөттөн, бейөкмөт уюмдардан өкүлдөр тартылды. Мындайча айтканда, ортодогу көз караш чагылдырылды. Изилддөөчүлөрдүн айткандарына караганда Кыргызстандын экономикасы эки урунттуу учурду башынан кечирди. Анын биринчиси 1991-жылдан 1995-жылга чейинки мезгилди камтыйт. Бул учурда социалисттик чарбалардын ич ара байланыштары үзүлүп, Кыргызстан толгон токой экономикалык көйгөйлөрдүн төө бастысында калган. 1995-жылы Кыргызстанда өндүрүштүн кедеринен

кетүүсү жетер чегине жетип, ички дүң продуктунун көлөмү 1990-жылга салыштырмалуу 50 пайыздан ашуун төмөн түшкөн. 1996-жылдан тарта экономикалык жандануунун айрым белгилери көрүнө баштаган. Бул мезгилде инфляция деңгээли кыйла төмөндөгөн. 1996-жылдан 2002-жылга чейин ички дүң продукциянын жылдык орточо өсүшү 5 пайызды түзгөн.

Биздин жаныбызда экономикасы ыкчам өнүгүп бара жаткан коңшу өлкөлөр – Казакстан менен Кытай турат. Башкаларга караганда бул эки өлкө менен соода жакшы өнүгүүдө. Мындай мүмкүнчүлүктү биздин өлкө болушунча өз пайдасына иштетүүсү зарыл. Кыргызстандан сыртка товар ташып чыгарууну өкмөт өзгөчө колдошу керек. Япондор ийгилик жаратыш үчүн миң кадам жасоо керек дешет экен. Бизде деле кыйла итер жасалды, кыйла кадамдар таштaлды. Бирок, болгон кызыкчылык элдин жыргалчылыгы үчүн сарпталбай бир кишинин чөнтөгүнө чогулгандыгы баарыбызга маалым. Кыргызстандын экономикалык өнүгүшүнүн келечегин кыйла күңүрт кылган жагдайлар да бир топ. Алардын ичинен эң опурталы – өлкөнүн олчойгон тышкы карызы, чоң үмүт арттырган алтындын запасынын азайып баратышы, энергетика секторунун оңоло албай жатышы, бюрократиялык тоскоолдуктардын арбып баратышы ж.б.

Сыртка товар чыгаруу, базарда өтүмдүү буюмдарды арбытуу менен Кыргызстан ылдам өнүгүп бараткан кошуналарынан калбай, алдыга кете алабы, же алардын чаңында клып, кедей өлкөлөрдүн тизмесинен чыга албай кала береби муну мезгил көрсөтөт.

5-тапшырма: Мээге чабуул оюну. “Биринчи ачылыштар” маалыматтарын топтогула.
Мисалы: Лифтти ким ойлоп тапкан? ж.б.

СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ

Сүйлөөчүнү кызыктырган ар түрдүү нерселер жөнүндө угуучунун ой-пикирин билүү максатында айтылган суроо маанисиндеги сүйлөм *сурoолуу* сүйлөм деп аталат.

Суроолуу сүйлөмдөр өзгөчө интонацияга ээ. Суроо маанисиндеги сөз башка сөздөргө караганда көтөрүңкү мааниде айтылат: **Мисалы:** *Анын минтээрин **ким** билиптир? Сен аны билесиңби? Табияттын кырсыгы деген **эмне**? Бектурган чыныгы жашоодо барбы, бар болсо **кайда** олтурат? (А.Т.).*

Ошондой эле логикалык басым түшкөн сөздөр да көтөрүңкү үн менен айтылат: *Чогулушка **малчылар** да барабы? Бул жерден **булак** чыгабы?*

Суроолуу сүйлөмдөрдү уюштуруучу негизги лексика-грамматикалык каражаттаргатөмөндөгүдөгүлөр кирет:

1.Суроолуу сүйлөмдөр көбүнчө сурама ат атоочтордун жардамы менен уюшулат.
А) Ким, эмне деген сурама ат атоочтордун жардамы менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөр кандайдыр бир заттын, ар түрдүү абалдын аталышын тактоо максатында айтылат.

Мислы: *А) жогорку сотту ким шайлайт? Алыстан болор-болбос көрүнгөн эмне? А сен өзүң кимден үйрөндүң? Салый сенин колуң эмне болгон?*

Б) Кандай, кайсы, канчанчы, неченчи деген ат атоочтордун катышы менен сурамжылоо иретинде уюшулган суроолуу сүйлөмдөр:

Мисалы: *Атаке апамды кайсы жерге көмдүңөр? Алыскы кыштоолорго канча киши жөнөтүлдү? Султан кандай иштеп жүрөт? Силердин үйүңөр неченчи кабатта?*

В) Айтуучу үчүн белгисиз болгон ар түрдүү кырдаал тууралуу сурап билүүчү сүйлөмдөр(мезгил, орун, максат, себеп) *качан, кайда, кайдан, кантип, эмнеге, эмне үчүн деген сурама ат атоочтордун жардамы менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөр:*

Мисалы: *Анын атасы кайда иштейт? Ушунчалык иште кантип бүтүрдүңөр? Башында эмне үчүн ойлонбодуң? Силер качан көчүп келесиңер? Аны кайдан жолуктурдуң? Эмнеге бул жөнүндө мага айтпадың?*

Г) Сүроолуу сүйлөмдүн баш жагына *"эмне"* ат атоочу кошулса, сүйлөмдүн сүроолуу маанисин күчөтүп, ага бир аз кекетүү маанисин кошумчалайт.

Мисалы: *Эмне, мени билбей калат дединби? А эмне, өздөрү келе алышпайт бекен? Эмне, башкалар алып жатканда, ал алса болбойт бекен?*

1. Сүроолуу сүйлөмдөрдү уюштурууда суроо уландысы -***бы*** активдүү катышат.

Мисалы: *Айылга жөнөгөнү жатасыңарбы? Апама кабарладыңарбы? Студенттер толук келиштиби? Силер барбайсыңарбы? Апама айттыңарбы? Келдиңби?*

Сүроолуу сүйлөмдөн кийин сурама –***ыя*** бөлүкчөсү келип, анын сүроолуу маанисин дагы тактап, күчөтүп көрсөтөт. Бул бөлүкчө кээде сүйлөмдүн башына келип, анын ички маанисине карай кекээрлеп-суроо маанисин берет.

Мисалы: *Ыя, сен кайсы элчи элең? Ыя, качантан бери билимдүү болуп калдың? Андайлар сенин шакиртиң болбойбу, ыя? Айткан сөз кулагыңа кирбейби, ыя? Ыя, кайсы Иманбайсың?*

2. **Ээ**- бөлүкчөсүнүн катышуусу менен уюшулган сүроолуу сүйлөм:

Мисалы: Кызык, ушундай да адам болот экен ээ? Бардыгын ага шылтаганы турасың ээ?

3. Күмөндүү - ***го*** бөлүкчөсүнүн, өтүнүү, сурануу маанисинин - ***чы*** мүчөсүнүн жардамы менен да сүроолуу сүйлөмдөр уюшулат:

Мисалы: Чамасы, небереси болосуң го? Көзүңөр курчуңар жакшылап байкагылачы? Асандын небересичи? Баягычы, бизге келди эле го?

4. **Бейм, беле, бекен, бы**- жардамчы сөздөрү да сүроолуу сүйлөмдөрдү уюштурат:

Мисалы: Кабылдын энеси дүйнөдөн өтүп кеткен бейм? А өзүнө тиешелүү буюмдарын алды беле? Бүгүн тапшырмасы бар бекен? Силер тооого чыгасыңарбы? Кыргыз тили мугалими Арсен ушул эмеспи?

Ушул эле **–бы, беле, бекен** деген суроону билдирүүчү сөздөр интонацияга байланыштуу жай эле мааниде да колдонулуп калышы мүмкүн .

Мисалы: *Жамандык жерге жатарбы. Булардын келерин билбей калбадымбы. Көңүлүм тынчый түшпөдүбү. Мындай кылганың болоу. Алар келер бекен. Эрдигим укум-тукумга дастан экени төгүнбү. Ит эмнеге үрбөйт, түшкө эмнелер кирбейт. Душман не дебейт.*

Сүроолуу сүйлөмдөрдү уюштурууда интонация чоң роль ойнойт.

Мисалы:

- *Бакыт мында?*
- *Ооба, келгенине беш күн болду. Азат да.*
- *Азат?*
- *Ооба Азат дагы.*
-

Тапшырма: Текстти пайдаланып диалог түзгүлө. Жаңы сөздөргө глоссарий жасагыла.

КЫРГЫЗСТАНДЫН СУУ БАЙЛЫГЫ ЖАНА АНЫН ЭКОНОМИКАНЫН ӨНҮГҮШҮНДӨГҮ РОЛУ

Кыргызстан Борбордук Азиядагы көз карандысыз мамлекет катары өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша Россия, Индия, Турция, Афганистан, Казакстан,өзбекстан, таджикстан, Түркмөнстан менен экономикалык байланыштарды түзүүдө. Бул Кыргыз Республикасынын суу жана энергия ресурстарын пайдаланууусуна таасирин тийгизбей койбойт. Кыргызстан суу жана энергия ресурстарынын мол запастарына ээ. Бул ресурстарга көп өлкөлөрдө муктаждык бар.

Ошондуктан бир катар долбоорлорду камтыган программаларды түзүүдө, бир нече мамлекеттер чоң инвестицияларды бул тармакка салууга даяр. Мисалы: Россия суу жана энергетика тармагына эки млрд АКШ долларын инвестициялоого даяр болуп турат.

Чет өлкөлөр кызыгып жаткан суу жана энергетика байлыгыбызды туура пайдаланып колдонсо, өлкөнүн экономикасы бир топ өйдөлөмөк. Ал түгүл бул боюнча Т. Усубалиевдин суу боюнча мыйзамы да жазылган. Андан сырткары СПЕКА программасынын эксперти Э. Оролбаевдин Борбордук Азия боюнча суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу тууралуу программасы бар.

Тапшырма: Үйдөн иштөө. РАФТ – "Роль-Аудитория-Форма-тема" –студенттердин чыгармачыл жазма иштеринин бир түрү.

1. **Роль** – текст кимдин атынан түзүлөт? Кимдин ролун аткарат? (студент, турист,президент, атуул, жазуучу).
2. **Аудитория** – сөзүбүз кимге айтылат? Кайсы дарекке багыттайбыз? Кимге кайрылабыз? (мекендештерибизге, досторго, ата-энеге, кошунага).

3.Форма – кандай, кайсы формада сүйлөйбүз? Кандай сөздөрдү, айтылышты тандайбыз?(кайрылуу, кат, аңгеме, чакырык)

4.Тема – конкреттүү эмне жөнүндө сүйлөйбүз? Эмнени айткыбыз, билдиргибиз келет? Эссе жазуу.

5.Маалыматтык жана билим берүүчү технологиялар

1-семестр, 1-модуль

№	Кыргыз тили темалардын аталышы жана бөлүнүшү	Окутуу иштерини н түрлөрү	Калыптануучу компетенция - нын түрлөрү	Саат-тын саны	Маалыматтык жана билим берүү технологиялары
1	1.Тил жана улут. Кыргыз адабий тили-Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили. **2.** Кыргыз тилинин түрк тилдеринин ичинен алган орду 3. Кыргыз жазуусунун тарыхы **4.** Кыргыз адабияты жөнүндө маалымат. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылык.	*Оозеки суроо* *Дил баян*	ИК-8	1 1 1 1	Доклад, видеоролик дискуссия,интерактив дүү оюндар, интеллектуалдык таймаштар
2	1.Фонетика жөнүндө жалпы түшүнүк 2. Кыргыз тилинин тыбыштык системасы 3. Үндүү тыбыштар 4. Элдик оозеки чыгармачылыктын тектери жана жанрлары	*Жекече тапшырма*	ЖК-7	1 1 1	Доклад, тест, контролдук иш, дискуссия,интерактив дүү оюндар, интеллектуалдык таймаштар

3	1.Үндөштүк мыйзамы. сингармонизм 2. Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштар жана алардын классификациясы 3. Фонетикалык талдоого көнүгүү 4. Кыргыз эпостору	*суроо-жооп*	ЖК-7	1 1 1 1	Интерактивдүү оюндар. интеллектуалдык таймаштар, жазуу жумуштары
4	1. Муун. Муундун түрлөрү 2. Басым. 3. Орфорграфиянын жана орфоэпиянын негизги принциптери жана эрежелери 4. Акындар поэзиясы	*Бузулган тыбышта р оюну*	ИК-8	1 1 1 1	Текст б-ча интеллектуалдык таймаш уюштуруу, жазуу жумуштары
5	1. Лексика жана лексикология 2. Сөз жана түшүнүк. 3. Сөздүн лексикалык жана грамматикалык мааниси 4. Замана агымынын өкүлдөрү; Калыгул Бай уулу	*Оюн сабак Кызык экен тапкылачы*	ИК-8	1 1 1 1	Интерактивдүү оюн, интеллектуалдык таймаш, видеоролик
6	1. Кыргыз лексикасынын тарыхый жактан калыптанышы 2.Бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр 3. Сөздүн тике жана өтмө мааниси 4. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү жана чыгармачылыгы	*Жекече тапшырма , фонетикал ык талдоо*	КК–7	1 1 1 1	Видео матетериал колдонуу менен сабак өтүү, интернет булактары менен иштөө, интеллектуалдык таймаштар
7	1. Синонимдер 2. Омонимдер 3. Антонимдер 4. Жазгыч акындар. Молдо Кылычтын “Чүй баяны” чыгармасы	*Суроо жооп*	ЖК-7	1 1 1 1	Доклад, тест, контролдук иш, дискуссия,интерактивдүү оюндар, интеллектуалдык таймаштар
8	1. Кесиптик лексика. 2. Терминдер 3. Кыргыз лексикасынын колдонулуш чөйрөсүнө карай бөлүнүшү 4. Тоголок Молдонун өмүрү жана чыгармачылыгы	*Суроо жооп*	ИК-8	1 1 1 1	Доклад боюнча дискуссия, интеллектуалдык таймаштар
9	1. Эскирген сөздөр 2. Неологизмдер	*Лексикалы к талдоо*	ИК–4	1 1	Доклад, изилдөө жумуштарын электрондук почта аркылуу текшерүү, текст боюнча дискуссия уюштуруу
	1 семестр, 2 модуль				

10	1. Лексикография. Кыргыз лексикографиясынын калыптанышы 2. Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк 3. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин орду 4. Төкмө акындар. Ото Көкө уулу (Жеңижок)	*Жекече тапшырма*	ПК-1	1 1 1 1	Интеллектуалдык таймаш, текст боюнча дебатка даярдык
11	1. Сөз жасоо. 2. Сөз жасоонун жолдору 3. Уңгу, мүчө 4. Токтогул Сатылгановдун санат ырлары	*Суроо жооп, дил баян*	ОК-4	1 1 1 1	Докладды талкуулоо, дискуссия, конкреттүү ситуациялык жагдайлар түзүү, жооп издөө аркылуу таймашка чыгуу
12	1. Жөнөкөй жанатаал сөздөр 2. Кош сөздөр, кошмок сөздөр, кыскартылган сөздөр 3. Өтүлгөн темаларды кайталоо, талдоо 4. Кыргыз профессионал адабиятынын жаралышы	*Суроо жооп*	ИК–8	1 1 1 1	Көйгөйлүү лекция, Конкреттүү жагдайларды талкууга алуу
13	1. Грамматика жана анын бөлүмдөрү 2. Сөз түркүмдөрү жөнүндө маалымат 3. Зат атооч 4. Профессионал адабияттагы эпикалык тек	*Жекече тапшырма*	КК–7	1 1 1	Дискуссия, электрондук лекциялык курсту угуу менен талкууга чыгууга даярдоо
14	1. Сын атооч. Сын атоочтун даражалары 2. Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу 3. Сан атооч. Сан атоочтун маанилик топтору 4. К.Тыныстанов. “Жаңыл Мырза” поэмасы	*Жекече тапшырма*	ИК=3	1 1 1 1	Дискуссия, текст боюнча талкуулоо. Интернет аркылуу изилдөө ишин жүргүзүү
15	1. Ат атооч жана анын түрлөрү 2. Ат атоочтун жөндөлүшү 3. Этиш 4. А.Токомбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы	*Жазуу иши*	ОК-1	1 1 1 1	Дискуссия, интерактивдүү оюн, интеллектуалдык таймаш

16	1. Этиштин грамматикалык категориялары 2. Этиштин өзгөчө формалары 3. Атоочтуктар 4. Лирикалык тек. А.Осмоновдун поэзиялары	*Оозеки суроо*	ИК-8	1 1 1 1	Видеоматериал менен иштөө, талкууга чыгуу
17	1. Кыймыл атоочтуктар 2. Чакчылдар 3. Тактооч 4. Ч.Айтматов анын адабияттагы орду. “Жамийла” повести		ИК-8	1 1 1	Суроолорго жооп даярдоо, талкуу, тест б-ча иштөө
18	1.Тууранды сөз 2. Кайталоо	*Жазуу иши*	ОК-1	1 1	дискуссия,интерактив дүү оюн, интеллектуалдык таймаш
	2 семестр 1 модуль				
19	1. Лексикография. Кыргыз лексикографиясынын калыптанышы 2. Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк 3. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин орду 4. Төкмө акындар. Ото Көкө уулу (Жеңижок)	*Жазуу иши*	ИК-4	1 1 1 1	Аңгемелешүү, талкуулоо, консультация, интернет булактарынан материал кароо
20	1.Синтаксис 2. Сөз айкашы жана анын түрлөрү 3. Сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн байланышуу жолдору. Байланыштын түрлөрү 4. Тарыхый роман. Т.Касымбековдун чыгармачылыгы	*Суроо жооп таймаш*	ИК-3	1 1 1 1	контролдук иш, дискуссия,интерактив дүү оюндар, интеллектуалдык таймаштар
21	1. Сүйлөм жана анын негизги белгилери 2.Сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү 3. Жөнөкөй сүйлөм 4. Ж. Бөкөнбаев “Чептен эрдин күчү бек” чыгармасын окуу менен патриоттуулукка тарбиялоо	*Доклад*	КК-7	1 1 1 1	“Кейс стади” ыкмасы менен, көйгөйлүү жагдайларга жооп издөө

22	1. Бир тутумдуу жана сүйлөм 2. Эки тутумдуу сүйлөм жана анын түрлөрү 3. Сүйлөм мүчөлөрү 4. Т.Сыдыкбеков адабият айдыңында	*Жекече тапшырма*	ИК-8	1 1 1 1	РАФТ ыкмасы менен докладга даярдануу, талкуу,
23	1.Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү 2. Сүйлөмдүн ээси 3. Баяндооч 4.Алыкул Осмонов жана котормочулук өнөрү	*Жазуу иши*	ПК-1	1 1 1	Текст боюнча дискуссия, интеллектуалдык таймаштар
24	1. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү 2. Аныктооч 3. Толуктооч 4. Кыргыз драматургиясы. Т. Абдумомунов “Абийир кечирбейт”	*Талдоо*	ЖК-7	1 1 1 1	Дискуссия,интерактив дүү оюн, интеллектуалдык таймаш
25	1. Бышыктооч жана анын түрлөрү 2. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү 3. Грамматикалык категориялар 4. Мар Байжиевдин өмүрү жана чыгармачылыгы	*Суроо жооп*	КК-7	1 1 1 1	дискуссия,интерактив дүү оюн, интеллектуалдык таймаш
26	1. Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр 2. Каратма сөз. Киринди сөз 3. Синтаксистик талдоого карата конүгүүлөр 4. Р.Шүкүрбеков. М.Алыбаев	*Суроо жооп*	ИК-8	1 1 1 1	Доклад, тест, контролдук иш, дискуссия,интерактив дүү оюндар, интеллектуалдык таймаштар
27	1. Текшерүү иши. 2. Өтүлгөндөрдү кайталоо	*Суроо жооп*	ИК-3	1 1 1 1	Доклад, тест, контролдук иш, дискуссия,интерактив дүү оюндар, интеллектуалдык таймаштар
	2 модуль				

28	1. Татаал сүйлөм 2. Тең байланыштагы татаал сүйлөм. 3.Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм 4. Мукай Элебаев “Узак жол” повести	*Жазуу иши*	ИК-8	1 1 1 1	Доклад, тест, контролдук иш, дискуссия,интерактив дүү оюндар, интеллектуалдык таймаштар
29	1. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү 2. Мезгил багыныңкы сүйлөм 3. Шарттуу багыныңкы сүйлөм 4. Лиро-эпикалык жанр. С.Эралиев “Ак-Мөөр” поэмасы	*Жазуу иши*	ОК-1	1 1 1 1	дискуссия,интерактив дүү оюн, интеллектуалдык таймаш, жазуу жумуштары
30	1. Карама каршы багыныңкы сүйлөм 2. Себеп, максат багыныңкы сүйлөм 3. Салыштырма, сыпат багыныңкы сүйлөм 4. Соңку кыргыз профессионал адабияты, анын өзгөчөлүгү	*Жазуу иши*	ПК-1	1 1 1 1	Доклад, тест, контролдук иш, дискуссия,интерактив дүү оюндар, интеллектуалдык таймаштар
31	1. Орун багыныңкы сүйлөм 2. Өлчөм багынынкы сүйлөм 3. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм 4. К.Жусупов. “Ыр сабындагы өмүр”	*Жазуу иши*	ОК-1	1 1 1 1	Доклад, тест, контролдук иш, дискуссия,интерактив дүү оюндар, интеллектуалдык таймаштар
32	1. Аралаш багыныңкылуу татаал сүйлөм 2.Төл жана бөтөн сөз 3. Синтаксистик талдоо 4. Ө. Данекеевдин өмүрү жана чыгармачылыгы	*Суроо жооп*	ИК-4	1 1 1 1	Тема боюнча дискуссия,интерактив дүү оюн, интеллектуалдык таймаш
33	1.Кептин стилдери 2.Оозеки стиль 3. Көркөм стиль 4. М.Абылкасымованын адабияттагы орду.	*Суроо жооп*	КК-7	1 1 1 1	Тема боюнча дискуссия,интерактив дүү оюн, интеллектуалдык таймаш
34.	1. Публицистикалык стиль 2. Илимий стиль 3. Доклад, реферат жазуу 4. Шайлообек Дүйшеев жана поэзия	*Талдоо*	ЖК-7	1 1 1	Доклад, тест, контролдук иш, дискуссия,

35	1. Иш кагаздар стили. Расмий жана расмий эмес иш кагаздары 2. Иш кагаздары менен иштөө 3. Студенттердин билимдерин системалаштыруу. 4. Өтүлгөндөрдү кайталоо			1 1 1 1	Суроо-жооп
36	1.Кайталоо, 2. Текшерүү, жыйынтыктоо			1 1	Дискуссия

6. Кыргыз тилин (модулдарды) өздөштүрүүнүн жыйынтыгы боюнча күндөлүк, учурдагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөр үчүн баалоо фондунун каражаттары

Ар бир окутуучу-профессор студенттин модулдук системада баалоо үчүн окуу процессинде анын кылган эмгектерин эки баскыч менен баалоосу зарыл. Мында студенттин окуп келгендеги эмгеги эле эмес, анда белгилүү бир предмет боюнча калыптанган билим да, билгичтик да, көндүм да, анфы турмуш менен байланыштыра алган негизги жыйынтык да мугалим тарабынан каралууга милдеттүү. Бул баалоонун азыркы мезгилде өнүккөн өлкөлөрдө кеңири жайылтылган эки түрүн - **формативдик жана суммативдик баалоо** тартибинде ишке ашырууну максат кылат.

Формативдик жана суммативдик баалоо

Формативдик баалоо- бул окутуу процесстин жүрүшүндө же сабак учурунда тесттердин, текшерүү иштердин же башка текшерүү куралдарынын жардамы менен студенттин окуудагы жетишкендигин, өсүүсүн аныктоо процесси болуп саналат. Мугалим Мамлекеттик тилди окутууда формативдүү баалоону ар бир сабакта колдоно алат, б. а. сабак практикалык болгондуктан, ар бир мугалим студенттер менен индивидуалдуу, жеке, топ менен иштеп, ошол эле мезгилде балдардын өздөштүрүүсүн баалап турат. Мында студенттердин билимди кабыл алуудагы ар бир аракети мугалимдин көз алдында өтүп, ошол эле мезгилде мугалим тарабынан баалоого ээ болуп турушу керек. Окутуу процессинде ар кандай баалоонун түрлөрү болушу мүмкүн, анын баарын формативдүү баалоо катары кабыл алууга болот. Айрым учурда мугалим студентке баа койбой туруп эле оозеки мактоого алышы мүмкүн. Бул да формативдүү баалоонун бир ыкмасы катары кабыл алууга болот. Бирок мугалим студенттин эмгегинин жыйынтыгын чыгарууда андай баалоолорду толугу менен эске алышы зарыл.

Формативдик баалоо төмөнкү максатта колдонулат:

А) окутууда ийгиликке дайыма серептеп салу

Б) окутуу учурундагы катачылыктарды аныктоо

В) окутуучунун жана студенттин ортосундагы такай пикир алмашууну камсыздоо.

Функциялары	**Формативдик баалоо**
Ченөө, өлчөө мамилесин чагылдыруу	*Окутуунун алдын ала аныкталган бөлүктөрү*
Тапшырманы иргөө	*Көнүгүүнү иргөөдөгү чектелгендик*
Тапшырманын татаалдыгы	*Окутуунун бөлүгүнө карата өзгөрүлөт.*
Өткөрүү убактысы	*Окутуу учурунда мезгил-мезгили менен жаңыланып турушу*
Тестирлөө, анын жыйынтыктарын чыгаруу, мактоо же сындоону колдонуу	*Такай пикир алмашуунун негизинде окутууну жакшыртуу жана үзгүлтүксүз жаңылап туруу*

Суммативдик баалоонун максаты:

а) окутуучу менен студенттин ортосунда болгон пикир алмашууну дайыма камсыздоо.

б) студенттин билимин текшерүүдө анын жетишкен ийгилиги менен кемчилдигин аныктап берүү үчүн иш чараларын дайындоо жана жыйынтыгын чыгаруу

в) студенттин окуу процессинде окутуу программасы боюнча алган билимин баалоо.

г) студентке алган билимин турмушта кандай колдоно ала тургандыгын жыйынтыктоо максатында баа коюу.

• *Функциялары*	• *Суммативдик баалоо*
Студенттин билимин өлчөө фокусу	Курстун чечилүүчү билиминин жыйынтыгын аныктоо маселелери
Тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү суроолорду иргөө	Билгичтикти аныктоо үчүн талап кылган бардык маселелердин кеңири иргелүүсүн шарттоо
Тапшырмалардын, суроолордун татаалдыгы	Модулдук, семестрдик билимдин татаалдыгын камсыздоонун жогорку чеги
Өткөрүү убактысы	Модулдун, семестрдин жана курстун акырында
Тестирлөөнүн жыйынтыктарын колдонуу	Баа коюу үчүн, аткарылгандарды же билгичтиктерди тастыктоо үчүн же билимди өздөштүрүү процессин баалоо үчүн.

- Окутуунун жыйынтыгында конкреттүү предмет боюнча баалоонун планы иштелип чыгат.
- Конкреттүү сабак же предмет боюнча тест же *баалоо планы* түзүлөт.
- Баалоонун куралдарынын сабактын мазмуну менен төп келишин аныктоо.

Пландаштыруу кандай гана тестирлөө же баалоо боюнча иш чара болбосун зор мааниге ээ. Бул окутуучу-экзамен алуучуга тесттин же башка баалоо куралынын жемиштүүлүгүн камсыз болуусуна шарт түзө алат. Тестирлөөнү пландаштыруу жетишкендикти тестирлөөдө өтө чоң мааниге ээ, ал үчүн төмөнкүлөр аткарылууга тийиш:

1. Жетишкендикти, тактап айтканда, студенттин билим деңгээлин тестирлөө окутуу натыйжасында студенттин алган билимин өлчөөгө ылайыкталган.

2. Жетишкендикти тестирлөө мазмундуу жана жемиштүү болуш үчүн тест өткөрүүгө дыкаттык менен даярдануу керек.

3. Мыкты пландаштырылган, атайын техникалык шарттары бар таблицаны колдонуу менен баалоо гана жемиштүү боло алат.

Баалоонун планын түзүү

1-кадам: Предметтин мазмунун жана жетишилген натыйжасын аныктоо.

- Курста же өтүлгөн темада камтылгандардын мазмунун аныктоо;
- Ар бир курстан же темадан күтүлүүчү натыйжаларды тактоо;
- Аткарылуучу жана натыйжага ээ болуучу критерийлдерди түзүп чыгуу.

2-кадам: Окутуунун конкреттүү жыйынтыктарын иштеп чыгуу.

- Төмөндөгүдөй иреттелген окутуунун жыйынтыктарын түзүп чыгуу:
- Окутуунун жыйынтыктары
- Көнүгүүнүн жыйынтыктары
- Мамиле / баалуулуктун жыйынтыктары
- Студенттер эмнени (кантип) кылаарын аныктоо.

3-кадам: ЫЛайыктуу баалоо механизмин тандоо.

- Берилген билимди баалоо методун аныктоо
- Качан маалыматты топтоо керек экендигин же баалоо куралын колдонуу керектигин аныктоо.
- Баа коюуда колдонулуучу системаны аныктоо
- Студенттер жетишкен жыйынтыктарды кайра чагылдыруучу билгичтик методдорду тандоо
- Жетишилген жыйынтыктар кантип колдонулаарын чечүү.

Баалоо планынын үлгүсү:

Сабак-тын темасы же мазмуну	Жыйын-тыгында жетиш-үүчү натыйжалар	Баалоо методдору	Жети-шилген натыйжанын деңгээли	Баалоо-нун маселелери	Баалоо-ну өткөрүү убакты-сы	Жыйын-тыктар-ды кайра чагылдырып берүү	Жооптуу тарап
фонетика, лексика, орфография, орфоэпия эрежелери .	*1 суроого 1балл менен белгилөө*	*тест* *байкоо*	*модулдук суроолор б/ча- 30б катышуу б/ча-1-55б чейин, активдүү-лүгү-1-10б* .	*модулдук*	*октябрь* *декабрь*	*Студент тин алган баасы көрсөтүлөт.*	*окутуучу*

6.1.Кыргыз тилин өздөштүрүү процессиндеги алардын калыптануу этабы көрсөтүлгөн компетенцияларынын тизмеги

№	*Дисциплинанын (модулдун) текшерилүүчү бөлүмдөрү*	*Текшерилген компетенциялардын коду*	*Баалоо каражаттарынын аталышы*
1	*Тил илими (киришүү) бөлүмү*	*СЛМК – 1,СЛМК -2, КК -3,*	*Баллдык рейтингдик баалоо*
2	*Фонетика бөлүмү*	*СЛМК -4, КК - 7*	*Баллдык рейтингдик баалоо*
3	*Лексика бөлүмү*	*СЛМК -3, СЛМК -4, КК - 12*	*-//-*
4	*Морфология бөлүмү*	*СЛМК -3, СЛМК -6, КК- 4*	*-//-*
5	*Синтаксис бөлүмү*	*СЛМК – 5, СЛМК -6, КК - 2, КК -4*	*-//-*

6.2.Ишкердүүлүк тажрыйбасын жана (же) билимдерин, билгичтиктерин, өнүгүүлөрүн баалоо процедураларын аныктоочу усулдук материалдар

Усулдук материалдар кыргыз тилин өздөштүрүүгө карата иштелип чыккан *күндөлүк, учурдагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөр болуп саналат. Аны өткөрүү мөөнөттөрү көрсөтүлүп жана өткөрүүнүн түрлөрү аныкталат.*

Мисалы: *(эгерде 3 кредит болсо)*

Күнүмдүк текшерүү: *дискуссияга, семинарларга катышуусуна, өз алдынча иштерди аткаруусуна, активдүүлүгүнө, ж.б. ОМК да көрсөтүлгөн коомдук иштерди аткаруусуна, андан сырткары катышуусуна карап – 80 баллга чейинки рейтинг менен баалоого болот.*

Учурдагы текшерүү*: (модулдарды тапшыруу) – бул окутуучу тарабынан өткөрүлөт. Мында жазуу жумуштары же теориялык жана практикалык билимдерин текшерүүгө карата компьютердик тестирлөө иштери жүргүзүлөт. Учурдагы текшерүүгө кыргыз тилинин модуль ичинде өтүлгөн кыргыз тилинин ОМК сы талап кылган 20 балдык баалоону талап кылган толук материалдык көлөмү камтылат.*

Жыйынтык текшерүү: *(экзамен) бул текшерүү 20 баллдык шкала менен белгиленген экзамендик билеттер менен жүргүзүлөт.*

			Баллдын аксималдуу саны

Текшерүүнүн түрү	*Отчеттуулук мөөнөтү*		Аткарылган 1 жумуш үчүн	*Бардыгы*
Күнүмдүк текшерүү:				
- *Сурооого жооп бериши*	*1,2,3,4 жумалар*		*10 балл*	*40 балл*
- *Семинарда дискуссияга катышкандыгы*	*3,4,5,6,7,8 жумалар*		*5 балл*	*30 балл*
- *Катышуусу*	*1,2,3,4,5,6,7,8 жума*		*0,2*	*10 балл*
Учурдагы текшерүү: *(модуль тапшыруу)*	*8 - жума*		*100% *0,2=20*	*20 балл*
Бардыгы 1 модуль үчүн				*100 балл*

Текшерүүнүн түрү	*Отчеттуулук мөөнөтү*		Баллдын аксималдуу саны	
			Аткарылган 1 жумуш үчүн	*Бардыгы*
Күнүмдүк текшерүү:				
- *Сурооого жооп бериши*	*9,10,11,12 жумалар*		*10 балл*	*40 балл*
- *Семинарда дискуссияга катышкандыгы*	*13,14,15,16,17 жумалар* *9,10,11,12,13,14,15,16,17 жумалар*		*6 балл* *0,2*	*30 балл* *10 балл*
- *Катышуусу*				
Учурдагы текшерүү: *(модуль тапшыруу)*	*16-жума*		*100% *0,2=*	*20 балл*
Бардыгы 2 модуль үчүн				*100 балл*
Жыйынтыктоочу текшерүү: (экзамен)	Сессия		ЖТ=Бср*0,8+Бэкз*0,2	

Алынган жыйынтык балл (макс.100 балл) төмөндөгүдөй шкала менен белгиленет:

Рейтингдик баа (балл)	*Экзамендин баасы*
0 – 54 чейин	*канааттандырарлык эмес*
55 – 69 чейин	*канааттандырарлык*

70 – 84 чейин	*жакшы*
85 – 100 чейин	*эң жакшы*

6.3. Компетенцияларды баалоонун критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн алардын калыптанышын ар түрдүү этаптарда сүрөттөөчү, баалоонун шкаласын түзүү

Күндөлүк текшерүү: (0-80балл)

- *материалдын мазмунун ачуу деңгээли (30 балл)*
- *материалды ачуу (логикалуулугу жана сабаттуулугу)(30 балл)*
- *катышуу (20 балл)*

Учурдагы текшерүү: (0-20балл)

- *Иштелген иштин толуктугу (бир, эки ката) (5 балл)*
- *Иштин жыйынтыгы жана мазмунга негизделиши(толук эмес) (6 балл)*
- *Иштин толук, катасыз, мазмундуу аткарылышы (20 балл)*

Жыйынтык текшерүү: (экзамен)

- *теориялык мазмун өздөштүрүлбөгөн, билгичтигинде фрагменттик мүнөз, жообунда одоно ката болсо (65 балл)*
- *теориялык мазмундун кээ бир бөлүмдөрү аткарылып, өзү оңдой алса (75 балл)*
- *теориялык мазмун толук өздөштүрүлгөн болуп, жооп өзүнүн планы боюнча түзүлсө (85, 90 балл)*

6.4 ***Ишкердүүлүк тажрыйбасын жана (же)билимдерин, билгичтигин, өнүгүүсүн баалоо үчүн зарыл болгон текшерүү тапшырмалары же башка материалдар***

Текшерүү иштердин темалары

1-курс

1. Мамлекеттик Тил мыйзамы качан кабыл алынган?
2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни качан кабыл алынган жана автору ким?
3. Кыргыз тилиндеги тыбыштар канчага бөлүнгөн?
4. Үндөштүк деп эмнени айтабыз?
5. Үнсүздөр жасалыш ордуна карата кандай болуп бөлүнөт?
6. Тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдөө канча аспект боюнча каралат?
7. Фонетика эмнени изилдейт?
8. Татаал сөздөр канчага бөлүнөт?

9.Тыбыш кандайча пайда болот?
10.Сөздөрдү түзүп,маани жагынан бири-биринен ажыратып туруучу эң кичине бирдикти эмне дейбиз?
11.Эки тыбышты кайсы тамгалар билдирет?
12.Үндүү тыбыштар кандай болуп бөлүнөт?
13.Кыргыз тилинде көпчүлүк учурда басым кайсы муунга түшөт?
14.Е,ю,ё,я тамгалары кайсы учурда бир тыбышты билдирет?
15.Сөз айкашы деп эмнени айтабыз?
16.Туруктуу сөз айкашы деп эмнени айтабыз?
17.Көп маанилүү сөздөр жөнүндө эмнени билесиң?
18.Жалпы аттан энчилүү ат жасоого мүмкүнбү?
19.Сын атоочтун даражалары канчага бөлүнөт?
20.Катыштык сын деп эмнени айтабыз?
21.Этиштин жак категориясы кантип жасалат?
22.Байламта менен жандоочтун айырмасы барбы?
23.Сөз жасоочу мүчөлөр менен сөз өзгөртүүчү мүчөнүн айырмасы эмнеде?
24.Лексикалык катмар деп эмнени айтабыз?
25.Синонимдер кайсы жолдор менен пайда болот?
26.Кыргыз адабий лексикасы кандай жолдор менен байыйт?
27.Терминдер деп эмнени айтабыз жана анын кайсы түрлөрүн билесиңер?
28.Макал менен лакаптын айырмасы кайсы?
29.Уңгу сөз деп кандай сөздөрдү айтабыз,туунду сөз деп кайсыны айтабыз?
30.Кыргыз тилинде род категориясы барбы?
31.Көптүктү билдирүүчү-лар мүчөсүнүн канча варианты бар?
32.Сүйлөмдүн баш мүчөсү деп эмнени айтабыз?
33.Ээ дайыма кайсы жөндөмөдө турат?
34.Кандай тыбыштар менен аяктаган сөздөрдүн жөндөлүшүн биринчи жөндөлүш дейбиз?
35.Экинчи жөндөлүштө кайсы мүчөлөр жалганган сөздөр жөндөлөт?
36.Сүйлөм тизмегинде баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркүмү аткарат?
37.Сан атоочтун түрлөрү кайсылар?
38.Кыргыз тилинде жамдама сан атоочтун –оо; -өө мүчөлөрү канча санга чейин уланат?
39.Ат атоочтор маанисине карай канча топко бөлүнөт?
40.Ат атоочтор сүйлөм тизмегинде кайсы сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулат?
41.Жактама ат атоочтун жекелик түрүнүн жөндөлүшүн шарттуу түрдө качанчы жөндөлүш дейбиз?
42.Этиштер турпатына карай канча түргө бөлүнөт?
43.Этиштин арсар келер чагын кайсыл мүчө уюштурат?
44.Этиштер жөндөмө, таандык жана көптүк мүчөлөр менен өзгөрүлөбү?
45.Чакчылдар кайсыл учурда чакчылдык касиетин жоготот?
46.Атоочтуктар кайсы учурда сын атоочтук мааниде,кайсыл учурда зат атоочтук мааниде колдонулат?
47.Атоочтуктар кайсыл учурда сүйлөмдүн баяндоочу болуп атоочтук касиетин жоготот?
48.Тактоочтун түрлөрү кайсылар?
49.Сырдык сөздөр сүйлөмг мүчө боло алабы?
50.Тууранды сөздөр өз алдынча турганда сүйлөмгө мүчө боло албайт.Алар кайсы сөз түркүмүнүн формасын алганда сүйлөмгө мүчө боло алат?
51.Байламталар лексикалык жактан маани билдиребиби?
52.Аткарган кызматына карата байламталар канчага бөлүнөт?
53.Жандоочтор кайсыл учурда жөлөкчүл болушат?
54.Синтаксис эмнени үйрөтүүчү илим?
55.Сүйлөм деп эмнени айтабыз?
56.Сөз тизмеги деп эмнени айтабыз? Сүйлөм менен сөз тизмегинин айырмасы эмнеде?

57.Сүйлөм үчүн интонациянын болушу зарылбы?
58.Тең байланыш деп эмнени айтабыз?
59.Багыныңкы байланыш деп эмнени айтабы?
60.Багыныңкы байланыштын түрлөрүн билесиңби?

Дидактикалык материалдар

1-модулдун суроолору:

1-вариант

1.Мамлекеттик Тил мыйзамы качан кабыл алынган?
2.Кыргыз тилиндеги тыбыштар канчага бөлүнөт?
3.Үндөштүк закону деп эмнени айтабыз?
4.Кыргыз тилинде канча тамга жана канча тыбыш бар?
5.Үнсүздөр жасалыш ордуна карата кандай болуп бөлүнөт?
6.Фонетика эмнени изилдейт?
7.Татаал сөздөр канчага бөлүнөт?
8.Тыбыш кандайча пайда болгон?
9.Эки тыбышты кайсы тамгалар билдирет?
10.Кыргыз тилинде муун кайсыл муунга түшөт?
11.Е,Ё,Ю.Я тамгалары кайсы учурда бир тыбышты билдирет?
12.Энчилүү аттан жалпы ат жасоого мүмкүнбү?
13.Маани берүүчү сөз түркүмдөрүнө кайсылар кирет?
14.Бир маанилүү сөздөр эмнени айтабыз?
15.Көп маанилүү сөздөр деп эмнени айтабыз?

2-вариант

1.Кыргыз тилиндеги омоним менен көп маанилүү сөздөрдүн айырмасы эмнеде?
2.Антоним деген эмне?
3.Синоним деп эмнени айтабыз?
4.Ат атооч сөздөр кандай жөндөлөт?
5.Сан атооч сөздөр өз алдынча турганда жөндөлөбү?
6.Сын атоочтун даражалары деп эмнени айтабыз?
7.Салыштырма даражаны кайсыл мүчө уюштурат?
8.Катыштык сын деп эмнени айтабыз?
9.Сын атоочтор кандай жол менен жасалат?
10.Кыргыз тилинде жөндөлүштүн канча түрү бар?
11.Зат атоочтун таандык категориясы деп эмнени айтабыз?
12.Кыргыз тилинде энчилүү аттарга кайсылар кирет?
13.Полисемия деп эмнени айтабыз?

2-модулдун суроолору:

1-вариант

1.Тубаса этиш жана туунду этиш деп эмнени айтабыз?
2.Уңгу сөз деп кандай сөздөрдү айтабыз?
3.Кыргыз тилинде род категориясы барбы?
4.Көптүктү билдирүүчү-лар мүчөсүнүн канча варианты бар?
5.Кандай тыбыштар менен аяктаган сөздөрдү биринчи жөндөлүш дейбиз?
6.Экинчи жөндөлүштө кайсы мүчөлөр жалганган сөздөр жөндөлөт?
7.Сан атоочтун түрлөрү кайсылар?
8. Этиштин өзгөчө формасы деп эмнени айтабыз?
9.Кандай сөздөрдү туунду сөздөр деп айтабыз?
10.Чакчылдар сүйлөм ичинде кандай кызмат аткарат?

11.Этиш сүйлөм ичинде кандай кызмат аткарат?
12.Этиштин чак категориясы?

2-вариант
1.Терминдер деп эмнени айтабыз?
2.Этиштин терс формасын кайсыл мүчө уюштурат?
3.Этиштер трпатына жараша канча түргө бөлүнөт?
4.Этиштин арсар келер чагын кайсы мүчө уюштурат?
5.Этиштер жөндөмө,таандык жана көптүк мүчөлөр менен өзгөрүлөбү?
6.Чакчылдар кайсыл учурда чакчылдык аксиетин жоготот?
7.Атоочтуктар кайсы учурда сын атоочтук мааниде,кайсыл учурда зат атоочтук мааниде колдонулат?
8.Тактоочтун түрлөрү кайсылар?
9.Сырдык сөздөр сүйлөмгө мүчө боло алабы?
10.Байламталардын түрлөрү жөнүндө айтып бер.
11.Каршылагыч байламта деп эмнени айтабыз?
12.Бириктиргич байламталар кайсылар?
13.Жандоочтун байламтадан болгон айырмасы кайсы?

2-семестр

1-модулдун суроолору:
1-вариант
1.Сүйлөм маанисине карай канчага бөлүнөт?
2.Суроолуу сүйлөм кандай түзүлөт?
3.Суроолуу сүйлөм кайсыл учурда жай сүйлөмгө айланып калат?
4.Илептүү сүйлөмдүн негизги белгилери кайсылар?
5.Жөнөкөй ээ деп эмнени айтабыз?
6.Тутумдаш ээ деп эмнени айтабыз?
7.Баяндоочтор көбүнчө кайсы сөз түркүмүндө турат?
8.Айкындооч мүчөлөр канчага бөлүнөт?
9Аныктоочту багындырып турган сөздү эмне дейбиз?
10.Тууранды сөздөр өз алдынча турганда сүйлөмгө мүчө боло алабы?
11.Сырдык сөздөр сүйлөмгө мүчө боло алабы?
12.Чакчылдар кайсыл учурда чакчылдык касиетин жоготот?
2-вариант
1.Көптүктү билдирүүчү-**лар** мүчөсүнүн канча варианты бар?
2.Сүйлөмдүн баш мүчөсү деп эмнени айтабыз?
3.Ээ дайыма кайсы жөндөмөдө турат?
4.Кандай тыбыштар менен аяктаган сөздөрдүн жөндөлүшүн биринчи жөндөлүш дейбиз?
5.Экинчи жөндөлүштө кайсы мүчөлөр жалганган сөздөр жөндөлөт?
6.Сүйлөм тизмегинде баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркүмү аткарат?
7.Сан атоочтун түрлөрү кайсылар?
8.Кыргыз тилинде жамдама сан атоочтун –**оо; -өө** мүчөлөрү канча санга чейин уланат?
9.Ат атоочтор маанисине карай канча топко бөлүнөт?
10.Ат атоочтор сүйлөм тизмегинде кайсы сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулат?
11.Жактама ат атоочтун жекелик түрүнүн жөндөлүшүн шарттуу түрдө качанчы жөндөлүш дейбиз?
12.Этиштер турпатына карай канча түргө бөлүнөт?
13.Этиштин арсар келер чагын кайсыл мүчө уюштурат?
14.Этиштер жөндөмө, таандык жана көптүк мүчөлөр менен өзгөрүлөбү?

15.Чакчылдар кайсыл учурда чакчылдык касиетин жоготот?
16.Атоочтуктар кайсы учурда сын атоочтук мааниде,кайсыл учурда зат атоочтук мааниде колдонулат?
17.Атоочтуктар кайсыл учурда сүйлөмдүн баяндоочу болуп атоочтук касиетин жоготот?
18.Тактоочтун түрлөрү кайсылар?

2-модулдун суроолору
1-вариант
1.Татаал сүйлөмдөр кантип,канчага бөлүнөт?
2.Багыныңкы татаал сүйлөм деп эмнени айтабыз?
3.Тең байланыштагы багыныңкы татаал сүйлөмдөр деген эмне?
4.Аралаш татаал сүйлөмдөр кандай түзүлөт?
5,Бир өңчөй мүчөлүү татаал сүйлөмдөр деп кандай сүйлөмдөрдү айтабыз?
6.Стилдер канчага бөлүнөт?
7.Расмий иш кагаздарынын стилинин негизги белгилери кайсылар?
8.Көркөм стилге эмне үчүн муктажбыз?
9.Жазуу стили менен оозеки стилдин ортосундагы айырмачылык эмнеде?
10.Орфоэпия эмнени үйрөтүүчү илим?
11.Орфографиянын жазууда мааниси канча?
12.Каратма сөз деп эмнени айтабыз?
13.Төл сөз менен бөтөн сөзгө кандай тыныш белгилери коюлат?

2-вариант

1.Байламталар лексикалык жактан маани билдиреби?
2.Аткарган кызматына карата байламталар канчага бөлүнөт?
3.Жандоочтор кайсыл учурда жөлөкчүл болушат?
4.Синтаксис эмнени үйрөтүүчү илим?
5.Сүйлөм деп эмнени айтабыз?
6.Сөз тизмеги деп эмнени айтабыз? Сүйлөм менен сөз тизмегинин айырмасы эмнеде?
7.Сүйлөм үчүн интонациянын болушу зарылбы?
8.Тең байланыш деп эмнени айтабыз?
9.Багыныңкы байланыш деп эмнени айтабы?
10.Багыныңкы байланыштын түрлөрүн билесиңби?
11.Стилистика илими эмнени окутат?
12.Пунктуация деп эмнени айтабыз?
13.Стилистикалык каражаттар канчага бөлүнөт?

7.Дисциплинаны окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоо

1. Информатика багыты боюнча даярдалган “Кыргыз тилинин грамматикасы” окуу китеби 2018-ж, КЭАУ нун кыргыз-орус тилдер кафедрасынын кафедра башчысы Түмөнбаева М.Ж. жана ага окутуучулар: Рыспаева С.С., Кылычова Т.Б., Кожобекова Г.С. тарабынан даярдалды.
2. Электрондук китепканалар
3. Интернет булактары
4. Кыргыз тилин окуп-үйрөнүүгө багытталган сайттар

7.1. *Булактардын жана адабияттардын тизмеси*

1.Осмонкулов А., Умоталиева Т. Кыргыз тили : 1чи болук .- Б.:Наука и образ,2000.- 272б.
2. Осмонкулов А. Кыргыз тили : 2-чи болук .- Б.:Наука и образ,2000.- 290 б.
3. Жусаев Ж.,ж.б. Кыргыз тили : Учебник для рус.групп вузов страны и самостоятельно изучающих гос.язык КР /Ж.Жусаев и др.-Б.:Мектеп,2000.- 520с.
4. Биялиев А . и др, Кыргыз тили: Учебник для русских групп вузов страны.- Б.:Шам,2002.320с.
5. Дыйканов К . Кыргыз тилим -тагдырым.-Б.,2002.-404б. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери(жалпы редакциясы).: Мам.тил ж/а энциклопед. Борбору,2002.-32б.
6. Осмонова Ж. ж.б Кыргыз тилинин фразеологиялык создугу:7980 фразеологизмди кымтытты.-Б.:КТМУ,2001.- 579б.
7. Мукасов Ы.М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы.-Б.:2004.- 242б
8. Алимбеков А. Кыргыз этно педагогикасы: Окуу куралы. 1-болум.-Б.:1996.-69б.
9. Каратаев О. Кыргыз этнонимдер создугу.-Б.:КТМУ,2003.-265б
10. Акматалиев А. Кыргыздын уз-усталары :Антология.-Б.:КЭнин Башкы ред.,1997.- 240б
11. Касен А. Кыргызские игры и развлечения / Отв.ред.И.Молдобаев.-Б.:Илим,2004.-144с. Кыргызские народные сказки -Б.:Просвещение,2001.- 283с
12. Мусаева В. и др . Кыргызско-русский и русско-кыргызский словарь.-Б.:Раритет-инфо,2003.- 422с. Кыргызско-русский и русско-кыргызский словарь / Сост.В. Мусаева.-Б.:Раритет-инфо,1999.- 270с.Кыргызско-русский словарь народных геогрфических терминов Кыргызстана.-Б.:2002.-66с.
Кыргызстан географиясы : Энциклопедиялык окуу куралы .-Б.,2004
Кыргызстан кен байлыктары : Энциклопедиялык окуу
13. Абылаева Н, Мусаев С,Сарыбекова З. Кыргыз тили :Окутуу орус тилинде жургузулгон метептердин 10 класстар учун окуу китеби.- .:Технология,2002.- 248 б.
14. Кыргызча -орусча создук=Кыргызско-русский словарь:Около 40000 слов / Сост. К Юдахин.-Б.:Шам,1999.-976с.
16. Шамбаева С, Джусаев Дж. Кыргызча-орусча -англисче создук.-Б.,1994.
17. Артыкбаев К. Мамлекеттик.тилдин маселелерри :Окуу куралы.-Б.,1999.-131б.
18. Орузбаева Б. Мамлекетик тилдин оркундо келечеги (1989-1999 ж.).-Б.:

Окуу – усулдук материалдар

1.Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу Жана жазуу программасынын хрестоматиясы.Бишкек-2004.
2.Дербишева З.СДосоева С.Мажитова З.Тил көпүрө..(Кыргыз тили чет элдиктер үчүн Окуу китеби.
3..Дербишева З.СДосоева С.Мажитова З.Тил көпүрө..(Кыргыз тили чет элдиктер үчүн Мугалимдер китеби.Бишкек-2005
.4.Инна Валькова.,Марина Друзь.,Ирина Низовская.,Ольга Собольева Развитие критического мышления.(Из опыта и внедерние уроков,методов,стратегий. 2-е допольнительное пособие. Фонд-Сорос.-Кыргызстан.
5.Чарльз Темпл.,Жени стиль Жана Керт Мередис.Ар бир сабактагы окуу,жазуу Жана дискуусия. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу Жана жазуу..
6.Чарльз Темпл.,Жени стиль Жана Керт Мередис.. «Сынчыл ойломду өнүктүрүүнүн негиздери.(дисциплиналар аралык программа.)

7.2. Кыргыз тилин (модулдарды) өздөштүрүү үчүн зарыл болгон маалыматтык-телекоммуникациялык «Интернет» тармагынын ресурстарынын тизмеги

Электрондуккитепканалар. Кыргыз тилинде жарык көргөн китептердин электрондук варианттарын төмөнкү электронду ккитепканалардан табууга болот:

- Bizdin til kq сайты

- http://lib.kg "Сорос-Кыргызстан" фондунун "Маалыматэркиндиги" программасы тарабынан каржыланып түзүлгөн. Проекттин үстүндө АлыкулОсмонов атындагы улуттук китепкана, ачык китепканалар ассоциациясыжана "Сорос-Кыргызстан" фонду биргеликте иштешкен. Бул китепканадан мектеп окуу куралдарын, китепканалардын архивинен сейрек кездешүүчү китептерди, диссертацияларды таап жана ал материалдардын электрондук түрүн жүктөп алууга болот.
- http://literatura.kg/ "Кыргызстандынжаңыадабияты" интернет ресурсунун автору жана координатору Олег Бондаренко. Кыргызстан эгемендүүлүкалганданберкижаңыавторлордункалеминенжаралганчыгармалардынт оптомункамтыйт. Жалпысынан 519 автордун 2124 чыгармасыжарыяланган.
- http://www.bizdin.kg/ky/ "БиздинМурас" коомдук фонду тарабынан 2009-жылдын сентябрь айындаиштелипчыккан. Белгилүүчыгармалардыэлектрондуктүргөөткөрүүиштеринжүргүзүүмененбиргеликте ал китептердибаракчасынажайгаштырыпкелет. Кыргызэлинекашкадайтаандык акын жазуучуларыбыздынчыгармаларынжанаэпостордуокуугамүмкүнчүлүк берет.
- https://ky.wikipedia.org/ "КыргызУикипедиясы" – интернет колдонуучулартарабынантолтурулуп, оңдолупкележатканачыккоддуу систем. Азыркыучурдабул жакта кыргызтилинде 55312 макала тарых, маданиятжанаөнөр, философия жана дин, илим, технология, уюмдар, спорт жана география сыяктуунегизгикатегорияларгабөлүнгөн.

3. Ачыкбилимберүүресурстары. Буларгазаманбапметоддордуколдонууменен веб баракчасыаркылуумектепокуучуларга же студенттергебилимберүүчүресурстаркирет. Жаңыметоддорбул аудио китептер, видео материалдар, ар-кылтүрдөгүтесттер, практикалыксабактарболушумүмкүн.

- **http://www.bilimkeni.kg/** 2010-2012 жылдары АКШ мамлекеттик департаментинин тапшырыгы боюнча АЙРЕКС уюмутарабынантүзүлгөн. 2012-жылдын ноябрь айынанбаштап "StepstoSuccess" бей өкмөт уюмуна таандык. Билимкени Академиясында кыргызтилиндеги 700дөн ашыквидеосабакжана башка ресурстаркамтылган. Мектеппрограммасынын 12 предметибоюнчадаярдалган видео сабактардыкамтыйт. Алар: алгебра, геометрия, химия, биология, физика, кыргыз тили жанаадабияты, орус тили жанаадабияты, англис тили, астрономия, тарых, география жана экономика предметтери.
- http://kyrgyztil.taalimforum.kg «Таалим-Форум» коомдук фонду 2006-жылдын май айында, мугалимдердиндемилгесименентүзүлгөн. Фонд билимберүүдөгүноватордукметоддорду чет элдикжанааймактыкмекемелермененбиргеликтесеминарларды, форумдарды, тегерекстолдорду, жолугушууларды, көргөзмөлөрдүөткөрүүаркылуужайылтуунуишкеашырат. Чет элдикжарандар, мектепокуучулары (1-класстан, 8-класска чейин) деги эле кыргызтилинүйрөнгүсүкелгендерүчүнабданыңгайлуу сайт. Ар бир класс үчүнөзүнчөкитепжана ал китептекатегориялар, категориядатемаларкамтылган. Темаларинтерактивдүү диалог, сүрөттөр, видеолор, тексттер, тесттер, боштуктардытолтуруу, туура/ката табуу, кроссворд,

уңгумүчөлөрдүордунакоюусыяктуумодулдардыкамтыйт. Окулганкитептертемаларбоюнча статистика жүргүзүлөт.

- https://www.codecademy.com/ky-KG/ “Дүйнөжүзүнө код жазуунүйрөтүү” – аттуурааналдындаиштегенбулбилимберүүкомпаниясы Нью-Йорк шаарындажайгашкан. Аларөзүлөрүжөнүндөтөмөндөгүлөрдүжазышат: “Бизэңмыктыүйрөнүүтажрыйбасынкуруумененалектенип, Codecademy’нибиздинтайпабызүчүнэңжакшыүйрөнүүжанаүйрөтүүжайынаайландырып, келечектин онлайн үйрөнүүтажрыйбасынтүзүүгөумтулабыз”. Билимберүүдөтармагы – программалоотилдериболупэсептелинет. Мектепокуучулары, студенттержанапрофессионалдарүчүндеги эле код жазуунүйрөнгүсүкелген ар-бирадамүчүныңгайлуу систем, программалоодоколдонулуучу HTML жана CSS, JavaScript, jQuery, PHP, Python, Rubyутилдержөнүндөкыргызтилиндекененматериалдарга бай курстардыкамтыйт. Курстаркичине теория тапшырмажана ал тапшырманыаткаратурганинтерактивдүүтерезелерименен окуп жатканадамдызериктирбейтжанаколдонуудаабданыңгайлуу. Билимберүүдөпрактикасынкөпжанакызыктуукылуумененөзгөчөметоддордуколдоно аласыз.

8. Окуп жаткан студенттердин өз алдынча иштери үчүн окуу-усулдук камсыздоо тизмеги

- Менеджменттин пайда болуу тарыхы.
- Азыркы менеджменттин өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөр.
- Кыргызстан эгемендүү мамлекет.
- Менеджменттеги системалуулук.
- Башкаруу технологиясы.
- Стратегиялык башкаруунун жалпы мүнөздөмөсү.
- Инновациялык менеджмент – КРнын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн башкаруунун актуалдуулугу болуп саналат.
- Корпоративдүү стратегиялык башкаруу.
- Менеджмент – рыноктук башкаруунун социалдык-экономикалык түзүмдөрүнүн концепциясы.
- Стратегиялык менеджменттин түзүмдөрүнүн калыптанышы.
- Эл аралык валюталык мамилелер. Массалык-маалымат каражаттары
- Бейөкмөт уюмдары жана экономикалык мамилелер.
- Кыргызстандын ички-тышкы миграциясы жана экономикалык абалы.
- Кыргызстандын сырткы соода байланышы.
- Социалдык камсыздандыруу.
- Айыл кеңештеринин экономикалык булактары.
- Кыргызстандын жаратылыш байлыктары.
- Тарыхый инсандар.
- Тышкы байланыш
- Тил тагдыры – эл байлыгы.
- Тил тагдыры – эл тагдыры
- Кыргыз Республикасынын символдору
- Тарыхый инсандар

- Кыргыз Республикасынын аймактык бөлүнүшү
- Дүйнө жүзүн тамшандырган кыргыз суулары, алардын экономикалык абалы
- Маданий мурастар жана аларды туура пайдалануу
- Кыргызстандагы тарыхый эстеликтер жана аларды колдонуу.
- Кыргызстан демократиялык өнүгүү жолунда

8.1. Практикалык сабактын планы. Уюштуруу жана өткөрүү боюнча усулдук көрсөтмө

Студенттердин өз алдынча иштөсүнүн көлөмү жана темалары
1-курс 1-модуль 1-семестр

№	Грамматикалык теманын аталышы	Өз алдынча иштөө	Иштөөнүн түрлөрү	Саты	Усулдук көрсөтмөлөр	Упай
1	Кыргыз тили мамлекеттик тили жөнүндө.	Мамлекеттик тил боюнча мыйзамдарды окуп, жазып келүү.	Талкуу өткөрүү.	2	Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө мыйзам. (Бишкек – 2004 ж).	
2	Чет тилинен кабыл алынган сөздөр.	Кыргызстан – демократиялык өлкө.	Чет тилинен кабыл алынган сөздөрдү жазып келүү, түшүндүрүү.	2	Газета, журналдар түшүндүрмө сөздүктөр.	
3	Кыргыз тилиндеги архаизм жана историзм сөздөр.	Т.Касымбеков-дун “Сынган кылыч” романын окуп, архаизмдерди жазуу.	Историзм жана архаизм сөздөрдү катыштырып дилбаян жазуу.	2	1.Ж. Сыдыков “Байыркы кыргыз эли Кыргыз тили” (Бишкек – 2005ж) 2.Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү (Фрунзе – 1980 ж).	
4	Кыргыз тилиндеги неологизм сөздөр.	Кыргыз тили Кыргыз Республиканын мамлекеттик тили деген темада реферат жазуу.	Жазылган рефераттар боюнча дикуссия өткөрүү.	2	1.Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө мыйзам (Бишкек – 2004ж); 2.Газета-журналдар; 3.Кыргыз республикасынын Конституциясы (Бишкек – 2005ж).	
	Диалектизмдер	Диалектологтялы к иликтөө		**2**	1.Абдувалиев И. “диалектологиялы к илик” (Бишкек – 2009ж).	
	Фразеологизмдер	Т.Касымбековдун “Сынган кылыч”		**2**	Кыргыз тилинин фразеологиялык	

		романы б/ча фраз-ди жазуу			сөздүгү (Фрунзе – 1980 ж).	
			Баары:	**12**		

1-курс **2-модуль** **1-семестр**

5	Улуттук тилдин өнүгүшү.	Улуттук тил-мамлекеттик тил. Дилбаян жазуу.	Сабак аңгеме	2	1.К.Назарбеков “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002ж;. 2.Биалиев А. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002 ж).	
6	Кыргыз тилинин улуттук жана официалдуу тил катары статусу	Жогорку Кеңеш мыйзам чыгаруу орган.	Сынчыл ойломдун негизинде РАФТ – технологиясы боюнча сабак өтүү.	2	1.Кыргыз Республикасынын Конституциясы; 2.К.Назарбеков “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002ж).	
7	Адабий тилдик норма жөнүндө түшүнүк	Белгилүү педагогдор. Реферат жазуу.	Эркин темада текст түзүү.	2	Дербишова З., Досаева С. “Тил көпүрө” (Бишкек – 2005ж).	
8	Речтик көркөмдүүлүктүн каржаттары	Педагогикалык, котормо терминдердин чакан сөздөрүн жазуу.	Терминдер менен иштөө. Сүйлөм, текст ж.б. түзүү.	4	1.Абдувалиев И. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2003ж).	
9	Речтик көркөмдүүлүктүн каржаттары			**10**		
			Баары:	**22**		

1-курс **1-модуль** **2-семестр**

20	Кызматчы сөздөр.	Мугалим – ардактуу кесип. Дилбаян жазуу.	Мыкты мугалим болуу үчүн эмне кылуу керек? Тегерек столдогу маек уюштуруу.	4	1) Назарбаев К. “Кыргыз тили” (Бишкек - 2002ж); 2) Жапаров Б “Кыргыз тили” (Бишкеке – 2005ж).	
21	Тууранды сөздөр.	Жаштардын коомдогу ролу.	Газета-журналдардан темага байланыштуу материалдарды чогултуп келүү, талкулоо.	2	1) И.Абдувалиев “Кыргыз тили” (Бишкек – 2003ж); 2) “Накыл китеп” (Бишкек – 2002ж).	

22	Кесиптик лексика.	Ар бир кесип ардактуу дилбаян жазуу.	Сахна-сабагы кесиптер боюнча.	2	А. Осмонкулов “Кыргыз тили” (1-2 бөлүк).	
23	Стилдер жөнүндө түшүнүк	Жолдомо кат, макала жазуу. План түзүү	Материал топтоо	4	Кыргыз тилинин грамматикасы (1980ж.)	

24	Сүйлөм жана анын түрлөрү. Жай, суроолу, илептүү.	“Манас” эпосу кыргыз элинин маданий мурасы. Реферат жазуу.	“Манас” эпосунан көркөм окуу жана көркөм жатка айтуу.	3	И.Абдувалиев “Кыргыз тили” Бишкек – 2003ж); 2) “Манас” эпосунун томдору Бишкек – 1995ж).	
25	Фразеологизмдер, алардын колдонулушу.	Адабий көркөм чыгармалардан фразеологизмдерди жазып, конспектилөө.	Фразеологиялык сөздүк менен иштөө.	2	А. Осмонкулов “Кыргыз тили” (1-2 бөлүк); Макал-лакаптар жыйнагы.	
26	Сүйлөм мүчөлөрү жөнүндө түшүнүк.	Ч.Айтматов жана анын чыгармалары тууралуу.	Ч.Айтматовдун чыгармаларына өз ой пикирин жазуу (айтуу).	2	1)Дербишова З., Досаева С. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2005ж); 2)Кыргыз тилинин хрестоматиясы.	
27	Жайылма сүйлөмдөр	А.Осмоновдун Чыгармачылыгы. Котормо жанры	Чыгаан котормочулар (маек)	**2**	А. Осмонкулов “Кыргыз тили” (1-2 бөлүк).	
28	Бир тутумдуу сүйлөмдөр	М.Элебаев “Узак жол” поэмасы Уркун окуясы	Баяндама 100 жыл. Тарых баракtарынан	**2**	Кыргыз тилинин грамматикасы (2009ж.)	
29	Кемтик жана толук сүйлөмдөр	Учкулсөздөр макал-лакаптар. Улуттун жүзү.	Түрк жана башка элдердин накыл сөздөрү. семантикалык талдоо	**2**	Кыргыз тилинин хрестоматиясы. “Кыргыз тили” (1-2 бөлүк); Макал-лакаптар жыйнагы.	
30	Атама сүйлөмдөр	Поэзия жанры	Атама сүлөмдөр поэзия жанрында	**2**	Кыргыз тилинин хрестоматиясы.	

1-курс 2-модуль 2- семестр

31	Татаал сүйлөмдөр	Кыргызстандын эл аралык уюмдарга мүчө болушу.	өз алдынча текст түзүү	3	Жусаев Ж. Кыргыз тили –Б., 2002
32	Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр	Элдик оозеки чыгармачылык. Фольклор. Ырлар. Санат ырлары. (жаттоо)	Оозеки кеп ж-дө маек	4	3) Назарбаев К. “Кыргыз тили” (Бишкек - 2002ж); 4) Жапаров Б “Кыргыз тили” (Бишкеке – 2005ж).

33	Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр	Көркөм чыгармалардан Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү жазуу	Түрлөргө бөлүү. Синтаксистик талдоо	4	3) И.Абдувалиев “Кыргыз тили” (Бишкек – 2003ж); 4) “Накыл китеп” (Бишкек – 2002ж).
34	Кыргыз орфографиясы	Туура жазууга кантип көнүгүү керек?	Кыргызча эссе жазуу (каалаган темада)	2	Карасаев К. Орфографиялык сөздүк – Ф.,1999
35	Которуу иштери	Кыргызча – орусча укук терминдеринин аталышы	Сөздүк менен иштөө	2	Юдахин К. Орусча – кыргызча сµздүк –Б., 2004
36	Стилистика жөнүндө түшүнүк	Стилистикалык талдоо Ч.Айтматов “Тоолор кулаганда” чыгармасы	Стилиситкалык талдоо	3	Жусаев Ж. Кыргыз тили –Б., 2002
37	Стилистистикалык каражаттар.	Ш.Руставели “Жолборс терисин жамынган баатыр” чыгармасы. Котормо А.Осмонов.	Стилистикалык талдоо	4	1.Абдувалиев “Кыргыз тили” (Бишкек – 2003ж);
38	Пунктуаци ж-дө түшүнүк	Тыныш белгилер “Башка тилди жандай жакшы көрсөм да, Өз тилиди сүйгөнүмдөн жаңылбайм” (эссе).	Сүйлөмдөргө пунктуациялык талдоо	4	1.Жапаров Б., Орозова А. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2003ж); 2.С. Давлетов “Азыркы кыргыз тили” (Москва – 1980ж).
				11	
			Бардыгы	**60**	

Студенттердин өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча усулдук сунуштар.

Студенттер адудиториялык сабактардан тышкары өз алдынча иштөөгө үйрөнүүсү зарыл. Азыркы учурда өз алдынча иштөөгө жакшы шарттар бар. Предмет боюнча Интернет булактарынын материалдарын пайдаланууга болот. Ошондой эле практикалык сабактарга, модулдук суроолорго даярдануу, рефераттар, илимий докладдар, укуктук документтерге комментарийлерди жазууну үйрөнүү да студенттердин адистиги боюнча алдыңкы кадр болууга шарт түзөт. Өз алдынча иштөөгө берилген материалдар да модулдук тапшырмаларда, зачет экзамендерде суроо катары киргизилет. Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн жыйынтыгын ушул механизм аркылуу текшерүүгө болот.

Студенттер өз алдынча окуганда сөздүктөр менен иштөөсү эң зарыл болуп эсептелет. Мында терминологиялык, энциклопедиялык, түшүндүрмө сөздүктөрдү жана кыргыз тилинин грамматикасына байланыштуу антонимдер, синонимдер , омонимдер ж.б. сөздүктөрдү пайдалана билүү студенттерди компетенттүүлүккө үйрөтөт.

Предмет боюнча электрондук окуу куралдарын пайдалануу да студунттердин кругозорун гана кеңейтпестен, түйшүгүн да жеңилдетет.

Электрондук окуу куралдарындагы киргизилген гиперссылкалар, глоссарийлер теманы кеңири түшүнүүгө шарт түзөт. Электрондук окуу куралдарында көрсөтүлгөн глоссарийлерди пайдаланып, өз алдынча сөздүктөрдү түзүүнү да үйрөнүү керек.

8.2. Кыргыз тилин (модулдарды) өздөштүрүү боюнча, окуп жаткандар үчүн усулдук көрсөтмө

Окуу – усулдук материалдар

1.Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу Жана жазуу программасынын хрестоматиясы.Бишкек-2004.

2.Дербишева З.СДосоева С.Мажитова З.Тил көпүрө..(Кыргыз тили чет элдиктер үчүн Окуу китеби.

3..Дербишева З.СДосоева С.Мажитова З.Тил көпүрө..(Кыргыз тили чет элдиктер үчүн Мугалимдер китеби.Бишкек-2005

.4.Инна Валькова.,Марина Друзь.,Ирина Низовская.,Ольга Собольева Развитие критического мышления.(Из опыта и внедерние уроков,методов,стратегий. 2-е дополнительное пособие. Фонд-Сорос.-Кыргызстан.

5.Чарльз Темпл.,Жени стиль Жана Керт Мередис.Ар бир сабактагы окуу,жазуу Жана дискуусия. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу Жана жазуу..

6.Чарльз Темпл.,Жени стиль Жана Керт Мередис.. «Сынчыл ойломду өнүктүрүүнүн негиздери.(дисциплиналар аралык программа.)

7. К.Назарбеков “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002ж;.

8. Биалиев А. “Кыргыз тили”

9. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;

10. К.Назарбеков “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002ж).

11. Абдувалиев И. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2003ж).

12. К.Назарбеков “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002ж;.

13. Биалиев А. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002 ж).

14. Горн А. “Кыргыз тилин үйрөнөбүз” (Бишкек – 1997ж).

15. Азыркы кыргыз адабий тили. (А.Иманов.Ж.Сыдыков.б.Орузбаева. Т.Садыков. 2009ж.)

16. А. Осмонкулов “Кыргыз тили” (1-2 бөлүк).

17. Кыргыз тилинин грамматикасы (1980ж.)

18. Касымов “Изучаем кыргызкий язык” (Бишкек – 1991ж);

19. Жапаров Б., Орозова А. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2003ж);

20.С. Давлетов “Азыркы кыргыз тили” (Москва – 1980ж).

8.2. Кыргыз тилин (модулдарды) өздөштүрүү боюнча, окуп жаткандар үчүн усулдук көрсөтмө

Окуу – усулдук материалдар

1.Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу Жана жазуу программасынын хрестоматиясы.Бишкек-2004.
2.Дербишева З.СДосоева С.Мажитова З.Тил көпүрө..(Кыргыз тили чет элдиктер үчүн Окуу китеби.
3..Дербишева З.СДосоева С.Мажитова З.Тил көпүрө..(Кыргыз тили чет элдиктер үчүн Мугалимдер китеби.Бишкек-2005
.4.Инна Валькова.,Марина Друзь.,Ирина Низовская.,Ольга Собольева Развитие критического мышления.(Из опыта и внедерние уроков,методов,стратегий. 2-е допольнительное пособие. Фонд-Сорос.-Кыргызстан.
5.Чарльз Темпл.,Жени стиль Жана Керт Мередис.Ар бир сабактагы окуу,жазуу Жана дискуусия. «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу Жана жазуу..
6.Чарльз Темпл.,Жени стиль Жана Керт Мередис.. «Сынчыл ойломду өнүктүрүүнүн негиздери.(дисциплиналар аралык программа.)
7. К.Назарбеков “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002ж;.
8. Биалиев А. “Кыргыз тили”
9. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
10. К.Назарбеков “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002ж).
11. Абдувалиев И. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2003ж).
12. К.Назарбеков “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002ж;.
13. Биалиев А. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2002 ж).
14. Горн А. “Кыргыз тилин үйрөнөбүз” (Бишкек – 1997ж).
15. Азыркы кыргыз адабий тили. (А.Иманов.Ж.Сыдыков.б.Орузбаева. Т.Садыков. 2009ж.)
16. А. Осмонкулов “Кыргыз тили” (1-2 бөлүк).
17. Кыргыз тилинин грамматикасы (1980ж.)
18. Касымов “Изучаем кыргызский язык” (Бишкек – 1991ж);
19. Жапаров Б., Орозова А. “Кыргыз тили” (Бишкек – 2003ж);
20.С. Давлетов “Азыркы кыргыз тили” (Москва – 1980ж).

8.3.Жазуу иштерин даярдоо боюнча усулдук сунуштама

Жазуу – тил үйрөтүүдөгү негизги максаттардын бирин ичине алуу менен ал студент-жарандардын жазуу ишмердүүлүгүн жетекчиликке алуу аркылуу жүзөгө ашуучу жөндөм. Жазуу жөндөмү студент-жарандардын көргөн-билгендерин, ички сезимдерин, керектүү ойлорун, пландарын өзүнө жана башкаларга түшүнүктүү кылып берүү үчүн кагазга түшүрүлгөн иш чаралар менен коштолот. Ал жазуу аракетин гана көздөбөстөн, адамдардын ортосундагы толук кандуу карым-катыштын куралы катары кызмат кылгандыгы менен айырмаланат. Мамлекеттик тилдеги жазуу эрежелерин үйрөнүү студент-жарандардын официалдуу аракетин жөндөп туруучу бардык ишмердүүлүгүн, өзгөчө жазуу эрежелери аркылуу жарандын сөздүк корун, орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди өздөштүрүүсүн да камсыз кылат. Жазуу иштерин үйрөнүү туура жазууга калыптандыруучу багыт болуп саналат.

Сунушталып жаткан бул программа педагогиканын дидактикалык принциптерин жетекчиликке алуу менен жөнөкөйдөн татаалга, жеңилден оорго карай багытталып, натыйжада студент-жарандарга кыргыз тилинде юридикага таандык түшүнүктөрдү

кабылдоо жана аны Мамлекеттик тилде ишке ашырууну, бул тарапта адис кийин иш алып баруусуна көмөктөшүүгө максатталууда. Ошол себептен коммуникативдүүлүктү тандап алган бул программа сабактарды блокторго бөлүү менен бирге сунушталып жаткан тексттердин бардыгын тең дал ушул юридикалык адистигине ылайык тандагандыгы аркылуу буга чейинки программалардан айырмаланат. Ошондуктан берилген текст ой-пикир же маалымат алмашуунун гана милдетин аткарбастан, ал тикелей карым-катнаш кылууга үйрөтүүнүн жолдорун, келечекте аталган тилди өз ишинде колдоно билүүсүнө жетишүүсүн максат кылат.

8.4.Башка материалдар

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫЙ ЖЕРЛЕРИ ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАКТАН КИРЕШЕЛҮҮ ТАРМАК

Бурана мунарасы караханийлер дооруна таандык тарыхый-архитектуралык эстелик. Чүй өрөөнүндөгү Токмок шаарынан 15 км түштүк-батышта жайгашкан. Мунара аймактагы түрктөргө ислам тарала баштаган мезгилде X кылымдын аягы – XI кылымдын башында курулган. Бурананын айланасында курулуштун калдыктары чеп дубалдар бул жерде бир мезгилде Карахандар мамлекетинин борбору Баласагун шаары окум сүргөндүгүн ырастайт.

Өзгөн архитектуралык комплекси

Бир мунара үч мавзолейден турат. Өзгөн шаарында бийигирээк тектирчеден орун алган. Бул архитектуралык комплекс XI-XII кылымда Карахандар доорунда курулган. 1920-жылы рестоврацияланган. Ошондой эле дубалдарынын кээ бир жерлеринде диний мазмундагы тексттер кездешет.

Шах-Фазил күмбөзү

Кыргызстандын аймагындагы XI-XIV кылымдарга таандык архитектура эстелиги. Ала-Бук районундагы Гүлстан кыштагында жайгашкан.Шах-Фазил күмбөзү азыркы Кыргызстандын чоң шаарларынан алыстыгына карабай чет элдиктерди өзүнө тартып турат.

Шырдакбектин чеби.

X- XV кылымдарга таандык сепил. Ак-Талаа районундагы Чолок-Кайың кыштагынын түндүгүндө, Ала-Бука суусунун жээгинен орун алган. Чеп чарчы түрдө салынып, түштүк тараптагы дубалынын узундугу 117 метр.

Таш-Рабат кербен сарайы

Нарын облусунун Ат-Башы районунан 78 чакырым батышта, Каракоюн капчыгайындагы суунун боюнда орун алган.Негизинен Таш-Рабат кербен сарайы 31 бөлмөдөн турат.

Манас күмбөзү

Орто кылымга таандык архитектуралык эстелик. Талас районундагы Кеңкол өрөөнүндө жайгашкан. Пирамида түрүндөгү төрт бурчтуктун үстүнө орнотулган 16 кырдуу чатыры бар. Оймо-чийме менен кооздолгон.

Сулайман-Тоо

Ош шаарынын так ортосунда, Ак-Буура суусунун сол жээгинен орун алган. Бир нече үнкүрлөрү бар. Ошондой эле бир нече сыйынуучу ыйык жайлар бар: Бел-Таштан, Кол таш, Бешик энеге,Хуркызга,Кырк чилтен. Сыйынуучулардын саны бир жылда 16-17 миң адамды түзөт.

Саймалуу Таш

Фергана тоо кыркаларынын эң бийик чокуларында биздин заманга чейинки II-I миңинчи жылдар аралыгында аскадагы таштарга чегилген сүрөттөр, чиймелер, жазуулар. Болжолу 10 гектардай аянтта мында сызуу-чийүүлөр ачык асман алдында жатат. Жетүүгө абдан кыйын, тоо башында болгондуктан бул жерди кыргызстандыктардын да көбү көргөн эмес. Бирок ошого карабастан бул жөнүндө уккан чет элдиктер, туристтер, окумуштуулар көп барышат.

УЛУТТУК МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАР – КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНЫН БИЙИК ЖЕТИШКЕНДИГИ

КОМУЗ, ООЗ КОМУЗ, ЧООР, КЫЛ КЫЯК

Илгери-илгери Камбаркан деген киши жашаптыр. Бир күнү ал токойду кыдырып жүрсө, бир үн чыгат. Ал жакты карайт, бул жакты карайт, үндүн кайдан чыгып жатканын билбейт. Абайлап басып, бир жерге келсе, кандайдыр бир жаныбар өлүп, анын ичегилери эки даректын арасына тартылып калган экен. Ошол ичеги шамал болгон сайын үн чыгарып жатыптыр. Анан ушундай кылса болот турбайбы деп айылына келип, Камбаркан койдун ичегисин кургатып, аны тилип, ичкертип кыл жасап, аны жыгачка тагат да чертип көрсө үн чыгат. Ошентип комуз пайда болот. “Күүнүн башы-Камбаркан ” деген калк сөзү да ошондон калган. Бул албетте, уламыш. Канткен менен байыртадан бери эле комуз эл арасында өтө кеңири тараган музыкалык аспап катары белгилүү. Комуз кыргыздардын жамандык-жакшылыгына, аш-тоюна ортоктош.

Каардуу Айкандын баласы өлгөндө эл аны кантип угузаарды билбей турганда Кетбука комузчу жалаң комуз чертип отуруп бул суук кабарды ханга жеткирген экен. “Сынган бугу”, “Көкөй кести”, “Кыргыз күүсү” деген күүлөрдө элдин башынан өткөн оор күндөрү баяндалат. Комузда күүлөр гана эмес обондуу ырлар да коштолот.

Комуздун кылдары үчөө болуп, жарыш тартылат. Аны ичегиден жасашат. Койду соёру менен ичегисин муздак сууга салат да, тазалап, оңго ийрип, керип туруп, кургатат. Анан ошондон кыл жасайт.

Комуздун адам көкүрөк тушуна кармаган жагы чара деп аталып, ичи көңдөй болот. Ал капкак менен жабылып,капкактын орто ченине үн чыгара турган тешик калтырылып, ичке кылдар ошол жерден өтүп, тээк менен тирелип турат.

Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнө барган кезде биздин комузчулардын өнөрүн көрүп, музыка изилдөөчүлөр булар нотасыз эле кантип ойношот деп таң калышчу экен. Азыр эми комуз улуттук аспаптардын оркестринде башкы инструменттердин бири. Музыкалык окуу жайларында, улуттук консерваторияда комуз класстары уюшулган.

Ал эми ооз комузду темир ооз комуз жана жыгач ооз комуз деп аташат да, муну ооз көңдөйүнөн чыккан желге ыңгайлуу эринге коюп кагат. Темир комуздун жаагын темирден, жезден, күмүштөн даярдаган да ошол жаакты ийип, ортосуна тил жасайт. Анысы курч, ичке болгон зымдан турат. Жыгач ооз комуз болсо, жогорудагыдай эле түзүлүштөн куралып, жаагын шилби, ыргай, жылгын, сары жыгач сыяктуу катуу өсүмдүктөрдөн жасап, тилине жип байлайт.

Ооз комуздар эриндерге коюлуп, ооздун, тилдин жардамы менен күүгө келет. Алардан чыккан күү өзгөчө укмуктуу келип, адам өнөрүнүн таң каларлык кереметин көрсөтөт. Бул аспаптар эч кандай нотасыз эле ойноло берет.

Чоор болсо үйлөмө аспап болуп, шилби, камыш, чогойно, темир жана башка материалдардан жасалат. Ичи көңдөй болуп 3-6 жеринен көзөнөк оюлат да ошол көзөнөктөрдү улам улаштырып басуу менен үндүн ыргагы, добуш өзгөрүп турат. Ага үйлөп жаткан адамдын катуу же акырын үйлөгөнү кошумча болот.

Кыл кыяк абдан муңдуу ырларды ийине жеткирип ойноодо чоң артыкчылыкка ээ. Муңдуу добуш чыгарууну кыргыздар “кыяктын үнүндөй” деп коёт. Комуздай эле кыл тагылат, аны чертпей, жаа жыгачы менен тартып ойнойт.

МАМЛЕКЕТТИК ОКУУ ЖАЙЛАР ЖАНА АЛАРДЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАКТАН КОЛДОО

1991-жылы августта Кыргызстандын көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү жарыяланып, өлкөбүздө ар тараптуу ири реформалардын жүргүзүлүшү менен катар экономикалык кыйынчылыктар болуп жатканына карабастан билим берүү, маданиятмайданында

көптөгөнөзгөрүүлөр ишке ашырыла баштады. Билим берүү системасынын бардык баскычтарында реформалар жүргүзүлүп жатат. Анын негизги өзөгүн Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы”, “Билим программасы”, “Президенттин XXI кылымдын кадрлары”, “Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү” программалары ж.б. расмий документтер, концепциялар түзөт. 1992-жылы Жогорку Кеңеш кабыл алган “Билим берүү жөнүндө” мыйзамында дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүндөгү билим берүү практикасында топтолгон жетишкендиктер эске алынып, мектептерде, кесиптик-техникалык окуу жайларында, атайын орто окуу жайларында адистерди заманга шайкеш даярдоо үчүн окутуу усулунда, ыкмаларында олуттуу жылыштар жүрүүдө. Окуу жайлардын бардык түрүндө кыргыз тили окутулуп жатат. Буга 1989-жылы кабыл алынган “Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзам” чоң демилге берди.

2000-2001-окуу жылында ЖОЖдордун саны 40 ка жетип студенттердин саны да өстү. Студенттердин санынын өсүшү ЖОЖдордун ачылышына байланыштуу. Мисалы: Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен 2000-жылы Баткен жана Талас мамлекеттик университеттери ачылды, ошондой эле ЖОЖдордун филиалдары, окуу консультациялык бөлүмдөр пайда болууда.

1991-жылдан кийин бир далай жаңы ЖОЖдор ачылып, мурдагы институттар университетке айланды. 1992-жылы политехника институтунун базасында Кыргыз техникалык университети Кыргыз архитектуралык-курулуш институту иштей баштаган. Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү мейкинине киришине биргелешкен окуу жайларды ачуу чоң көмөк көрсөтмөкчү. Ушул максатта Кыргыз-Түрк лицейи, Кыргыз-Түрк университети, Кыргыз-Өзбек жогорку технология колледжи, Кыргыз-Орусия (Славян) университети, Кыргызстан эл аралык университети, КУУнун алдында кыргыз-америка, кыргыз-европа факультеттери, жапон жана чыгыш элдеринин тилдерин үйрөнүү боюнча чыгыш факультети ачылган. Кыргыз-Америка факультетинин базасында 1998-жылы Кыргыз-Америка университети ачылган. Ошондой эле дүйнөдө бир гана КУУда уйгйр филологиясын изилдөөчү адистерди даярдоо боюнча уйгур факультети ачылган. Институттардын бардыгы университет статусун алышты. Институт, колледждер академияга айланды. Нарын, Талас, Балыкчы шаарларында ЖОЖдор ачылды. Бул билим алууга көрүлгөн жигердүү камкордук жана колдоо экендиги талашсыз экендигинин күбөсү.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БАНК ИШТЕРИ

Банктар ар кандай экономиканын маанилүү бөлүгүн түзөт. Кыргызстан улуттук банкынын милдеттеринин бири өлкөдөгү жүгүртүлүп жаткан акчанын санын көзөмөлдөп туруу. Бул акчанын наркына таасир этет. Бирок бул банктын өзүнүн клиенттери жок.

Менчик ишканалар үчүн өз акчаларын кайсы жерде эң көп пайда алып келе турган болсо, ошол жакка жумшай турган коммерциялык банктардын болушу маанилүү. Мындай банктар жаңы байлыкты төмөндөгүдөй жолдор менен табууга умтулушат.

- бош турган акчасын өз клиенттерине берүү (чакан көлөмдөгү % терди алышат)
- бул акчаны адамдарга жана компанияларга карызга берүү (белгилүү өлчөмдөгү % менен)

Адатта банктар компаниялар сыяктуу иштейт да, кредиттерди эң төмөнкү өлчөмдө берүү жана өздөрүнүн салымчыларына (банкка салгандарга) мүмкүн болушунча көбүрөөк үстөк пайыз төлөө үчүн өз ара атаандашат.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Кыргыз Республикасынын 9 айдын социал экономикаөнүгүү боюнча маалыматтарына таянсак, анда 2010-жылдын башында улуттук экономика көтөрүлө баштаган. Бул бүт дүйнөнүн экономикасын оңолууга кетирилген жана туруктуу экономикага кризистен кийин 2009-жылга караганда 1-кварталда 2010-жылы биздин өсүш ички рынокто 116,4 пайыз, ал эми өнөр жай 182 пайызга, курулушта 135, 1 пайызга өскөн.

Апрель айында өткөн окуялардан кийин биздин ички чыгарган натыйжа бир топ кыскарып кеткен. Январь менен март айында 116,4 пайызга январь менен апрель айларында 111,3 пайызга 2010-жылы май айында акырындап өсүш ички натыйжалар 109,7 пайызды түздү. Акчалай санап келгенде 66,4 млрд. Сом болду. Маалыматтарга караганда "Кумтөр" алтын комбинатынын ички натыйжалары 105,5 пайызды түздү. Экономикалык өсүштөргө июнь айындагы Ош коогалаңы өз таасирсн тийгизди. Натыйжада экономикалык өсүш 109,7 пайызды түздү. Болуп өткөн коогалаңдардын себебинен экономикалык өсүш төмөн түшүп кетти. 2011-жылы январь менен июнь айларында соода тармагы, ошондой эле экономикалык база кыскарып кетти. Өлкөнүн ички продукциясы төмөн түштү. Ошол эле убакытта биздин экономикалык өсүш бул өнөр жай болду. Өнөр жайдын көрсөтүлүшү 17,6 пайызга жетти.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Кыргыз Республикасынын Германия Федеративдүү Республикасы менен соода-экономикалык мамилелери негизинен бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун жана Кыргыз Республикасы менен Европа Биримдигинин ортосунда түзүлгөн макулдашуулардын алкагында жүргүзүлөт.

Германия Европадагы Кыргыз Республикасынын негизги соода шериктеринин бири болуп саналат. Товар алмашуулардын көлөмү төмөн, бирок эки тараптын тең берген баасы боюнча келечекте алардын көлөмү жогорулашына толук мүмкүнчүлүк бар. Кыргызстан үчүн Германия, КМШ өлкөлөрүнөн тышкары, Англия, Кытай, Түркиясыяктуу негизги инвестор-өлкө болуп эсептелет. Инвестициялык кызматташуу негизинен электроэнергетика, тоо-кен өнөр жайы жана туризм тармагына багытталган.

Германиянын Бонн шаарында 2009-жылдын 13-14-майында болуп өткөн өнүгүү максатында кызматташуунун маселелери боюнча кыргыз-германия өкмөттөр аралык сүйлөшүүлөрүнүн жүрүшүндө эки тарап тең Кыргызстандын өнүгүү кызыкчылыктарынын чегинде жана Европа Биримдигинин Борбордук Азия стратегиясына ылайык туруктуу экономикалык өнүгүү жана саламаттыкты сактоо реформалары тармагында мындан ары дагы кызматташууну улантуу тууралуу макулдашышты.

"Туруктуу экономикалык өнүгүү" аттуу кызматташуунун башкы багыттарынын программасы экономиканын жеке секторлорун күчөтүүгө багытталган. Бул программанын башкы максаты: микрофинансылык секторду жакшыртуу. Тагыраак айтканда, айыл жергесинде, жалпыга жагымдуу экономикалык шартты түзүүдө өкмөттүн жана бирикмелердин консультациялык жардамын, ошондой эле кесиптик билим берүүдө консультациялык жардамды күчөтүү болуп саналат.

Германия Бириккен Улуттар уюму, Европалык комиссия, Бүткүл дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы, Европалык өнүктүрүү жана реконструкция банкы сыяктуу эл аралык

институттарынын программаларын биргелешип каржылоо үчүн көптөгөн каражаттарды бөлүп турат.

БАЛДАР УКУГУ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Азыркы учурдагы коомдогу *эң актуалдуу* көйгөйлордүн бири болуп балдардын мектепке кабыл алынышы жана алардын укугунун жалпы билим берүү мекемелеринде каралышы болуп эсептелет. Кыргызстан ар бир адамдардын окууга болгон укугун *экономикалык* , социалдык, маданий укуктар жөнүндөгү *эл аралык* ПАКТты ратификацилаган өлкөлөрдүн бири.

Билим берүү сферасындагы ар түрдүү көйгөйлөр , акысыз билим алуудагы укук бузуулар, мектеп формалары, мектепке кабыл алуудагы тест алуу, билим алуудагы төлөмдөр жана *жалпы билим берүү* мекемелериндеги психологиялык жана физикалык куч колдонуу боюнча маселелери каралышы зарыл болуп турат. Бул боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик балдардын укугун коргоо департаменти алгылыктуу иштерди жасап жатат.

Баланын инсан катары калыптанышы жана аны социалдаштыруу үй-бүлөнүн, мектептин, жамааттын таасиринде болот. Бул социалдык билим берүү мейкиндигинин үч түзүүчүсү баланы өнүктүрүү жана анын инсандыгын калыптандыруу үчүн шарттарды түзөт.

Акыркы жылдарда балдардын укугун коргоо боюнча ЮНИСЕФтин жасап жаткан иштери колдоого алаарлык.

КЫРГЫЗСТАНДЫН КӨМҮР КЕН БАЙЛЫКТАРЫ

Өлкөдө 12 көмүр шахтасы жана 5 көмүр ишканасы иштейт. Эң ири көмүр кени Кара-Кечеден бир жыл ичинде 6 млн тоннага чейин көмүр казып алса болот. Өзгөн басейниндеги көмүр көп жылуулукту бөлүп чыгаргандыгы менен айырмаланат.

Кыргызстан кен байлыктары негизинен күйүүчү заттар, металлдар, металл эместер, жер астындагы суулар менен дары баткактар болуп 4 ири топко бөлүнөт. Көмүрлүү аймактар Түндүк Тянь-Шань жана түштүк Тянь-Шань болуп экиге бөлүнөт. Биринчисинде Кабак бассейни менен Түштүк Ысык-Көл көмүрлөрү району, экинчисинде Өзгөн бассейни, Түштүк Фергана жана Түндүк Фергана көмүрлүү райондору бар. Жер үстүнөн эле ачык казып алынчу энергетикалык көмүрдүн арбын запасы Кабак көмүр бассейнинде топтолгон. Бул бассейндеги көмүр кендеринин эң ириси – Кара – Кече кени. Анын запасы жылына 6 млн. Тонна көмүр казып алууга боло турган кесилишти курууга мүмкүндүк берет. Көмүр кендеринин геологиялык түзүлүшү анча татаал эмес. Таш-Көмүр катмарлары көбүнчө жука жана орточо. Күрөң көмүрдүкү көбүрөөк болот.

КОРУКТАРДЫН ЭКОНОМИКАГА КОШКОН САЛЫМЫ

Бешарал коругу-Чаткал тоосунун түндүк-батыш капталында, Терс суусунун алабында жайгашкан. 1979-жылы Батыш Теңир-Тоонун көптөгөн сейрек жана жоголуп бараткан жаныбарларын, айрыкча бүткүл дүйнөлүк кызыл китепке катталган мензбир суурун сактоо максатында уюшулган. Аянты 116.7 миң га. Корук деңиз деңгээлинен 950-2300 м бийиктикте жайгашкан. Чаткал өрөөнүнүн төр жагы акырындап кууш капчыгайга, анан кенен төрлөргө өтөт. Орто бөлүгү тектирлүү түздүк; төмөн жагы шаңшаар.Тоо капталдары капчыгайлуу, Өрөөн аркылуу Чаткал суусу агат. Климаты мелүүн, континенттик. Коруктун аймагына саванна сымал

жана дүңгөлүү талаа ландшафты, түрдүү чоптүү шалбаа мүнөздүү. Токой жана сейрек токой массивдери 30 миң гадай жерди ээлейт. Өсүмдүктүн 300гө жакын түрү бар, анын 30у чанда кездешүүчүлөрдөн. Талааларда аюу чач, шашыр ж.б. басымдуу. Жоогазын, шыбак, чекенде, кызыл от, кымыздык ж.б. да өсөт.

Нарын коругу-Нарын областынынчыгышында,Нарын дарыянын сол үйүзүндө.1983-жылы 29-декабрда уюшулган.Чоң-Нарын менен Кичи Нарындын кошулган жеринен чыгышты карай 11км аралыктан башталып, Нарын тоонун түн. Бетиндеги токойлуу массивди ээлейт.Коруктун жалпы аянты 24969 ганы түзөт,мындан сырткары ага жанаша жаткан 53388 га аянткоргоо зонасы болуп эсептелет.Корук бул аймактын табияттын бузбай,өз абалында сактоо максатында түзүлгөн.Жаныбалардын 50 түрү,өсүмдүктөрдүн 1870 түрү кездешет. Мында Кырг-ндын башка аймактарында жашабаган маралдарбар;андан башка тоо эчки, аркар,кулжа,элик,аюу,карышкыр,илбирс,сүлөөсүн,суусар,тыйын чычкан ж.б. мекендейт.Өсүмдуктөрдөн карагай,четин,тал,итмурун,карагат, акчечек,арча ж.б. өсөт. Сырчат-Ээрташ коругу-Ысык-Көл областынын Жетөгүз р-нун аймагында.Корук Тескей Ала-Тоонун түш. Капталындагы Срычат,Борду(Үчкөл суусунун башы) сууларынын алыбын ээлейт.Аянты 72080 га. Корук 1995-ж. Уюштурулган.Коруктун максаты уникалдуу тоо ландшафтын коргоо,аркар,тоо эчки,КОРУКТАР 307 илбирс сыяктуу азайып сейректеп бара жаткан жаныбарларды сактоо болуп эсептелет.

САРЫЧЕЛЕК БИОСФЕРА КОРУГУ-Чаткал кырка тоосунун түш капталдарынын чыгыш жагында жайгашкан.Жалал-Абадобластындагы Аксы районунун аймагындагы табигый аймак. 1959-ж.уюшулган.1979-ж.ЮНЕСКО тарабынан биосфера коруктарынын эл аралык тармагына киргизилген.Коруктун негизги милдети-мөмөжемиштүү жаңгак токой комплексин,анын фаунасын калыбына келтирүү, изилдөө жана коргоо.Аянты 23,8 миң га , анын 6,7 гасын токой,15,1 гасын шалбаа,талаа,аска,көл-суулар ээлейт.Рельефи тоолуу.Деңиз деңг. Эң төмөн жайгашкан жери 1200 м , эң бийик жери 4247м (Музтөр чокусу).Рельефине терең өрөөндөр, капчыгайлар менен тилмеленген тоолор мүнөздүү.Жалама зоокалар, оркойгон аскалар, шагылдуу беттер да кездешет.Сарычелек көлүнүн түш. Жагындагы жапыз дөбөлөр “Тоскоол” деп аталып,алардын арасындагы чуңкурларда 6 көл бар:Кылаакөл,Ийрикөл,Бакалыкөл,Арамкөл,Чөйчөккөл,Чачакөл.Сарычелек көлү жер тегерегинде жер көчкү өрөөндүн таманын бөгөп калышынан пайда болгон.Кожата суусу коруктун аймагын экиге –батыш жана чыгыш бөлүктөргө бөлөт.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ДАРЫ СУУЛАРЫНЫН ЭКОНОМИКАГА КОШКОН САЛЫМЫ

Кыргыз жергесиндеги минералдык жана арашан суулар эзелтеден эле дарылык үчүн кеңири пайдаланылып келген. Ал эмес кээ бир булактарга эзелки эл ыйык катары сыйынып, кээ бир булактарга киринип, котур жана кулгуна оорусунан айыгыш үчүн кеңири пайдаланышкан. Суу атайын көөкөр идиштерге куюлуп, көз оорулуу кишиге көзүн жууш үчүн колдонулган. Кээ бир минералдык же арашан булактарга өзгөчө маани берилип, касиеттүү “мүрөк суу” – деген сыйкырдуу наам да берилген. Минералдык жана арашан суулардын санын эсепке алып, алардын сапатын, запасын жана жаратылышта пайда болуу закон ченемдүүлүктөрүн чечмелеп берүүдө биздин геологдордун салымы зор. Гидрогеологдор минералдык жана кайнар булак суулар чыккан жерлерди суулардын түрлөрү жана сапаты боюнча ажыратып, алардын пайда болуу доорuна ылайык ар кандай геологиялык жана экономикалык райондорго бөлүшөт. Негизинен жер астынан булак болуп чыккан минералдык жана арашан суулар төмөнкү алты топко бөлүнөт:

1. Кара-Балта жана Чүй сууларынын ортосуна жайгашкан минералдык жана арашан суулар: бул райондо жайгашкан дарылык касиети бар минералдык жана арашан

суулар эзелтеден эле кыргыз элине белгилүү болуп, ар кандай ооруларды дарылоо максатында пайдаланылып келген.

2. Ысык_Көл аймагында жер астынан чыккан минералдык жана арашан суулар: Айтылуу Ысык-Көлүбүздүн аймагы жаратылышынан эле минералдык жана арашан сууларга бай. Бул аймакта азыркы кезде 25тен ашык булактардын чыккан жери белгилүү. Ысык-Көл аймагында жайгашкан минералдык жана арашан суулар Улакол, Туура-Суу, Ара-Бел, Жети-Өгүз, Ак-Суу, Кереге-Таш, Алтын – Арашан, Үч-Кайнар , Жыргалаң өндүү жерлерден чыгат.
3. Соң-Көл аймагындагы минералдык жана арашан суулар: бул райондо 14 жерден чыккан минералдык жана арашан суу кендери белгилүү. Алар Кара-Кече, Чамынды, Ак-Терек, Киндик, Соң-Көл, Үгүт, Арал, Көкөмерен, Нарын, Актал.
4. Борбордук Тянь-Шандагы минералдык жана арашан суулар:Кызыл-Белес,Шилбили,Сурташ, Күлүк,Каракол,Терек, Кара-Кулжа, Кара-Дөбө, Чатыр-Көл, суулары.
5. Фергана өрөөнүндөгү минералдык жана арашан суулар: Фергана өрөөнүн курчап турган аймакта минералдык жана арашан суулардын кени чыккан жерлер көп: Жалал-Абад,Гүлчө,Кочкор-Ата,Кара-Шоро,Сузак,Шор Булак,Майлы-Сай,Ак-Таш ж.б.

6.Заралды-Кызыл-Суу минералдык жана арашан суулары:бул дары суулар Туркестан-Алай тоо кыркасынын түштүк аягында жайгашкан. Алар: Сүлүктү,Арча-Башы,Жылуу-Суу,Кара-Кабак,Чоң-Алай.

Кыргызстандын дары суулары мамлекет тарабынан мыйзам-ченемдүү коргоого алынып, аны кирдетип,булгагандар тиешелүү деңгээлдеги жазаларын алышат. Анткени, бул суулар коруктагы сууларга кирет.

ТЫШКЫ СООДА

Кыргыз Республикасынын соода шарты КМШ мамлекеттери арасынан абдан либералдуу болуп саналат. Бул жерде эркин соодага тоскоолдук кыла турган жеке же артыкчылыктуу укуктары бар мамлекетти ишканалар жок. Лицензиялоо экспорттолгон жана импорттолгон товарлардын айрым түрлөрүнө карата колдонулат. Дүйнөлүк тажрыйбада белгилуу болгондой мындай товарлардын тизмесинде курал-жарак, дары-дармек, баалуу металлдар жана искусство эмгектери бар. Импорттолгон товарларга 10 пайыздык салык чегерилет. 1 млрд. АКш долларына жеткен тышкы соодада, аны көлөмүн өстүрүү багытында либералдык соода тартиби маанилүү болуп эсептелет. Кыргызстан, Казакстан, Таджикистан, Белорусия жана Россия Федерациясындай эле Евроазиялык экономикалык кошуунунун алкагындагы эл аралык экономикалык уюмдар жана чет элдик инвестицияларга бирдей мүмкүнчүлүгү бар жалпы төлөм системасына ээ. 1998-жылы Кыргызстан Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна кириши менен өлкөнүн тышкы соода байланышы жанданган. Анын жыйынтыгында өкмөт өзүнө баа чен өлчөмүн арзандатуу жоопкерчилигин алган. Мындан сырткары, Кыргызстан бир ктар товарлардын, мисалы, авиациялык техникаэлектроника, эмерек, оюнчук, жыгачты иштетүү ж.б.дын наркын арзандаткан, “нолдук” тармактагы келишимдерге кошулган. Бүткүл дүйнолүк соода уюмуна мүчө бардык мамлекеттерде кыргыз экспорту эң эле шарты ыңгайлуу тартипти пайдаланат. Кыргызстан дүйнолүк рынокко электроэнергия, алтын, сөңгөк, жүн буюмдарын,пахтадан жасалган кездемелерди, тамеки,сурьма жана сымапты чыгарат. Ал энергетикалык ресурстардын, мунай зат, табигый отун, комүр, жер семирткич жана башка химиялык заттардын, унаа жана жабдуулары, транспорттук каражаттары менен тетиктери, тиричлик шаймандары боюнча импортер болуп саналат. Өкмөт КМШнын башка мамлекеттери,

Россия, Казакстан, Таджикистан, Өзбекстан, Беларусия, Украина менен соода жана экономикалык маилелерин өнүктүрүү боюнча иштөөдө. КМШ өлкөлөрүнөн сырткары Кытай, Германия,Швейцария,Турция,Улуу Британия,Акш башкы өнөктөштөрү. Сырткы соодада Кыргызстан соңку жылдары Борбордук Азияга жана Россияга кытай товарларын кайра экспорттоо борбору болуп калгандыгы маанилүү фактор болуп саналат. Бүткүл дүйнөлүк банктын эксперттеринин баамында, кыргыз соодагерлери товарды ылайыктуу баада сатып алуу боюнча жана аларга суроо-талапты аныктоодо Борбор Азиядагы башка мамлекеттеги өнөктоштөрүнөн атаандаштыгы жагынан алдыда. 2008-жылы Кыргызстандын эки ири базарлары аркылуу товарлардын дүңүнөн сатылган көлөмү 2.7 млрд АКШ долларына бааланган. 2009-жылы тышкы экономикалык ишмердүүлүк төмөнкү мамлекеттер менен кызматташуунун таасирин күчөтүүгө багытталган. Алар: Казакстан, Кытай, Азербайджан, Турция, Иран, Малайзия, АКШ, Озбекистан, Таджикистан, ж.б. мындан сырткары экономикалык биримдикке кирген өлколөр: КМШ, ЕврАзЭС,ШКУ.

2009-жылы тышкы соода көлөмдорүнүң бир кыйла азайышы дүйнолүк каржы капаатынын таасиринин себебинин артында болгону бышык. Ошондуктан, көпчүлүк өндүрүш ишканалардын негизги өнөктөштөрүнүн (Россия, Казакстан) продукцияларынын сатылышы начар болуп, төлөөгө чамасы болбой калгандыктан токтоп туруп калган. Ир өндүрүш ишканаларынын айласыз иштей албай турганын өзү , өндүрүш үчүн керек болгон отун-энергетикалык ресурстун импортуна суроо-талапты азайткан. Сырткы соодадагы кризистин кесепеттерин төмөндөтүү үчүн бир ктар чаралар көрүлгөн. Ал тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучулары үчүн тышкы соода базаны жакшыртуу жана кеңейтүү болгон. Ошондой эле, тышкы соода тармагында “бирдиктүү терезе борбору” Ми уюштурулган. Бул чаралардын баары сырткы соодадагы тоскоолдуктарды кыскартуу, оптималдаштыруу менен жөнгө салууга багытталган. Бул өз кезегинде тышкы экономикалык байланыштар кеңейтүү артында акырындап мамлекеттин экспорттук жөндөмүн жогорулатуу болуп саналат.

КУРМАНЖАН ДАТКА АТЫНДАГЫ КАЙРЫМДУУЛУК ФОНДУ

Мамлекеттик тарыхый улуу инсан “Курманжан датка” атындагы фонд 1995-жылы негизделген. Фонддун жетекчиси белгилүү айым Жылдыз Жолдошова. Фонд негизги эки багыттан турат.

1. Крманжан датка эненин бсып өткөн жолун дүйнө жүзүнө жеткирүү жана жаш муундарга калтыруу.
2. Кайрымдуулук иштерин жүргүзүү. Биринчи багыт боюнча 7 долбоор каралган. Ал долбоорлор боюнча учурда Ысык-Көл жээгине “Курманжан датка” атындагы тарыхый комплекс жана кыргызды кыргыз кылып түптөгөн улуу тарыхый инсандарыбыздын, Барсбектен баш болгон 11 инсандын скульптуралык композициясы жана кыргыз элинин тарых музейи курулуп жатат.

Курманжан датка энебиздин басып өткөн жолу боюнча тарыхый фильм тартуу үчүн сценарийлер жазылып, чет элдик сүйлөшүүлөр жүрүп жата. Акыркы долбоор Бишкек шарында “Курманжан датканын” үй музейин куруу болуп эсептелет.

Толук 13 жылдын ичинде фонд тарабынан 300000 ден ашуун үй-бүлө жардам алышты. Бул жардамдар жөнөкөй материалдык жардамдан баштап, ошондой эле моралдык жактан, тактап айтканда укутары тебеленген карапайым үй-бүлөлөргө жардам берилди. Социалдык жактан аз камсыз болгон 100 дөн ашык үй-бүлөгө саан мал, торпок, кой, эчки, тоок, үй жандыктарына ээ болушуп, бир жылдан кийин алардын төлүнө ээ болуу менен алардын биринчи туяктарын башка үй-бүлөгө өткөрүп берүү жолдору менен бири-бирине жардам берүү иш чаралары жүргүзүлдү. 225 балага татаал операцияларды жасоодо акча каражатын таап берип, алардын өмүрүн сактап кала алышты. Натыйж ада элдин ыраазычылыгы билдирилүүдө. Бул өтө чоң аракет. 2008-жылдын декабрында Республика тарабынан жалгыз гана ушул фонд биринчилерден болуп,

Москва шаарындагы дүйнөлүк деңгээлдеги көз оору боюнча С.Н. Федорова, жүрөк оору боюнча А.Н. Бакулева жана онкология боюнча Н.Н. Бурденко атындагы клиникалар менен келишим түзө алган.

9. ***Дисциплинаны (модулдарды) материалдык-техникалык камсыздоо***
Окуу китептери, видеороликтер, электрондук китепканалар, видеороликтер, слайддар, сценарийлер, кесипке багытталган тексттер, тесттер, сүрөттөр, аудио, видео материалдар, интерактивдүү оюндар, таймаштар, дебаттар, конференциялар ж.б.

10. Глоссарий

Акча – бул өзгөчө товар. Бардык нерсеге эквивалент болуучу баалуу кагаз.
Акы – иштеген иш үчүн берилүүчү төлөм.
Инфляция – кагаз акчанын керектүү өлчөмдөн көп чыгып кетиши, анын аркасында баасын жоготуу.
Товар – сатуу үчүн өндүрүлгөн эмгек продуктусу.
Экономика – коомдук өндүрүш мамилелер жыйындысы жана аны өндүрүүнүн түрлөрү.
Экономия – үнөмдөө, үнөмдүү каражаттоо.
Мурас – мурастоо тартиби боюнча өлгөндөн кийин мурас ээлерине берилүүчү мүлк.
Корук – сейрек өсүмдүк, айбандар жана баалуу жерлер, тарыхый мурастар, аларды коруй турган жер.
Акционердик коом (АК) – өз ишмердигин пайда табуу максатында ишке ашырган, акцияларды чыгаруу жана жайгаштыруу менен каражат тартуучу юридикалык жак.
Ачык акционердик коом (ААК) – акционердик коомдун катышуучулары өздөрүнө таандык акцияларын коомдун башка акционерлеринин макулдугусуз эле ажыратып алууга укуктуу болгон акционердик коом.
Жабык акционердик коом (ЖАК) – акцияларды анын катышуучуларынын, алдын ала аныкталган жактардын ортосунда гана жайгаштырылган акционердик коом. ЖАК коомдун башка акциячылары сатып жаткан акцияларды сатып алууда артыкчылыкка ээ.
Бизнес – ишкердүүлүктүн аркасы менен экономикалык туруктуулукка жетүү

АКТ (лат. —аракет) — 1) Бух. учетто колдонулуучу комиссия же кандайдыр бир адамдар менен түзүлгөн чарбалык жумуштарды аткаруудагы жооптуу адамдардын иш аракетин тастыктоочу биринчи документ, ал иш аракеттер бухгалтерия тарабынан текшерилет жана мекеменин жетекчиси тарабынан бекитилет.
АКЦИЗ — Товарга же көрсөтүлгөн кызматтарга төлөнгөн баасы же тарифи көрсөтүлгөн кыйыр салыктардын бир түрү.
КОНТРАКТ БАЗАСЫ — биржалык контракт боюнча биржалык котировкага барабар акы төлөнгөн, ташып жеткирүүгө уруксаты бар болгон товардын бир нече сорту, маркалары.
БИРЖАЛЫК КОМИТЕТ – биржаны башкара турган уюм.(башкаруу кеңеши).
ВАЛЮТАНЫН БААСЫ – контракта көрсөтүлгөн товардын баасы белгиленген акча бирдиги.
ВАЛЮТАЛЫК БИРЖА — сатууну жана сатып алууну ишке ашыруучу биржа, осуществляющая покупку и продажу валюты и проводящая ее котировку.
ВАЛЮТАЛЫК КЕЛИШИМ – мамлекеттик, ар тараптуу же эки тараптуу келишимдер
ВАЛЮТЮТАЛЫК КӨЗӨМӨЛ – ички эномикалык жана валюта тармагындагы мамлекеттин валюта саясатынын мыйзамдарын көзөмөлгө алуу операцияларынын составдуу бөлүгү.

ИЧКИ ЭКОНОМИКАЛЫК ИШКЕРДҮҮЛҮК – мамлекеттин экономикалык ишкердүүлүгүнүн башка өлкөлөр менен биргеликте жүргүзүлүүчү ишкердүүлүгүнүн бир тармагы.

ЭКСПОРТ жана ИМПОРТ – товарлардын экспорттолушунан жана импорттолушунун баасынан экспорт жана импортко төлөнүүчү салык проценти. **НЕДАТИРОВАННЫЕ**
участников ВЭД и таможенных органов, предполагающий более высокую культуру и более эффективное использование трудовых ресурсов за счет технических средств и информационных технологий.

11. Тиркеме

Усулдук колдонмо Рыспаева С.С

Түшүндүрмө

Эртеңки муундун сабаттуулугу, жоопкерчиликтүүлүгү, ыйманы жана адеп-ахлактык жагынан жеткилең болушу, жан дүйнөсүнүн тазалыгы көп жагынан окуу жайда билим жана тарбия берип жаткандыгына байланыштуу болгондуктан, ал жерде окутулуп жаткан предметтерди гумандаштыруу, анын ичинен кыргыз тилин адамзаттын байыртадан бери түзүп келе жаткан рухий салттарын улантууну көздөгөн, жаштарды ыйман-ынсапка тарбиялоого багытталган материалдар менен камсыздоо, аны жеткире берүү ар бирибиздин милдетибиз. Мындай материалдар албетте көркөм сөз өнөрү жана көркөм адабият аркылуу иш жүзүнө ашаары шексиз. Бул материалдарды топтоо жана аны тандоо өтө кылдаттыкты талап кылат.

Тандалган материалдардын ар бир студентке жетиши үчүн албетте аларды кызыктыруу жана тиешелүү ыкмаларды колдонуу максаты турат. Ушул тариздеги ыкмаларды колдонуу менен бул усулдук колдонмону түзүү маселеси чыгып отурат.

Кыргыз тили расмий түрдө статус алгандан бери (1989-ж., 23-сентябрь) ал Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын өкүлдөрүнө Мамлекеттик тил катары окутулуп үйрөтүлүп келе жатат. Кыргыз тилин Кыргызстанда жашап, иштеп жаткан бардык улуттардын анын ичинен кыргыздардын пикир алышуусунун тилине айландыруу зарылчылыгы келип отурат. Ушундан улам кыргыз тилин жогорку окуу жайларында мамлекеттик тил катары окутууда жана үйрөтүүдө, ага ылайык программаларды ар түрдүү адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен түзүү зарылчылыгы орчундуу маселе болуп отурат.

Ушул усулдук колдонмо Мамлекеттик тилди ЖОЖ дордо окутуунун көйгөйүнө, мүмкүнчүлүгүнө жана коюлган милдетине таянып чыгарылган типтүү программа, жогорку маселелер боюнча окутуучу адистерге аныкталган милдеттерди натыйжалуу аткарууга көмөк бермекчи. Кыргыз тилин окутуу башка предметтер сыяктуу эле студенттердин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, ошондой эле турмушта инсан катары өз алдынча калыптанууга жардам берет. Бул үчүн тил үйрөтүүнүн бир канча ыкмаларын пайдаланып окутуу өзүнүн натыйжалуулугун көрсөтөт деген ойдомун. Окутууда колдонулуучу ыкманын кайсы гана түрү болбосун тилди үйрөнүп жаткан элдин тилинде көбүрөөк сүйлөшүү, ошол элдин маданиятына маани берүү, грамматиканын бир бүтүндүгүнө багытто жолдору, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн , ойлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталат. Бул үчүн предметти окуп үйрөнүүгө бөлүнгөн убакытты так аныктоочу окуу планы; максатына жараша окуу программасы; программанын мазмуну камтылган окуу китеби болушу зарыл. Ошол зарылдыктан улам окуу программасынын негизин камтыган усулдук колдонмону тартуулоону туура таптым.

Кеп темасы: Тил жана улут. ***Тил илимине алгачкы чыйыр салуучулар.***

Грамматикалык тема: ***Кыргыз адабий тили - кыргыз элинин улуттук жана мамлекеттик тили***

Сабактын формасы: Талкуу сабагы

Аннотация

Сабакты өтүүдө тил тууралуу жана улут тууралуу талкууга эркин катышууга чакыруу пландалган. Мында студенттин кыргыз тили боюнча сүйлөө речинин деңгээлин баалоо жана андан ары иш алып баруудагы камкордук тууралуу прогноздоо иши жүргүзүлмөкчү. Улуттук тил менен мамлекеттик тилдин айырмасын түшүнүү, адабий тилдин талаптары жөнүндө кеңири талкуу болмокчу.

Максаты: *Студенттерди талкууга эркин катышуусуна шарт түзүү, речин өстүрүү.*

Талабы: *Адабий тилдик нормада сүйлөп талкуга чыгуу, аудиторияга ээ болууга үйрөтүү.*

Тил жана улут

Адамдардын бири-бири менен пикир алышуучу эн негизги куралы – тил. Ошондуктан ал коом менен бирге пайда болгон. Тилсиз коомдун да болушу мүмкүн эмес. Тил коомдук зарылдыктан келип чыккан, ошондуктан ал – коомдук көрүнүш. Тил аркылуу улуттун улуттугу тастыкталат. Анткени ар бир элдин тили ар улуттун өзүнө таандык документи. Кыргыз тили кыргыз элинин байыркы улуттук тили. Өзүнүн теги боюнча ал түрк тилдерине кирет. Тил – улут намысы, эл намысы. Тил сакталса улут сакталат.

ТИЛДИН ЧЫГЫШЫ.

Тилдин чыгышы жөнүндө ар кандай теориялар бар. Алар төмөнкүлөр: үн тууроо теориясы, сырдык сөз теориясы, маркстик теория.

ҮН ТУУРОО ТЕОРИЯСЫ

Бул теория боюнча адамдардын тили жаратылыштагы ар кандай кубулуштардын үнүн тууроодон келип чыккан. Мисалы: тарс, карс, шак, чыйп, бак, күп.

СЫРДЫК СӨЗ ТЕОРИЯСЫ

Алгачкы адамдар коркондон, капалангандан, сүйүнгөндөн ж.б. ар кандай дабыштарды, добуштарды чыгарышкан. Адамдардын тили ушундан келип чыккан: ох, ах, ой, бах.

МАРКСТИК ТЕОРИЯ

Тилдин чыгышын маркстик теория гана туура түшүндүрдү.

Эмгек адамды түздү, эмгексиз жашоо жок. Эмгек адамдардын биргелешип иштөөсүн талап кылды. Биргелешип иштөө адамдардын бири-бирине бир нерсе айтуу зарылдыгын талал кылды;

тил бара-бара муунактуу бир тыбыштын артынан экинчи тыбышты айтууга жараган тил катары пайда болду. Эмгектин өнүгүшү менен акыл-ой өсүп отурду;

тилдин чыгышына биологиялык жана социалдык өбөлгөлөр да таасир этти.

ТИЛ ЖАНА ОЙЛОО

Тил менен ойлоо ажырагыс байланышта, буларды бири-биринен ажыратып карооо болбойт. Ар кандай ойлор тилдин материалдык базасынын негизинде түзүлөт. Адамдын тили да ой, аң-сезим менен бир мезгилде жаралган.

ТИЛ ЖӨНҮНДӨГҮ МАТЕРИАЛИСТТИК ТҮШҮНҮК

Тилди эч кандай башка сыйкырдуу күч (кудай) жараткан эмес, ал коом менен кошо эмгектин негизинде жаралган.

ТИЛ ЖӨНҮНДӨГҮ ИДЕАЛИСТТИК ТҮШҮНҮК

Тил жаратылыштан тышкары турган кандайдыр бир күчтүн (кудайдын) жардамы менен гана жаралган. Адегенде адамды жаратып, андан кийин тил киргизилген деген түшүнүк.

1-тапшырма: *Текстке карата суроолор түзүп, жооптор даярдагыла. Текстти билген материалдарыңар менен уланткыла*

Тил илимине алгачкы чыйыр салуучуларынын бири К.Тыныстанов 1901-жылы Ысык –Көл районундагы Чырпыкты айылында туулган. Бала күнүнөн билимге жакындыгы менен айырмаланып, кыргыз оозеки чыгармаларын жазуу жүзүндө жыйнаган.

Кыргыз тилин араб, латын жана орус тамгалары менен жазуу эрежелерин иштеп чыккан. Элдин сабатсыздыгын жоюу максатында "Окуу китеби", "Чоңдор үчүн алиппе", "Эне тили", "Социалдык экономикалык сөздүк" ж.б. китептерин жазган.

Кыргыз тили илиминин негиздөөчүсү, акын жазуучу жана кыргыз элинин алгачкы профессору 1938-жылы "Улутчул" деген жалаа менен атууга кеткен.

2-тапшырма: *Тил жөнүндө сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп, айтып чечмелегиле*

Тил – элчинин кылычы
Тил арстан эшигиңде комдонгон,
Бошоп кетсе өзүңдү да жеп койгон.

Тил – кылычтан өткүр

Илим менен билимге көпүрө тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.

Эне тилинде сүйлөбөгөн адамдын - Ата Журтунда жүрбөгөндөн эмне айырмасы бар?
Эне тилинде ыр укпаган адамдын – чет элде жүргөндөн эмне айырмасы бар?
Энесинен бешик ырын укпай чоңойгон бөбөктүн – энесиз өскөн баладан эмне айырмасы бар?
Эне тилин билбесе, аны ардактап сүйбөсө: "Ата журтумду сүйөм" - деп көкүрөк какканданэмне пайда?

Чечендин сөзү өткүр,
Өнөрлүүнүн көзү өткүр.

Бутунан чалынган турат,
Сөзүнөн чалынган турбайт.

Өнөр алды кызыл тил

Тил балдан таттуу эритип, эзип салат,
Тил үүдан ачуу, керек болсо башыңды алат.

2-тапшырма: *Текстти окугула, адабий тил менен улуттук тил экөөнүн айырмачылыгына токтолгула. Суроолор түзгүлө.*

Адабий тил
Адабий тил - белгилүү бир адабий нормага салынган жалпы элдик тилдин жогорку формасы. Адабий тил айтылышы жана жазылышы такталып, жалпыга бирдей кодификацияланат жана стилдик жактан кеңири жиктелип, оозеки жана жазуу түрүндө колдонулат. Ал коомдук жана функционалдык статусу боюнча улуттук тилдин калган формалары говор,

диалектилерден кескин айырмаланып, белгилүү даражада регламенттелген мүнөзгө ээ коомдук-социалдык жана тарыхый-маданий кубулуш болуп саналат. Адабий тилдин жаралышы, өнүгүшү жана калыптанышы коомдун жалпы өнүгүшүнө жана ошол элдин жалпы маданиятынын деңгээлине жараша аныкталат. Адабий тил бир нече диалектинин базасында, жалпы элдик, улуттук жана мамлекеттик тилдин негизги формасы. Кыргыз адабий тили кыргыз тилинин жалпы элге орток белгилеринин негизинде Октябрь революциясына чейин эле алгач оозеки, кийин жазма формада жаралган. Кыргыз адабий тилинин өнүгүү, калыптануу процесси улануда.

Адабий тил жазма жана оозеки түргө бөлүнөт. Жазма түрүнүн ченемдери басма сөздө: газета, журнал, китеп жана башка колдонуу менен орфографиялык, пунктуациялык эрежелер аркылуу белгиленип, оозеки сүйлөө ченемдери окуу жайларындагы лекцияларда, радио, театрда, теле көрсөтүүлөрдө жана башка жерлерде сүйлөнүп, орфоэпиялык эрежелер аркылуу жөнгө салынат. Адабий тилдин калыптанышында көркөм адабияттын, асыресе көркөм сөз чеберлеринин ролу чоң. Жазма түрүнүн ченемдери, гезит, журнал, китеп жана башка басма сөздө колдонуу менен орфографиялык, пунктуациялык эрежелер аркылуу жазылат; ошондой эле анын оозеки сүйлөө эрежелери окуу жайларындагы лекцияларда, радиоберүүлөрдө, театрда, телекөрсөтүүлөрдө жана башка учурларда сүйлөнүп, орфоэпиялык эрежелер аркылуу жөнгө салынат.

Суроолор:

1. *Улуттук тил деп эмнени түшүнөсүң?*
2. *Адабий тил эмнеси менен айырмаланат?*
3. *Артыкчылыктары эмнеде?*
4. *Орфоэпия эрежеси эмне үчүн керек?*
5. *Адабий тилдин калыптанышына эмненин ролу чоң?*

3-тапшырма: *“Кыргыз тил” темасына синквейн түзгүлө*

4-тапшырма: *“Эне тилим улук” темасында РАФТ ыкмасында иштегиле.*

5-тапшырма: *Расул Гамзатовдун* ***“Эртең тилим жоголору чын болсо, анда жакшы бүгүн өлүп калганым”*** *деген ыр саптары боюнча ой жүгүрткүлө.*

6-тапшырма: ***Үй тапшырмасы:*** *Мамлекеттик тил гимнин көркөм окугула жаттагыла.*

Кеп темасы: *ТИЛ ТАРЫХЫ – ЭЛ ТАРЫХЫ.*
Грамматикалык тема: *Фонетика. Кеп агымындагы тыбыштык өзгөрүүлөр*

Тема: Фонетика

Фонетика – тилдеги тыбыштардын жана анын түзүлүшүн изилдөөчү лингвистиканын бир бөлүгү. Ал тилдеги тыбыштардын жасалышы, тыбыштык системасы, тыбыштык өзгөрүүлөрү жөнүндө үй-рөтүүчү илим. Сүйлөө жана жазуу речинин ортосундагы тыгыз байланыш фонетиканын предмети болуп саналат. Фонетика тилдик түзүлүштү, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү тилдик форманын мате-риалында ишке ашыруудагы пикир алышуу үчүн кызмат кылуучу тилдик системанын элементи ка-тары карайт.

Ошол себептен тилди тыбыштык жактан акустико-артикулярдык жана функционалдык –тилдик ас-пектилерде кароо мүмкүн.

Фонетикалык изилдөө аспектилери:

1. Анатомиялык-физиологиялык (артикуляция) – тилдик тыбыш анын түзүлүшү боюнча изил-денет: Аны айтууда кайсы органдар катышты, үн байланыштары активдүүбү же пассивдүү-бү ж.б.
2. Акустикалык (күч жумшоо) – тыбыш абанын термелүүсү катары каралат жана ага жумшал-ган күч аракетинин мүнөзү такталат: үн бийиктиги, күчү (амплитудасы), узактыгы.
3. Функционалдык аспект (фонологиялык) – тилдеги тыбыштардын функцияларын фонемаларга таянуу менен үйрөнөт.
4. Перцептивдүү –тилдик угулушту кабыл алууну үйрөнөт, айтылган тыбыштар менен угулган тыбыштардын ортосундагы байланышты аныктайт.

Кеп агымындагы тыбыштык өзгөрүүлөр

Маселелер:

1. Сингармонизм (үндөшүү) закону.
2. Ассимиляция жана диссимиляция.
3. Фонетикалык башка процесстер.

Үндүү жана үнсүз тыбыштар тилде жекече колдонулбастан, тизмектешип, кеп агымында колдонулганда өз ара бири-бирине таасирлерин тийгизип, өзгөрүүлөргө дуушар болот. Мындай өзгөрүүлөр комбинатордук өзгөрүүлөр деп аталат. Буга сингармонизм закону, ассимиляция, диссимиляция кубулуштары, редукция, синкопа, апокопа, гаплология ж.б. фонетикалык процесстер кирет. Төмөндө булардын ар бирине токтолобуз.

1. Бир сөздүн курамындагы үндүү тыбыштардын өз ара таасирлеринин натыйжасында бири-бири менен тилге жана эринге карай үндөшүүсү сингармонизм (үндөшүү) закону деп аталат. Мисалы,ата деген сөзгө бир нече мүчө улап көрсөк,ата+лар+ыбыз+дыкы+на болуп биринчи муундагы жоон жана эринсиз [а] үндүү тыбышына карай кийинки үндүүлөрдүн бардыгы жоон жана эринсиз [а], [ы] тыбыштары болуп үндөштү. Ушул эле мүчөлөрдү эне деген сөзгө уласак, эне+лер+ибиз+дики+не болуп, кийинки муундагы үндүүлөр унгудагы ичке жана эринсиз [э] тыбышынын таасири менен ошондой эле тыбыштар болгон [и], [э] тыбыштарына; бөлө+лөр+үбүз+дүкү+нө деген сөздө унгудагы ичке жана эринчил үндүү [ө] тыбышына карай мүчөдөгү үндүүлөр [ө] жана [ү] гө; дос+тор+убуз+дуку+на деген сөздө [о] тыбышынын таасири менен ага жасалышы боюнча окшош болгон [у] тыбышына өзгөргөндүгүн байкайбыз.

Үндүү тыбыштардын үндөшүүсүнүн эки түрү бар: толук жана толук эмес. Бир сөз ичинде үндүү тыбыштар бир эле учурда тилге карай жана эринге карай үндөшсө, толук сингармонизм деп аталат. Мисалы, кызыл, кийим, жомок, сулуу, өмүрдү, күчтүүгө, белектер ж.б. сөздөрдөгү үндүү тыбыштар тилге жана эринге карай бирин-экинчиси ээрчип окшошту.

Бир сөз ичинде үндүүлөрдүн тилге карай үндөшүп, бирок эринге карай үндөшпөй калышы толук эмес сингармонизм деп аталат. Мисалы, булак, улар, элүү, ардактуу, отурат, жашоодо деген сөздөрдөгү үндүү тыбыштардын үндөшүүсү тилге карай сакталып, эринге карай бузулган.

Сингармонизм законунун бузулушу дисгармонияга алып келет. Мындай көрүнүш негизи кыргыз тилине башка тилден кирген сөздөр үчүн мүнөздүү. Алсак: араб тилинен кирген ***абийир, адилет, далил, дарек, касиет, мамиле, мисал, тарбия, табият,*** тарыхый ж.б; иран тилинен кирген - ***жоокер, жароокер, суткор, ишкана, чүчпара, мумия*** ж.б; орус тилинен келген ***факультет, океан, диктатура, секунд, профессор, акционер*** ж.б. сөздөрдө сөз ичиндеги үндүү тыбыштар тилге карай да, эринге карай да эч кандай үндөшпөйт.

Үндөшүү - түрк, монгол, фин-угор, тунгус-манжур тилдери үчүн мүнөздүү көрүнүш. Ал байыркы түрк тилинде да болгон. Бирок байыркы жана азыркы түрк тилдеринде тилге карай үндөшүү кеңири тарап, эринге карай үндөшүү сактала бербейт. Ал эми кыргыз жана алтай

тилдеринде эринге карай да үндөшүү күчтүү өнүккөн. үндөшүү - кыргыз тилин башка түрк тилдеринен айырмалап турган фонетикалык өзгөчөлүктөрүнүн бири.
Түрк тилдериндеги сингармонизм законун эң алгачкы жолу илимий чөйрөгө алып чыккан окумуштуу түрколог О.Бетлинг болгон. Кийинчирээк бул маселе В.В.Радлов, П.М.Мелиоранский, В.А.Богородицкий, А.И.Кононов, А.М.Щербак ж.б. окумуштуулар тарабынан изилденген.
2.Кеп агымындагы үнсүз тыбыштардын өз ара таасирлеринин натыйжасында биринин экинчисине акустика-артикуляциялык жактан жакындашып же окшошуп айтылышы ассимиляция (окшошуу) деп аталат. Кыргыз тилинде үнсүз тыбыштар төмөнкүдөй акустикалык жана артикуляциялык белгилери боюнча окшошот.
1) Үн менен шыбыштын катышына карай (акустикалык жактан). Мында каткалаң үнсүздөргө карай уңгу жана мүчөдөгү жумшак жана уяң үнсүздөр окшошуп каткаландашат. **Мисалы:** *баш+ла=башта, кат+га=катка, ат+ны=атты, кет+ди=кетти* ж.б. Тескерисинче, уян жана жумшак үнсүздөрдүн таасири менен каткалан үнсүздөр жумшарат**. Мисалы:** *эки+ыз=эгиз, жалкы+ыз=жалгыз* ж.б.
2)Жасалуу ордуна жана жасалуу ыгына карай (артикуляциялык жактан) жанаша келген [нм], [нб], [нг], [нк], [чт], [чс] тыбыштык айкалыштарда кош эринчил [б], [м] тыбыштарынын таасиринде уччул [н], кош эринчил [м]; түпчүл [г], [к] тыбыштар уччул [н], артчыл [н]; уччул [т], [с] тыбыштары орточул [ч], уччул [ш], [с] болуп өзгөрүп, жасалуу орду боюнча ассимиляцияга учурайт. **Мисалы:** *танба (айт. тамба), тунма (айт. тумма), түнгө (айт. түнгө), ачты (айт. ашты) ж.б.*
Ал эми бул + нын = мунун, теп + ын = темин, жап+ынчы=жамынчы сыяктуу сөздөрдө мүчөдөгү мурунчул, уяң [н] тыбыш уңгудагы жарылма, жумшак [б], жарылма, каткалаң [п] тыбыштарын жасалуу ыгы боюнча окшоштурду.
Ассимиляция окшошуунун денгээлине карай экиге бөлүнөт: толук жана толук эмес.
Бир үнсүз экинчи бир үнсүздү өзү менен бирдей тыбышка өткөрүп окшоштурса, ***толук ассимиляция*** болот:

Мисалы*: китеп+бы=китеппи, бак+га=бакка, ат+лар=аттар* ж.б.
Бир үнсүз экинчи бир үнсүздү өзүнө айрым акустика-артикуляциялык белгилери боюнча гана окшоштурса толук эмес ассимиляция болот:

Мисалы: *топ+ны-топту, дос+лык=достук, таш+дан=таштан* ж.б.
Ассимиляция 2 багытта жүрөт:
1) Мурунку үнсүзгө карай кийинки үнсүз окшошуп айтылса, алга карай окшошуу же ***прогрессивдүү ассимиляция*** деп аталат. **Мисалы:** *бүт+ган=бүткөн, жаш+бы=жашпы, ук+ба=укпа ж.б.*
2) Кийинки үнсүзгө мурунку үнсүздүн окшошуп айтылышы артка карай окшошуу же ***регрессивдүү ассимиляция*** деп аталат.
Мисалы: *сөз+сыз=сөссүз, бак+га=бакка, бу+нын=мунун* ж.б.
Ассимиляцияга карама-каршы келип, кеп агымында бирдей же окшош тыбыштын өз ара таасирлеринен бирөөнүн башка тыбышка өтүп кетиши, б.а. окшошпой калышы ***диссимилияция*** (окшошпоо) д.а. Кыргыз тилинде диссимилияция көрүнүшүн [н],[л],[ч] жана өтө сейрек [р] тыбышынан көрүүгө болот.
Мисалы: *нан+ны=нанды, мал+лар=малдар, уч+чул=ушчул (айт.), кир+ыр=кийир*. ж.б.
Окшошпоонун денгээлине карай диссимиляция да толук жана толук эмес диссимиляция болуп бөлүнөт:
Бардык белгилери боюнча бирдей тыбыштардын окшошпой калышы толук диссимияция деп аталат.
Алсак: эгин+нын=эгиндин, көл+лар=көлдөр, кал+лык=калдык ж.б.

Диссимиляция толук бирдей тыбыштардын ортосунда эле болбостон тигил же бул белгилер боюнча бир типтүү окшош тыбыштардын ортосунда да болот. Мындай окшошпоо толук эмес диссимиляция деп аталат.

Мисалы: *мал+ны=малды, шаар+нын=шаардын, сарай+ны=сарайды, коом+ныкы= коомдуку, мин+ны= минди, там+лар=тамдар, жан+луу=жандар* ж.б. Мында лн, рн, мн, нн, нл, мл, нл сыяктуу эки уяң үнсүздөн турган тыбыштардын айкалыштарындагы уяң үнсүз [й], [л] тыбыштары [д] тыбышына өттү.

Кыргыз тилинде диссимиляция анчалык кенири тараган эмес.

3. Кыргыз тилинин фонетикасында жогорудагы сингармонизм, ассимиляция, диссимиляция кубулуштарынан тышкары бир катар фонетикалык башка процесстер да кездешет. Аларга аккомодация, редукция, апокопа, синкопа, гаплология, элизия, протеза, эпентеза, метатеза кирет.

Суроолор:

1. Ассимиляция кандай түрдө жүргүзүлөт?
2. Диссимиляция кандай жүргүзүлөт?
3. Сингармонизм мыйзамы деген эмне?
4. Комбинатордук өзгөрүү деген эмне?

1. **Көнүгүү.** *Венндин диаграммасы менен окшоштуктар жана айырмачылыктарды салыштыруу процесси иштелет.*
2. **Көнүгүү.** *Тыбыштык өзгөрүүлөргө карата ротация ыкмасы менен пикир алмашуу – кабарлашып окуу ыкмасы. Түзүлгөн суроолорго жооп берүү, талкуу башталат.*

3-көнүгүү. *Текстти о*куп, *мазмунун сүйлөп бергиле. Суроолор түзүп жооп даярдагыла.*

ГЛОССАРИЙ

Аккомодация - *жанаша келген үндүү жана үнсүз тыбыштардын өз ара бири-бирине ынгайлануусу. Бул кубулуш уңгу менен мүчөнүн ортосунда, татаал сөздөрдө, жанаша айтылган сөздөрдүн ортосунда учурайт:*

Мисалы: көк айт (айт. туураб айт) ж.б. Эки сөздүн ортосундагы айтылышы жазууда колдонулбайт.

Редукция - *басым түшпөгөн муундагы үндүүлөрдүн басаңдап, угулуш сапатынын өзгөрүшү, түшүп калуу абалына чейин жетиши. Мындай кубулуш айрыкча кууш [ы], [и], [у], [ү] тыбыштарына тиешелүү+ыш=көгүш, так+ы=тагы, кап+ым=кабым, кара кап, (айт. кара гап), туурап келүү.*

Алсак: *айыл+ым=айлым, кийим+ы=кийми, эрин+ы=эрди, орун+ы=орду, ууру+ла=уурда, жумуш+а=жумша, оюн+а=ойно ж.б.*

Апокопа - сөз аягындагы бир же бир нече тыбыштын түшүрүлүп айтылышы. Бул кубулуш көбүнчө башка тилден өздөштүрүлгөн сөздөрдө кездешет.

Мисалы: *дайыма-дайым (ар.), минута-мүнөт (ор.), секунда-секунд (ор.), август-авгус (ор.), далбаса-далбас (ир.) ж.б.*

Төл сөздөрдө сөз аягындагы үнсүздөрдүн түшүрүлбөй да, түшүрүлүп да айтылган учуру катар колдонулат.

Мисалы: *Телчик-телчи, ал-а, тигил-тиги, атайын-атайы, бул-бу, калдырт-калдыр*, ж.б.

Синкопа - сөз ичиндеги бир же бир нече тыбыштын түшүрүлүп айтылышы. Синкопа кубулушу уңгу ичинде жана мүчө уланган сөздөрдө да учурайт.

Мисалы: *элек-элгек, көмөр-көмкөр, көмөрөсүнөн-көмкөрөсүнөн, тара-тарка, чуму-чумку, күлүндө-күлмүндө, туулганмын-туулгамын-туулгам* ж.б.

Гаплология - *катар келген эки окшош муундун бирин түшүрүп айтуу. Кыргыз тилиндеги гаплология кубулушуна төмөнкү мисалдарды келтирсек болот:*

Мисалы: чычырканак-чырканак, арыраак-араак, берирээк-берээк, ж.б.

Элизия - *унгу менен мүчөнүн же жанаша келген эки сөздүн ортосундагы катар келген эки үндүүнүн бирөөнүн жоюлуп кетиши. Элизия кубулушунун төмөнкү учурлары бар:*
1) Аягы үндүү менен бүткөн сөзгө үндүү менен башталган мүчө уланганда, унгунун аягындагы же мүчөнүн башындагы үндүүлөрдүн бири сыйлыгышып түшүп калат:
Мисалы: *алты+оо=алтоо, жети+өө=жетөө, башта + оо = баштоо, ише+өө=иштөө, же+ыш=жеш, ата+ым=атам ж.б.*
2) Жанаша айтылган эки сөздүн биринчиси үндүү менен аяктап, экинчиси үндүү менен башталса биринчи сөздүн аягындагы үндүү түшүрүлүп айтылат (оозеки речте).
Мисалы: кара уй-каруй; эки айыл-экайыл; бара алат-баралат, ж.б.
Протеза - *сөз башында кошумча тыбыш кошуп айтуу. Бул кубулуш көбүнчө сырттан кирген сөздөрдү өздөштүрүү процессинде (тыбыштык өзгөчөлүккө ынгайлаштырып айтууда) учурайт.*
Мисалы: *лапма-ылампа, радио-ырадио, справка-ысправка, стол-үстол, рахмат-ырахмат, район-ырайон, руксат-уруксат, шкаф-ышкап ж.б.*
Эпентеза - *сөзгө мурда болбогон тыбышты кошуп айтуу. Кыргыз тилинде эпентеза кубулушу төмөнкү учурларда байкалат.*
1) Кыргыз тилинин фонетикалык законуна туура келбеген - ск, - нк, -нс, фть, - кт, -нг, - нр тыбыштык айкалыштары менен аяктаган сөздөргө оозеки сүйлөшүүдө бир үндүү тыбыт кошулуп айтылат:
Мисалы: аванс-аванса, шланг-шланга, танк-танка, акт-акты, факт-факты. ж.б.
Ал эми жазуу речте аларга мүчө уланса, унгу менен мүчөнүн ортосуна бир үндүү кошулуп жазылат.
Мисалы: Омск+га=Омскиге, танк+га-танкага, нефть+нын=нефтинин, акт+сыз=актысыз, фонд+га=фондуга ж.б.
2) Башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдөгү кыргыз тилинин тыбыштык айкалыш эрежелерине ылайык келбеген эки үнсүздүн арасына үндүү тыбыш кошулуп айтылат.
Алсак: *метр-метир, гимн-гимин, трактор-тырактор, ысым (ар. эсм), атыр (ар. этр), тукум (ир.тохм), өмүр (ар. омр) ж.б. (оозеки керте)*
3) Кыргыздын төл сөздөрүндө жана кээ бир эски өздөштүрүлгөн сөздөрдө сөз ичинде үч үнсүз катар келип калса, оозеки сүйлөшүүдө биринчи үнсүз менен экинчи үнсүздүн ортосуна [ы] тыбышы кошулуп айтылат.
Мисалы: арстан-арыстан, барскан-барыскан, барктуу-барыктуу, эрксиз-эриксиз, Кыргызстан-Кыргызыстан, ж.б.
Метатеза - *бир сөз ичинде же жанаша айтылган эки сөздүн ортосундагы тыбыштардын орун алмаштырылып айтылышы.*
Мисалы*: тегирмен-темирген, күнөм-күмөн, төңкөр-көңтөр, мычкы-мыкчы, бүйүрмө-бүйрүмө, кырмычык-кырымчык, нысап-ынсап, ж.б.*
Өз ара орун алмашкан тыбыштар бири-бирине жанаша турушу жана бири-биринен алыс турушу мүмкүн. Бири-бирине жанаша турган тыбыштардын орун алмашуулары ***контактылуу*** *метатеза д.а.*
Мисалы: сарымсак-сармысак, кайырмак-кайрымак, ыктыт-ыткыт ж.б.
Бири-биринен башка тыбыштар аркылуу бөлүнүп, аралыкта турган тыбыштардын орун алмашуусу **дистактылуу** метатеза деп аталат.
Мисалы: *зоболо-золобо, жыңалач-жылаңач, жылаңбаш-жыңалбаш, ж.б.*
Ошентип, сөздөрдөгү тыбыштардын ортосундагы бири-бирине болгон таасирилери кандай жана кандайча пайда болоору тууралуу маалыматтар берилди. Бул маалыматтар кыргыз тилинин фонетикасын тереңдетип түшүнүүгө көмөк берет.

. **3-көнүгүү.** *Текстти о*куп, *мазмунун сүйлөп бергиле. Суроолор түзүп жооп даярдагыла.*

Тил тарыхы-эл тарыхы

Кыргыз тилинин тарыхы
Маселелер:

1. Кыргыз тили жөнүндө жалпы түшүнүк.
2. Фонетика, анын изилдөө объектиси жана тармактары.

1.Кыргыз тили - эгемендүү Кыргыз республикасынын мамлекеттик тили. Бул статус 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз республикасынын кезексиз чакырылган 10-сессиясында атайын Закон аркылуу кабыл алынган. Мындай статуска жеткиче кыргыз тили өзүнүн калыптануу мезгилинде узак тарыхый жолду басып өткөн.
Академик Б.М.Юнусалиев кыргыз тилинин калыптанышын 3 доорго бөлөт:
а) Байыркы, б.а. IX-X к. чейинки кыргыз тили;
б) Орто кылымдык, б.а. XV-XVI к. чейинки кыргыз тили;
в) Жаңы кыргыз тили доору, б.а. XVI к. баштап азыркы мезгилге чейинки кыргыз тили.
Окумуштуу А.Жалилов XVI к. берки кыргыз тилин изилдеп бул бөлүштүрүүгө төмөнкүдөй кошумчаларды киргизет:
а) Моголстандык-жунгарлык мезгил (XV-XVI кылымдар);
б) XVIII кылымдан революцияга чейинки мезгил;
в) Советтик мезгил.
Ар бир тарыхый доор кыргыз тилинин өнүгүшүнө жана калыптанышына өзүнүн таасирин тийгизген. Бул кыргыз элинин башка элдер менен болгон карым-катыштары менен шартталган. Натыйжада кыргыз тили ар тараптан өнүгүп, азыркы деңгээлине келип жетти.
Кыргыз тили – түрк тилдеринин эң байыркыларынан. Ал чыгыш теги – генеологиялык классификация боюнча түрк тилдеринин системасына кирип, алтай тили менен бирге чыгыш хун бутагынын кыргыз-кыпчак тобун түзөт. Ал эми типологиялык классификация боюнча аглютинативдүү тилдерге кирет.
Азыркы кыргыз адабий тили – кыргыз тилинин өркүндөтүлгөн эң жогорку формасы. Ал адамдардын ишмердүүлүгүнүн түрдүү тармактарын тейлеген, функционалдык стилдери өнүккөн, коомдогу кызматы өскөн, жалпы улуттун кызыкчылыгын көздөгөн адабий тилдин нормаларына салынган тил. Азыркы күндө тил илиминде анын ар кайсы тармактары изилденип, такталып жатат.
Кыргыз тил илими төмөнкү негизги бөлүмдөрдөн турат:
1. Фонетика – тилдин тыбыштык түзүлүшүн, андагы өзгөрүүлөрдү изилдейт.
2. Графика – жазуунун өнүгүш этаптарын, алфавит, тамгалар менен тыбыштарды белгилөө өзгөчөлүктөрүн изилдейт.
3. Орфография – тилдеги сөздөрдү адабий тилдин нормасына ылайык туура жазууну үйрөтөт.
4. Орфоэпия – оозеки адабий тилдин айтылыш нормаларын үйрөтөт.
5. Лексикология – тилдин сөздүк курамы, анын өнүгүшү, сөз маанилери жана анын типтерин изилдейт.
6. Морфология – сөз составы жана сөз түркүмдөрү жөнүндөгү илим.
7. Синтаксис – сөз айкашы, сүйлөм мүчөлөрү, сүйлөм жана анын түрлөрүн изилдейт.
8. Пунктуация – тилдеги тыныш белгилери, алардын коюлуш принциптерин, эрежелерин иликтейт ж.б

Суроолор:

1. *Тилдик норма деген эмне?*
2. *Тилдеги айтылыш норма эмне деп аталат?*
3. *Жазылыш норманын аталышы эмне?*
4. *Кыргыз тилинин өркүндөтүлгөн формасы эмне?*
5. *Тарыхый доорлору кандай бөлүнөт?*
6. *Тил мызамы качан кабыл алынган, азыр кандай өнүгүүдө?*
7. *Тил тарыхы-эл тарыхы дегенди кандайча түшүндүрөсүң?*

8. *Тил илими кандай бөлүктөрдөн турат?*

Тапшырма: *Кыргыз тарыхы тууралуу маалымат топтоо.*

Кеп темасы: *Адабий тил – сүйлөө маданиятынын негизи*
Грамматикалык тема: *Тыбыштар системасынын изилдениши жана тыбыштык өзгөчөлүктөр тууралуу*

Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн алгач изилдегендер.

Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнүн изилдене башташы профессор Касым Тыныстановдун калемине таандык. Кыргыз автономиялык областы түзүлүп, кыргыз тилинде алгачкы гезит чыккандан баштап эле мектептерде кыргыз тилин окутуу маселеси коюлуп, кыргыз тили боюнча окуу китептери жазыла баштаган.Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнүн изилденишинин колго алынышына Ишеналы Арабаевдин «Алиппесинин» жаралышы да чоң түрткүболгон. Анткени, Алиппеде ар бир тамганын үйрөтүүнүн өзү ошол тамгалар туюндурган тыбыштарды кошо үйрөтүү болуп саналат. Демек, кыргыз тилиндеги ар кайсы тыбыштарды кайсы тамгалар менен жазуу зарылчылыгы келип чыгып, жазуу менен кошо эле тилдин тыбыштык түзүлүшү алгачкы жолу аныктала баштаган. Ошентип, үндүү, үнсүз болуп тыбыштардын бөлүнүшү, тыбыштардын саны, тыбыштардын дагы башка касиеттери атайын айтылбаганы менен алгачкы Алиппеде (1924) кыргыз тилиндеги тыбыштар өз тамга көрсөткүчтөрү менен биринчи жолу сөрөттөлүп китепке төшөп, алар тууралуу тиешелүү түшүнүктөр айтылган.

1926-жылы К. Тыныстановдун «Биздин тил» аттуу китеби жарыяланат. Китептин өзү «Биринчи баскыч мектептер үчүн кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн тааныткыч окуу китеби» деген аныктамасы менен жарык көрүп, андагы материалдардын чагылышы, түшүндүрүлүшү, чечмелениши боюнча чечмелөө алкактын ичинде гана жүрөрү белгилүү эле.

Ошого карабай Касым Тыныстановдун эмгегинде тыбыштар, алардын аталыштары, тамга менен белгилениши, бөлүнүштөрү тиешелүү өз деңгээлинде ишке ашырылган.

Албетте Касым Тыныстанов бул китебиндеги мүчүлүштүктөрдү кийинки китептеринде толуктап, тактап, алда канча акылга сыярлык абалга жеткирип жарыялаган.

Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнүн изилденишине К.Бакиев, Ү.Асылбеков, К.Нанаев, Д.Исаев өңдүү бир топ грамматикачылардын окуу китептеринин ролу да бар. Ар бир грамматиканын өзүнүн мурунку грамматикалардагы жетишкендиктерге жаңы толуктоолорду, тактоолорду киргизгендигинин өзү эле буга далил.

Ал эми И.А.Батманов, Б.М.Юнусалиев, К.Дыйкановдордун кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү боюнча атайын изилдөөлөрү кыргыз тил илиминин 40-50-жылдардагы өсүп-өнүгүшүн шарттаган изилдөөлөрдөн улам кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн үндүү, үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүштөрү өңдүү маселелери бир топ тереңдетилип, алда канча акылга сыярлыктай тыянактар иштелип чыгарылган.

20-кылымдын 60-70-жылдарында болсо, кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнүн изилдениши жаңы тепкичке көтөрүлдү. Тилибиздеги тыбыштардын түрдүү касиеттери эксперименталдык изилдөөлөрдүн обьектиси катары колго алынып, белгилүү тилчи, түрколог, профессор Токтосун Керимбаевич Акматовдун чыгармачылыгында алгачкы жолу каралып, терең изилденди. Эксперименталдык жол менен изилдөө жүргүзүү, албетте, ар түрдүү байкоо жүргүзүүгө караганда алда канча так жана туура жыйынтыктарды чыгарып, бир топ ишенимдүү бүтүмгө келет.

Токтосун Керимбаевич Акматовдун изилдөөлөрүндө азыркы кыргыз тилиндеги тыбыштар магнитафондук үн жазгы тасмаларга түшүрүлүп, изилденип, кинографтардын жардамы менен да атайын эксперименттик байкоолор жүргүзүлүп, ар тараптан талдоолорго алынган. Эксперименталдык методдун натыйжаларында кыргыз тилинин тыбыштарынын ар кандай касиеттери, алардын айтылышындагы үндүн узактыгы, аба толкунунун өлчөмдөрү, тыбыш жасоочу органдарыбыздын кайсы жеринде жасалаары, үндүн бийиктиги деген сыяктуу маселелери алда канча такталганын атайын белгилешибиз керек. Арналуу техниканын жардамы менен жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн натыйжасында гана кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү азыр биз окуп жаткандай классификацияга ээ болду десек жаңылышпайбыз.

Эми кыргыз тилиндеги тыбыштардын өзүнө келели. Биринчиден, азыр эне тилибиздеги тыбыштардын саны өтө ар түрдүүчө аталып келет. Мектеп үчүн жазылган окуу китептерде 39 тыбыш, анын 14 үндүү, 25 үнсүз тыбыштар деп көрсөтүлүп жүрөт. Бул, албетте, 1953-жылдагы жаңы орфография менен кирилиццага негизделген алфавитибиздин таасири. Чынын айтыш керек, тыбыш санын аныктоодо алфавит кандайдыр деңгээлде өзүнүн таасирин тийгизет.

Мисалы: Касым Тыныстановдун чыгармачылыгына назар салып көрөлү. Адегенде ***"Биздин тил"*** деген китебинде ***(1926) 24 тамга, 24 тыбыш*** деп аныктайт. Кийин аны ***ө, ү, ң*** тыбыштарынын тамгалары менен толуктаган. Окумуштуунун адегендеги көз карашында араб алфавитинин таасири турат. Араб жазуусундагы тамгалар үнсүз тыбыштарга гана негизделген. Араб тилиндеги үндүү тыбыштар тамгалардын же үстүнө, же астына коюлуучу атайын " аракет белгилери" менен гана туюндурулат. Ошентип, аларда тамгалар же үнсүз тыбыш, же муун болуп окулат. Анан дагы арабдарда ***а, у, и*** деген үч эле үндүү тыбыш жана алардын созулмалары бар.

Тапшырма: *Текстти окуп түшүнүгүңдү сүйлөп бергиле.*

Адабий тил – сүйлөө маданиятынын негизи

Адабий тил - белгилүү бир нормага салынган жалпы элдик тилдин жогорку формасы. Адабий тил айтылышы жана жазылышы такталып, жалпыга бирдей кодификацияланат жана стилдик жактан кеңири жиктелип, оозеки жана жазуу түрүндө колдонулат. Ал коомдук жана функционалдык статусу боюнча улуттук тилдин калган формалары говор, диалектилерден кескин айырмаланып, белгилүү даражада регламенттелген мүнөзгө ээ коомдук-социалдык жана тарыхый-маданий кубулуш болуп саналат. Адабий тилдин жаралышы, өнүгүшү жана калыптанышы коомдун жалпы өнүгүшүнө жана ошол элдин жалпы маданиятынын деңгээлине жараша аныкталат. Адабий тил бир нече диалектинин базасында, жалпы элдик, улуттук жана мамлекеттик тилдин негизги формасы. Кыргыз адабий тили кыргыз тилинин жалпы элге орток белгилеринин негизинде Октябрь революциясына чейин эле алгач оозеки, кийин жазма формада жаралган. Кыргыз адабий тилинин өнүгүү, калыптануу процесси улануда..

Адабий тил жазуу жана оозеки болуп эки түргө бөлүнөт. Жазма түрүнүн ченемдери басма сөздө: газета, журнал, китеп жана башка колдонуу менен орфографиялык, пунктуациялык эрежелер аркылуу белгиленип, оозеки сүйлөө ченемдери окуу жайларындагы лекцияларда, радио, театрда, теле көрсөтүүлөрдө жана башка официалдуу жерлерде сүйлөнүп, орфоэпиялык эрежелер аркылуу жөнгө салынат. Адабий тилдин калыптанышында көркөм адабияттын, асыресе көркөм сөз чеберлеринин ролу чоң. Жазма түрүнүн ченемдери, гезит, журнал, китеп жана башка басма сөздө колдонуу менен орфографиялык, пунктуациялык эрежелер аркылуу жазылат; ошондой эле анын оозеки сүйлөө эрежелери окуу жайларындагы лекцияларда, радио берүүлөрдө, театрда, теле көрсөтүүлөрдө жана башка учурларда сүйлөнүп, орфоэпиялык эрежелер аркылуу жөнгө салынат.

Тапшырма: Суроолорго жооп бер.

1. Адабий тил деп эмнени түшүнөсүң?
2. Улуттук тил менен адабий тилдин ортосунда айырмачылык барбы?
3. Мамлекеттик тил деген эмне?
4. Расмий тил жөнүндө кандай түшүнүгүң бар?

Тема:

Кеп маданияты боюнча айрым маселелер

Кеп адамдын дүйнөгө көз карашын чагылдырат, айрым этикалык, эстетикалык, адеп-ахлактык сапаттарга ээ болот. Ошондуктан, "кептин маданияты" , анын айрым критерийлерге, талаптарга жооп бериши жөнүндө сөз кылуу жөндүү, жүйөолүү.

Ар бир кеп бир нече жагдайлардын өз ара карым-катышында түзүлөт. Кептин табиятында, анын жаралуусунда жана бааланышында төмөнкү байланыштар маанилүү роль ойнойт:

1. "Кеп-тилдик система".
2. "Кеп-ой жүгүртүү" .
3. "Кеп-аң-сезим" .
4. "Кеп-реалдуу дүйнө".
5. "Кеп-угуучу" .
6. "Кеп-кырдаал" .

Кеп тилдик системанын каражаттарын колдонуу аркылуу түзүлөт. Кептин мазмуну тилдик каражаттардын мааниси, семантикасы аркылуу берилип, кептин структурасы тилдик эрежелердин, нормалардын негизинде уюшулат. Ошондуктан кеп маданиятынын негизги критерийлери ушул байланышка негизделип, кептин тилдик каражаттарды, алардын семантикасын туура колдонуу, кеп түзүүдө тилдик нормаларды сактоо талабы коюлат.

Кеп айтуучунун оюн чагылдырат, мазмунга ээ болот. Мазмундун туура, так берилиши үчүн анын ой жүгүртүү менен байланышын жөнгө салуу - ойдун ырааттуу, так чагылышын камсыз кылуу зарыл. Бул байланыштын негизинде кепке ой жүгүртүүнүн мыйзамдарын, логиканын мыйзамдарын туура колдонуу, кыйшаюусуз сактоо талабы коюлат.

Кеп - аң-сезимдин продуктысы. Аң-сезимдин өзгөчөлүктөрү, анын дүйнөнү таанып-билүү жөндөмдүүлүгү кептин мазмунун түзөт. Аң-сезимдин дүйнө таанымы, дүйнөгө жекече көз карашы кептин элестүү болушун же болбошун, көркөмдүк деңгээлин аныктайт.

Кептин жаралышына реалдуу дүйнөдөгү кубулуштар, заттар стимул, түрткү берет. Кептин мазмуну объективдүү чындыктагы кубулуштарды чагылдыруу, реалдуу дүйнөнүн белгилүү бир фрагментин, үзүндүсүн, моделин түзүү үчүн кызмат кылат. Бул модель дүйнөнү так же так эмес, бурмалап чагылдырышы мүмкүн. Демек, кепке коюлуучу дагы бир талап - реалдуу дүйнөнү так, бурмалабай, "объективдүү" чагылдыруу.

Кеп конкреттүү угуучуга, адресатка багытталат. Ал адресат балким жалпы адамзат, балким белгилүү бир адам болушу мүмкүн. Ар бир кеп өз адресатына ылайыкталууга, анын психикалык, логикалык өзгөчөлүктөрүн, дүйнө таанымын эске алуу менен түзүлүүгө тийиш. Ошондо гана кеп угуучуга "жетет" - угуучунун аң-сезими аркылуу адекваттуу, туура кабыл алынат.

Кеп реалдуу дүйнөдө, демек белгилүү бир мезгилде жана мейкиндикте жаралат. Ар бир кеп өз мезгилине ("дооруна"), ордуна жана шартына ылайыкталышы зарыл. Бул талап аткарылбаса, кептин этикалык, эстетикалык сапаттары төмөндөйт.

Кеп маданияты кепке коюлган критерийлерди жана ал критерийлерге төп келиш үчүн зарыл болгон сапаттарды аныктоо, ал сапаттарды камсыз кылыш үчүн айтуучу аткара турган иш-аракеттерди, ээ боло турган жөндөмдүүлүктөрдү изилдөө менен алектенет. Кептин сапатын арттырууга жасалган аракет - кеп маданиятын өнүктүрүү, кеп аркылуу оюбузду так, таамай, таасын, көркөм жана таасирдүү берүүгө үйрөнүү үчүн жасалган аракет. Демек бул жалпыга бирдей болгон адабий тилдик норма болуп саналат.

Кайталоо жана бекемдөө үчүн суроолор жана тапшырмалар:

1. Тилдин сапаттарын санап, мүнөздөп бер.
2. Кепти мүнөздөп бер.
3. Адабий тил эмне үчүн сүйлөө маданиятынын негизи деп айтылат?
4. Кептин жаралышында кандай жагдайлар катышат?
5. Адабий тил деген эмне, анын талабы кандай?

Грамматикалык тема: *Тыбыштардын классификациясы*

Кыргыз адабий тилинде **39** тыбыш бар:
14 үндүү жана 25 үнсүз тыбыш бар.

Үндүү тыбыштардын бөлүнүшү

Кыска үндүүлөр: **а, о, ө, у, ү, ы, и,** э - 8
Созулма үндүүлөр**: аа, оо, өө, уу, үү – 6**
Созулма үндүүлөр кош тамга менен белгиленет.
Мисалы: аары – ары, саат - сат, оор –ор, боор – бор, ээр-эр ж.б..

Көнүгүү: Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдүн маанилери менен кыска үндүүлөр катышкан сөздөрдүн маанилерин түшүндүргүлө.

Бал аарылары гүлдөргө конушту. Тиги тоонун ары жагы биздин айыл. Саат алтыда жыйналыш башталат. Бул буюмуңду сат да башкасын ал. Жүк ташуучу пароход жээкке келип токтоду. Аны жек көрүүм күндөн күнгө күчөп жатты. Айдалган жерлерге жөөктөр салынып жүгөрүлөр себилди. Ашымдын абалы өтө оор. Казылган орго жаныбарлар түшүп калышты. Боор оорусу коркунучтуу. Доскага бор менен тынчтык урааны жазылды. Буу менен бышкан тамак адамга жагымдуу.

Үндүү тыбыштардын айтылышына карай бөлүнүшү

Тилге карай		**Жаакка карай**		**Эринге кара**та	
жоон	**ичке**	**кең**	**кууш**	**эринсиз**	**эринчил**
А-аа	У-уу	А-аа	У-уу	Ааа	У-уу
Э-ээ	Ү-үү	Э-ээ	Ү-үү	Эээ	Ү-үү
О-оо	Ы-	О-оо	Ы-	Ы-	Ө-өө
Ө-өө	И-	Ө-өө	И-	И-	О-оо

1 – көнүгүү. Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү тап, сүйлөмдөрдү котор.

Бул шаар. Шаарыбыз абдан кооз жана сулуу. Бул тоо. Ала тоо биздин сыймыгыбыз. Бул ак куу. Ал көлдө сүзөт. Бул болсо комуз. Комузда күү чертилет. Бул ээр. Ал кооз, жарашыктуу.

2-көнүгүү. **Өө, ө, үү, ү, ң** - тыбыштарын туура айтууга көнүк. Сөздөрдү пайдаланып, аңгеме түз.
Төө, жөө, чөө, чөл, көл, кичүү, жөжө, сөөк, өрдөк, үлгүлүү, чоң, миң, жең, чаң, аңгеме, аң, таң.

Үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү
Үнсүз тыбыштар : жумшак, каткалаң, уяң үнсүздөргө бөлүнүшөт.

каткалаң үнсүздөр:-11	жумшак үнсүздөр:-8	Уяң үнсүздөр:-6
к,к(кы),п,т,с,ф,х,ц,ч,ш,щ	б,в,г,г(гы),д,ж,ж(жы) з	м,н,л,р,й,ң

К. К(кы) тыбыштарынын угулушу

1. Жоон үндүүлөр менен түпчүл угулушу: **кагаз**, **кайчы**, **кургак**, **аксак**, **мокок**, **окуу**, **тамак**, **укук**.

2. Ичке үндүүлөр менен айтылышы уччул угулушу: **кедей**, **көгүчкөн**, **күлкү**, **ичке**, **айыпкер, эшик**.

Г.Г(гы) тыбыштарынын угулушу

1. Жоон үндүүлөр менен түпчүл угулушу: **ага**, **агыш**, **бугу, булгаары**, **жоогазын, кургак**, **шагыл**.
2. Ичке-үндүүлөр менен уччул угулушу: **дөңгөлөк**, **гүл**, **тегирмен**, **үгүт, эгин**.

Ж.Ж(жы) тыбыштарынын угулушу
Мисалы
1. **Жашыл**, **жигит**, **жолборс**, **жумшак, желек**, **жамгыр**, **жер**.
2. **Муктаждык**.
3. Б**ашка тилден кирген сөздөр: пейзаж**, **жюри**, **жандарм**, **жемчуг, журнал, кружок** ж.б.

5-ТЕМА.

Кеп темасы:
Грамматикалык тема: Фонетика, орфография жана орфоэпиянын принциптери жана эрежелери.

Фонетика, орфоэпия, орфографиянын принциптери жана эрежелери

Фонетика – тилдеги тыбыштардын жана анын түзүлүшүн изилдөөчү лингвистиканын бир бөлүгү. Ал тилдеги тыбыштардын жасалышы, тыбыштык системасы, тыбыштык өзгөрүүлөрү жөнүндө үйрөтүүчү илим. Сүйлөө жана жазуу речинин ортосундагы тыгыз байланыш фонетиканын предмети болуп саналат. Фонетика тилдик түзүлүштү, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү тилдик форманын материалында ишке ашыруудагы пикир алышуу үчүн кызмат кылуучу тилдик системанын элементи катары карайт.

Ошол себептен тилди тыбыштык жактан акустико-артикулярдык жана функционалдык – тилдик аспектилерде кароо мүмкүн.

1. Анатомиялык-физиологиялык (артикуляция) – тилдик тыбыш анын түзүлүшү боюнча изилденет: Аны айтууда кайсы органдар катышты, үн байланыштары активдүүбү же пассивдүүбү ж.б.
2. Акустикалык (күч жумшоо) – тыбыш абанын термелүүсү катары каралат жана ага жумшал-ган күч аракетинин мүнөзү такталат: үн бийиктиги, күчү (амплитудасы), узактыгы.
3. Функционалдык аспект (фонологиялык) – тилдеги тыбыштардын функцияларын фонемаларга таянуу менен үйрөнөт.
4. Перцептивдүү –тилдик угулушту кабыл алууну үйрөнөт, айтылган тыбыштар менен угул-ган тыбыштардын ортосундагы байланышты аныктайт.

Орфография - белгилүү бир тилдеги сөздөрдү жана алардын маани берүүчү бөлүктөрүн бир түрдүү жазуу үчүн белгиленген эрежелердин системасын үйрөтө турган тил илиминин бир бөлүгү. Бул термин грек тилинин «orphos» «туура» жана «gpapho» «жазам» деген сөздөрүнөн алынган.

Тил илиминде орфографиянын мааниси абдан зор. Адамдар ортосундагы жазуу жүзүндө пикир алышууда бир эле сөздүн айтылышына карай ар түрдүү варианттар келип чыгат. **Алсак**, нанга-наңга, түнкү - түңкү, көз сал - көс сал, чабелекей-чабалекей, баки-маки, бакта-пахта ж.б.

Сөздөрдү адабий тилдин нормасына ылайык бир кылка кылып жазуу нормаларын белгилөө орфографиянын милдети болуп саналат.

Кыргыз орфографиясынын принциптери

Тыбыштык жазуудан пайдаланышкан тилдердин орфографиялык эрежелеринде бир нече түрдүү принциптер колдонулат. Алардын негизгилери катары фонетикалык, морфологиялык, тарыхый (традициялык), символдук (дифференциалдык, иероглифтик) принциптерди көрсөтүүгө болот.

Кыргыз тилинин орфографиясын түзүүдө фонетикалык жана морфологиялык принцип негизге алынган. Кыргыз тили агглютинативдүү түзүлүштөгү тилдердин тобуна киргендиктен, унгуга уланган мүчөлөр унгунун акыркы муунундагы үндүү, үнсүз тыбыштарга карай өзгөрүүлөргө учурап, ар түрдүүчө жазылат. Тилибизге мүнөздүү болгон бул сыяктуу өзгөчөлүккө байланыштуу сөздөрдүн унгуларын да, мүчөлөрүн да бир түрдүү принциптин негизинде жазуу мүмкүн болбойт. Ошондуктан, сөздөрдүн унгуларын жазуу үчүн бир принцип, мүчөлөрдү жазуу үчүн экинчи принцип колдонулат.

Сөздөрдүн унгуларынын жазылышы морфологиялык принципке негизделген. Бул принцип боюнча унгу сөздөр бардык учурда бирдей жазылыш керек.

Мисалы: наңга эмес нанга, бүрөө эмес бирөө, чаштуу эмес чачтуу, б.а. тыбыштардын ар түрдүү фонетикалык закондорго ылайык өзгөрүп айтылышы эсепке алынбайт. Бул принцип боюнча ар бири өз алдынча мааниге ээ болгон сөздөрдөн түзүлгөн татаал сөздөрдүн ар бир компоненти бөлөк-бөлөк жазылат.

Алсак: кераяк эмес, кер аяк, агниет эмес ак ниет, бешманча эмес беш манжа, эканжы эмес эки анжы, ж.б.

Ал эми сөз мүчөлөрүнүн жазылышы үчүн фонетикалык принцип негиз болгон. Кыргыз орфографиясында мүчөлөр унгуга уланганда кандай тыбыштык өзгөрүүгө учураса, ошол түрү боюнча жазылышына жол берилген.

Мисалы: аталар*, энелер, тоолор, көчөлөр, айбандар, кийимдер, коендор, үнсүздөр, балыктар, жемиштер, тооктор, чөптөр (-лар мүчөсүнүн өзгөрүшү) ж.б.*

Мына ушул фонетикалык принциптин натыйжасында мүчөлөрдүн варианттуулугу келип чыгат.

Кыргыз тилинин орфографиясына жалпысынан алганда Морфологиялык жана фонетикалык принциптер негиз болгону менен, анда орфографиянын башка принциптеринин да элементи бар.

Алсак, айрым сөздөрдүн жазылышы символикалык принципке негизделет. Аларга тыбыштык жагынан окшош болгон жалпы аттардан энчилүү аттарды, карапайым сөздөрдөн урматтоо, сыйлоо иретинде айтылган сөздөрдү айырмалоо максатында баш тамга менен жазылышын көрсөтүүгө болот.

Мисалы: күмүш-Күмүш, максат-Максат, жылдыз-Жылдыз, сиз-Сиз, адам-Адам ж.б.

Кыргыз лексикасына орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден көп сандаган сөздөр жана терминдер келип кирген. Азыркы кыргыз орфографиясында ал сөздөрдүн жазылышы традициялык принципке негизделген. Башкача айтканда, ал сөздөрдүн оозеки сүйлөөдө кандай айтылышына карабастан, орус орфографиясынын традициясында кандай жазылса, ошол типте жазылат.

Мисалы: тавел-жаз,табель, кывартал-квартал, жемпир-жемпер, айропорт-аэропорт, ж.б.

2) Адабий тилдин жазма жана оозеки түрү болот. Жазма түрү орфографиялык нормага ээ болсо, оозеки түрү айтылыш нормасына ээ болот. Адабий тилдин айтылыш нормаларын орфоэпия аныктайт. Орфоэпия деп оозеки сүйлөөдө бирдиктүү адабий айтылыштын нормаларын аныктай турган эрежелерин айтабыз.

Бул термин грек тилинен кабыл алынган: «orpos» - "туура" жана «epos» «сөз, сүйлөө», т.а. "туура сүйлөө" деген маанини берет.

Орфоэпия да, орфография сыяктуу адабий тилдин практикалык, күндөлүк турмушта колдонулуучу ажырагыс бир жагы болуп, өзүнүн алдына тилдин айтылыш маданиятын көтөрүү жана калыптандыруу, ошол аркылуу пикир алышуу куралы катары жалпыга бирдей түшүнүктүү жана жеткиликтүү болуу максатын көздөйт.

Азыркы мезгилде кыргыз адабий тилинин орфографиялык эрежелери белгилүү денгээлде тартипке келтирилип иштелип чыкса, ал эми кыргыз тилинин адабий айтылышы толук нормага салынып, калыптанып бүтө элек, али да болсо түзүлүү процесси жүрүп жатат.

Орфоэпиянын эрежелери негизинен адабий тилдин жазма түрү менен оозеки түргүнүн ортосундагы айырмаларга карай түзүлөт. Ошого ылайык кыргыз орфоэпиясынын төмөнкүдөй негизги эрежелери бар:

I. Жеке турган унгу сөздөрдүн туура айтылыш эрежелери:

1) Унгу сөздүн курамында эки үндүүнүн ортосунда жана уян [р], [л], [й] тыбыштарынан кийин келген [б] тыбышы жумшарып, жылчыкчыл [в] тыбышына өтүп айтылат.

Мисалы: орфогр: кабар, жибек, арбын, кербен, калбыр, обон – орфоэп: кавар, живек, арвын, кервен, калвыр, овон ж.б.

2) Кыргыз тилинде үнсүз тыбыштардын сөз курамындагы позициялык колдонулуш өзгөчөлүгү боюнча жумшак [б], [в], [г], [д], [ж] тыбыштары сөз аягында колдонулбайт. Ошондуктан орус тилинен кирген сөздөрдүн аягында келген жогорку тыбыштар каткаландашып айтылат.
Мисалы: орфографияда: клуб, архив, митинг, завод, доклад, шарж – орфоэпияда: клуп, архиф, митинк, завот, доклат, шарш, ж.б.
3) Башка тилден кабыл алынган сөздөр тилибиздин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайык ынгайланышып айтылышы адабий нормага жатат.
Мисалы, -орус тилинен кирген - меш, чиркөө, соко, чот, орус, мүштөк, бөтөлкө, бөлкө, чайнек, картошка, керебет ж.б.;
-араб тилинен кирген-адабият, адилет, абал, насип, саат, тарых, калк, ынтымак, ж.б.;
-иран тилинен кирген-падыша, тарбия, кампа, дагара, маки, сабиз, пайда, шаар, ырас, ж.б. сөздөр.
II. Унгуга мүчө уланган учурдагы туура айтылыш эрежелери:
1) Унгунун аягы үндүү же уян [й], [л], [р] тыбыштары менен аяктalса, ага уланган мүчөнүн башындагы [б] тыбышы жумшарып, жылчыкчыл [в] тыбышы сыяктуу айтылат.
Мисалы: орфографияда: балабыз, койбо, талбы, жерби – орфоэпэпияда: балавыз, койво, талвы, жерви, ж.б.
2) үндүү менен башталган мүчөлөр уланганда, унгунун аягындагы каткалан [п] тыбышы жумшарып, [в] тыбышына өтөт.
Мисалы: орфогр. табыл, кабы - орфоэп. тавыл, кавы, ж.б.
3) Аягы уччул [н] тыбышы менен бүткөн сөздөргө кош-эринчил [б], [м] тыбыштары менен башталган мүчөлөр уланганда, [н] тыбышы [м] тыбышына өтүп айтылат.
Мисалы: орфогр. менби, тунма, сенби - орфоэп. мемби, тумма, семби, ж.б.
4) Уччул [н] тыбышы менен аяктаган сөздөргө [к], [г] тыбыштары менен башталган мүчөлөр уланса, сөз аягындагы [н] тыбышы [н] тыбышына өтөт.
Мисалы: орфогр: *нанга, бүгүнкү- орфоэп.наңга, бүгүңку, ж.б.*
5) Уччул жумшак [з] тыбышы менен аяктаган сөздөргө каткалаң [с], [ч] тыбыштары менен башталган мүчөлөр уланганда, мүчөнүн башындагы тыбыштардын таасири менеи [з] тыбышы каткалан [с] тыбышына өтүп айтылат.
Мисалы: орфогр. жазчу*, тузсуз, азсыра - орфоэп. жасчу, туссуз, ассыра ж.б.*
6) Сөз аягында [ч] тыбышы [с], [т], [ч] тыбыштары менен башталган мүчөлөрдүн алдында [ш] тыбышына өтүп кетет.
Мисалы: орфогр. *ачты, учта, жыгаччы, уччул - орфоэп. ашты, ушта, жыгашчы, ушчул, ж.б.*
Ошентип, адабий тилдин нормасын сактоодо орфография менен орфоэпиянын эрежелери колдонулат. Ал эми аны бузуу же андан четтөө адамдын жазуу жана кеп маданиятын төмөндөтөт, жалпы окуучу же угуучу үчүн толук түшүнүктүү болушуна жолтоо болот. Ошондуктан ар бир билимдүү адам жалпыга бирдей адабий тилдин нормасында сүйлөй жана жаза билүүгө милдеттүү.

Көнүгүү. Тексттеги кара тамга менен жазылган сөздөргө көңүл бөлүп, каталарын таап оңдогула, кайсыл эрежеге жана принципке таяндыңар айтып бергиле. Текст боюнча талкуу жүргүзгүлө.

КЫРГЫЗ ТИЛИ – КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК ИШТЕРДИ УЮШТУРУУНУН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛИ

Эгемендик доор **гелгенден** баштап, кыргыз рухунун , анын бирден- бир сырткы жана маанилүү көрүнүшү болгон эне тилдин кайра жаралуу доору **гелди** деп даңаза кылган элек. Бирок 20 жылга жакын мезгилдин ичинде тил жаатында жасалган иш-аракеттерге **гөңүл** бурсак , кош көңүл, кайдыгер мамилени байкоого болот.

1989-жылы Мамлекеттик тил мыйзамдын жарыяланышы менен бүгүнкү жашоодо олуттуу маселени козгогон жана коомду кызыктырган маселе болуп келет. Кыргыз элинин турмушунда, кыргыз тилинин

саясий- социалдык маанисин жана **гелечегин** аныктоодо, андан ары өнүктүрүүдө “Мамлекеттик тил жөнүндөгү” мыйзамдардын (1989,2004) мааниси өтө чоң.

Мыйзам боюнча КРнын Президентинин атайын жарлыгы Кыргыз өкмөтүнүн токтому чыккан. Кыргыз өкмөтү мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам чыкканда эле мыйзамдагы максат-милдеттерди аткаруу, иш жүзүнө ашыруу боюнча атайын программа кабыл алынгандыгы эсибизде.

Бул программа боюнча милдеттер көпчүлүк уюмдарга, министрликтер менен катар Улуттук илимдер академиясынын наамдуу окумуштууларында жуктөлгөн эле. Бүгүнкү күндө атайын орто жана жогорку окуу жайларында кыргыз тили мамлекеттик тил деген статуста окутулуп жатат.Мамлекеттик тилди зарыл болгон көлөмдө билүүгө милдетүү (мыйзам, 9-берене) болгондон кийин ушул талапка ылайык кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутуунун өзүнчө максат-милдети жана жол-жоболору болушу мүмкүн. Акыркы жылдарда мамлекеттик тилди ушундай түшүнүктө окутуу иштери ыкчамдап бара жаткандыгынан кабарыбыз бар.

Кыргызстанда жашап жаткан башка улуттун өкүлдөрү орус тили аркылуу бири-бири менен байланышат. Кыргызстанда 79-80ге жакын улут жашайт, мекеме ишканаларда иш кагаздары орус тилинде жүргүзүлөт. Эгерде биздин тилге болгон кызыгуубузду арттырсак тилибиздин кадыр-баркы жогоруламак деп ойлойбуз.

Кыргыз тили – кыргыз мамлекетинин жана кыргыз элинин улуттук тили болуп саналат. Ошондуктан, кыргыз тили кыргыз элинин ыйык байлыгы. Анткени, кыргыз элинин жогоруда айткандай адеп-ахлактары, каада-салттары, улуттук эс тутуму, улуттук кызыкчылыктары, элибиздин башынан өткөргөн кайгы-муңдары, бир сөз менен айтканда, бүгүн кыргыз улутун түзүп турган нерселердин баары кыргыз тилинде сакталган. Кыргыз тили – ал кыргыз улутунун жүрөгү. Анын аң сезими. Ал эми Кыргызстанда жашап жаткан улуттун өкүлдөрү уюткулуу тилин үйрөнүү жана билүү алардын парзы.

2004-жылы кыргыз тили республиканын бардык тармактарында колдонуу маселеси катуу коюлган. Мына азыр өкмөт ушул иш чараларды ишке ашыруу менен алектенип жатат. Ушунун негизинде экономика тармагында мамлекеттик тилде иш чара жүрүп жатат. Алсак, кыргыз тилинде ар кандай төлөм каражаттагы чектерден баштап, экономикалык маалыматтарды жарыялаган токтом, көрсөтмөлөр, экономика боюнча жазылган илимий иштер, китептер бар. Ошондуктан бул жүргүзүп жаткан ишти да өнүктүрүү маселесин үзгүлтүккө учуратпай, алдыга келе турган талаптардын бири болуп саналат.

Көнүгүү. Орфоэпиялык жана орфографиялык талдоого карата суроолорго жооп бергиле.

1. Адабий тилдин нормаларын сактап сүйлөө жана аларды туура жазуу үчүн кандай негиздерге таянышыбыз керек?
2. Адабий тилдин жазууда колдоно турган бирдиктүү нормаларын туура сактап, сөздөрдүү бир түрдүү жазуу үчүн атайын иштелип чыккан эрежелердин системасын кандайча атайбыз?
3. Атайын иштелип чыккан ар бир тилдинжазуу эрежелери кандай принциптерге негизделет?
4. Орфоэпия жана анын эрежелери жөнүндө эмнени билесиңер?
5. Айтылышы жана жазылышы бирдей боло бербеген сөздөрдүн туура айтылышы кайсы эрежеге ылайык келет?
6. Сөздөрдү бөлөк, бирге жана алардын араларына дефис коюп жазууда кандай эрежелерге таянуу керек?
7. Ташымалдоонун кандай жолдору бар?
8. Баш тамгалардын, кыскартылган сөздөрдүн жазылуу эрежелерин эсиңерге салгыла.

Көнүгүү. Төмөндөгү келтирилген сөздөрдүн кандай эрежелерге ылайык экендигин көрсөткүлө. Бөлүп жазгыла.

Качты, кашты, таңгалды, экөө, таабалды, таап алды, өкөө, жообал, түңкү, клуб, клуп, куваныштуу, чебер, убада, чевер, кабанычтуу, портфель,партфель, увада, көп иште, көбиште, жыгаччы, сен гимсиң, жыгашчы, сен кимсиң, комусчу, комузчу, күштүү, күчтүү, үссүн, үзсүн.

Көнүгүү. Сөздөрдү бириктирбей, бөлөк-бөлөк жазуу кандай мааниге ээ?

Малалат, мал алат, бат ат, батат, белен деди, белендеди.

Көнүгүү. К. Карасаевдин түзгөн сөздүгүнөн пайдаланып, бул татаал сөздөрдүн кош сөздөрүн өзүнчө, кошмок сөздөрүн өзүнчө бөлүп жазгыла. Кош сөздөргө дефис койгула. Сөздөрдү пайдаланып аңгеме түзгүлө.

Аба ырайы, ала шалбырт, ала була, буюм терим, ата мекен, өнөр жай, маңдай тескей, бет маңдай,бет алды, жалгыз жарым, жоро жолдош, үзөңгү жолдош, жан жөкөр, ит куш, тоту куш, ит мурун, эмгек куралы, курал жарак, баш макала, баш көз, бала чака, музоо баш, музоо торпок, кийим кече, эртели кеч, кара курт, кир кок, болор болбос, жаан чачын, бака жалбырак, ай балта, айлап жылдап, мелт калт.

Көнүгүү. Текстти окуп түшүнүгүңөрдү сүйлөп бергиле.

СИНТАКСИС

Синтаксис-грамматиканын ажырагыс бөлүгү. Тилдин синтаксис бөлүмү ***сөз айкашынын синтаксиси, жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси жана татаал сүйлөмдүн синтаксиси*** деген бөлүктөрдү өз ичине камтыйт.

Тилдин синтаксис бөлүмүндө сүйлөм теориясы башкы орунду ээлейт.

Сөз айкашы

Сөз айкашы маани берүүчү негизги сөздөрдөн уюшулат. Сөз өз алдынча туруп кандайдыр бир түшүнүктү бергени менен пикирди билдире албайт. Сөз сүйлөмгө курулуш материал болуп келет. Ар бир сөз түрдүү семантикалык жана структуралык асиеттерге ээ, аларга негиз болуп сөз түркүмдөрү келет. Сөз түркүмдөрү сүйлөм тизмегинде тигил же бул синтаксистик категория катары кызмат кылат. Сөздөрдүн айкашуусу функционалдык кызматына жана структуралык түзүлүшүнө карай үч синтаксистик структурадан турат: 1) сөз айкашы; 2) сүйлөм; 3) аналитикалык форма.

Сөз айкашы жана аналитикалык форма сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү катары атоо функциясындагы түшүнүктөр (номинативдик). Сөз айкашы деле, аналитикалык форма деле эки же андан көп сөздөрдөн туруп, бирок алар коммуникативдик бирдик боло албайт б.а. алар кабарлоо, ойду билдирүү функциясын аткарбайт сөз сыяктуу сүйлөмгө курулуш материал гана боло алат.

Мисалы: *кызыл алма, тунук суу – <u>сөз айкашы</u>, атам жөнүндө, үйдү көздөй – деген сөз айкаштары <u>аналитикалык форма.</u>*

Сөз айкаштары бири-бири менен синтаксистик жагынан байланышып келип, сүйлөмдөрдү уюштурат жана эркин сөз айкаштарынын ар бир компоненти өзүнчө сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарат.

Мисалы: *<u>Асыл тукум</u> жылкыларды көрүп эле жүрбөйбүзбү. Болжогон жерге <u>он кадамча</u> калды.*

Мындагы “**асыл тукум”, “он кадамча”** деген сөз айкаштары аныктоочтук жана бышыктоочтук милдетти аткарып турушат.

Сөз айкаштары дайыма сүйлөмдүн тутумунда жана сүйлөм аркылуу гана байланыштыруучу (коммуникативдик) функцияны аткара алат. Бир эле сөз кээде сүйлөмдүк маанини берип калган сыяктуу, айрым сөз айкаштары да “кабар берүүчү интонация” менен жабдылганда сүйлөмдүк маанини берип калат. **Мисалы:** *Интернаттын клубу. Клубдун ичи кызыл-тазыл.*

Бир катар сөз айкаштары китеп, газета, журналдардын, макалдардын аттары катары келгенде, сөз сыяктанып, бир нерсени атоо маанисин да берип калат. **Мисалы:** “Биздин замандын кишилери”, “Атанын тагдыры”, “Алкоого татыктуулар”, “Малчыларга жардам” ж.б.

Сүйлөм. Сүйлөм – грамматикалык жактан уюшулган, бүткөн бир ойду билдирген сөз же сөздөрдүн айкалышкан тутуму.

Мисалы*: Түн. Айлана жымжырт. Асманда жылдыздар жымыңдашат.*

Сүйлөмдүн грамматикалык структурасы.

Сүйлөмдө бир синтаксистик категориялар сүйлөмдүн негизин, уюткусун, борборун түзсө (баш мүчөлөр), экинчилери сүйлөмдө баш мүчөлөр менен бирдикте колдонулуп келип гана синтаксистик кызмат аткарышат.

Демек сүйлөмдөр баш жана айкындооч мүчөлөрдөн туруп, айтылуучу ойдун материалдык негизин түзүшөт. Сүйлөмгө сүйлөм мүчөлөрү менен кошо сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр да катышат (каратма сөз, сырдык сөз, киринди сөз). Мына ушул синтксистик категориялардын бардыгы биригип келип, сүйлөмдүн грамматикалык структурасын түзөт.

Сүйлөмдүн грамматикалык структурасы:

Сүйлөм мүчөлөрү:

баш мүчө: айкындооч мүчө:

(ээ жана баяндооч) (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) *Баш мүчөлөр сүйлөмдүн негизин түзөт. Айкындооч мүчөлөр өз алдынча туруп мааниге ээ боло алышпайт, алар сүйлөмгө кошумча маани берип, аныктап, толуктап, бышыктап турушат.*

1-тапшырма:

Сүйлөмдү грамматикалык түзүлүшүнө карай ажыратып, талдоо жүргүз.

2. Ушундай ой менен Чаргын районго жөнөдү. 2. Жылкычылар быйыл Кең-Колду жайлашат көрүнөт. 3. Сен капа болбочу, Алтынай. 4. Тиги келаткандар кимдер экен? 5. Кызылдар Көр Шерматты биротоло талкалады. 6. Үчүнчүсү – алтымыштан ашып калган аял. 7. Тапкан эне эмес, баккан эне – дешет элибизде. 8. Окууну аяктагандардын көпчүлүгү бизди канааттандырбайт. 9. Ала карга, кара чыйырчык, көк каргалар келгин куштарга кирет. 10. Үчөө – биздикилерден.

2-тапшырма: “Менин шаарым” темасында РАФТ ыкмасы менен иштегиле.

3-тапшырма: Төмөнкү сөз жана сөз айкаштары менен сүйлөм түзгүлө.

Окуу жай, эч ким, биринчи, жолугушуу – толуктооч катары;

Бул, эмгектенүү, алар, коркок - аныктооч катары;

Жооп алуу, жайды-жайлап, айыл, кылым – бышыкточ катары.

4-тапшырма: Төмөнкү сөздөрдү маанилеш сөздөр менен алмаштыргыла:

Ымыркай, ар бир аттын, кадыр-барктуу, ат коюу, азем, айылдаш, кубныч, ызат, коргоо, сулуу, өзгөчө, колдоо, адептүүлүк.

5-тапшырма: Тексттен сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн таап,сүйлөм түзүлүшү боюнча ажыратып бергиле.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК БӨЛҮНҮҮШҮ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН ӨНҮГҮШҮ

Административдик аймактык бирдик мамлекеттик бийлик, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бир, же бир нече калктуу конуштардын, же башка калк отурукташпаган аймактардын чектеринде мамлекеттик башкарууну жүзөгө ашырган алардын аймактарынан турат.

Административдик-аймактык бирдиктерге: область, район, шаар, айылдык округ кирет. Мамлекеттик өзгөчө мааниге ээ болгон же өнүккөн өндүрүштүү жана социалдык инфратүзүмдүү, калкынын саны 250 миң адамдан кем болбогон республикалык маанидеги административдик, экономикалык же маданий борбор болуп саналган калктуу конуш республикалык маанидеги шаар категориясына киргизилиши мүмкүн. Мындай шаарлар да жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчө ыкмасы белгилениши мүмкүн. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары башка калктуу конуштардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынан аырмаланышы мүмкүн жана алардын мамлекеттик бийлик органдары менен мамилелери өзгөчө мүнөзгө ээ болот.

Республикалык маанидеги шаардын статусу мыйзам менен аныкталат.

Административдик, экономикалык жана маданий борбор болуп саналган өнөр жай ишканалары, коммуналдык чарбасы жана турак жай фонду бар, өнүккөн окуу, маданий агартуу, дарылоо жана соода мекемелерине ээ, калкынын саны 20 миңден кем болбогон калктуу конуш областтык маанидеги шаар категориясына киргизилиши мүмкүн.

Административдик, экономикалык жана маданий борбор болуп саналган өндүрүштүк жана социалдык инфратүзүмгө өнүккөн окуу, маданий-агартуу, дарылоо жана соода мекемелерине ээ, калкынын саны 10 миң адамдан кем болбогон калктуу конуш райондук маанидеги шаар категориясына киргизилиши мүмкүн.

Аймагында экономикалк маанилүү обьекттер (өнөр жай ишканалары, курулуштар, темир жол станциялары ж.б.) жайгашкан, ошондой эле эгерде бул калктуу конуштар ыңгайлуулуктардын белгилүү деңгээлине жетишсе, калкынын саны 2 миң адамдан кем болбосо, дарылык мааниге ээ жерлерде жайгашкан калктуу конуштар шаар тибиндеги поселоктордун категориясына киргизилиши мүмкүн.

Өзгөчө учурларда калкынын саны азыраак, бирок административдик, экономикалык жана маданий борбор болуп саналган жана андан ары өсүшү жана калкынын саны көбөйүшү жакынкы келечекте боло турган калктуу конуштар тийиштүү маанидеги шаарлар, шаар тибиндеги поселоктор атегориясына киргизилиши мүмкүн.

Ыңгайлуулуктардын белгилүү деңгээлине жетишкен, калкынын саны 50 адамдан кем болбогон, айыл чарба өндүрүшүндө алектенишкен жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү калктын санынын жарымынан көбүнтүзгөн калктуу конуштар айыл категориясына киргизилет. Айылдын курамында кыштактар жана конуштар уюштурулат.

Өзгөчө учурларда алыс жана баруу кыйын болгон, калкынын саны аз конуштар айыл категориясына киргизилет.

Сүйлөмдүн жалпы классификациясы.

Сүйлөмдөр түзүлүшү жана айтылыш максаты боюнча бир нече багытта классификацияланат.

6. Сүйлөм маани өзгөчөлүктөрүнө, айтылыш максатына карай жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөр болуп бөлүнөт.
7. Структуралык жактан тутумуна карай жөнөкөй жана татаал сүйлөм болуп бөлүнөт.
8. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн катышына карай бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөргө бөлүнөт.

9. Баш мүчөгө айкындооч мүчөлөрүнүн катышына карай жалаң жана жайылма сүйлөмгө ажыратылат.
10. Сүйлөм мүчөлөрүнүн катышына карай тоук жана кемтик сүйлөм деп экиге бөлүнөт.

Сүйлөмдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү.

Тилдик пикир алышууда сүйлөөчүнүн ар түрдүү максатын көздөгөн пикир алышуулар жүргүзүлөт. Ал турмушта болгон ар кандай кырдаалдардын чагылдырылышы, кандайдыр бир окуянын баяндалышы, угуучуга суроонун берилиши, буйрук, өтүнүч, ар түрдүү эмоцияны билдирүүчү сезимдер болушу мүмкүн. Мына ушундан улам сүйлөмдөр айтылыш максатына карай: *жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, буйрук жана илептүү сүйлөмдөр* деп бөлүнүшөт.

ЖАЙ СҮЙЛӨМ

Түрмушта болгон ар түрдүү окуялар, кубулуштар, көрүнүштөр ж.б. жөнүндө кабарлоо иретинде айтылган сүйлөмдөр *жай сүйлөм* деп аталат. Жай сүйлөмдүн аягына дайыма чекит коюлат. Жай сүйлөмдөр үчүн өзгөчө баяндоо интонациясы мүнөздүү. Сүйлөмдүн маанилүү бир нерсе үчүн кабар берген бөлүгү өзгөчөлөнүп көтөрүңкү үн менен айтылат да аягы акырындык менен үн басаңдап барып аяктайт. Жай сүйлөмдүн структуралык түзүлүшү да ар түрдүү болот. Ал тилибизде бир тутумдуу жана эки тутумдуу, жалаң жана жайылма сүйлөмдөр, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр түрүндө кездешет.

Мисалы: *Текшерүүчүлөр окуу жайларды көздөй бет алышты. Жумуштун камын көрүш кекрек. Түн. Айлана көөдөй караңгы. Июнь айы. Жемиштер бышка учур. Аселдин келишимдүү мүчөсү өзүнө жарашып турат. Уулумдун аскерге кетерине көзүм жетип эле жүргөн, ошентсе да ал кабарды укканда муунум бошой түштү (Ч.А.).*

Жай сүйлөмдүн да туюндурган мааниси өтө бай жана ар түркүн. **Мисалы:**

5. **Бир нерсенин, кыймыл аракеттин, абалын баяндайт, бул учурда баяндоочу баяндагыч ыңгайда айтылат (келер чак, өткөн чак, учур чак); же абалды билдирүүчү сөздөрдөн болот.** *Төмөнкү белестен беш-алты киши атчан чыгышты. Айылдын четинен суу агызчу өстөн казабыз. Ал кадимки бийчи катары чимирилип бийлеп кирди. Ажар көзүнүн жашын мөндүрдөй төгүп жиберди. Мемиреп табияттын көрүнүшү бөтөнчө тынчтыкта.*
6. **Сүйлөмдө кабар берилген нерсенин сыпаттык, сандык белгисин көрсөтөт:** *Сапсары алтындай үйүлгөн дан эгиндери алтын колдуу эмгекчилердин колунан чыкты. Жыйылган эл кызуу, толкундуу. Аба ысык, күн ачык. Конкурска катышкан студенттердин саны 100 гө жакын. Отуз адам 1-турга тандалып алынды.*
7. **Каалоо, тилек, бир нерсени шарттаган, болжолдогон күмөн санаган маанилерин билгизген сүйлөмдөр:** *Эртең студенттердин суроо талаптарын канаттандыруу үчүн ректорго барайын. Анан кийин алар ишеничти актагай эле. Мен эртең керектүү материалдарга бармакчымын. Бардык суроо талаптарга жооп берсең, олимпиадага катышасың. Апаңдын айткандарын аткарсаң, ак сүтүн актай аласың. Ал бүгүн үйүндө болуу керек. Эжеси аны түшүндү окшойт. Балким ал жерде орун да жоктур. Эгер мындан өтпөсө ал сөзсүз ызаланат.*
8. **Мындан сырткары түз орун тартиби менен жайгашкан сүйлөмдөр. Мында сүйлөм ичиндеги сөздөр түз орун тартибинде жайланышып, ээси баяндоочтон мурда, айкындоочу аныкталып турган сөздөрдөн мурун, толуктоочу аны башкарган этиштик баяндоочтон мурда орун алат. Айрым учурда стилдин талабына ылайык, ыр түрүндө жазылган учурларда уйкаштыкты сактоо үчүн орду өзгөрүлүп колдонулушу мүмкүн. Бирок, жай сүйлөмгө мүнөздүү болгон баяндоо мазмуну жана бир калыптагы баяндоо интонациясы өзгөрүлүп кетпейт, жөн гана орду алмашылган сөздөрдүн бири логикалык**

басым менен айтылат.. Мисалы: *Эми энем урат мени. Ушул Максаттын кылыгы өттү. Ырас эле алдынан тосуп чыкты бууданды. Аңгыча бир карааң шоп этип чыга келди аркы бурулуштан.*

1-тапшырма: Жогоруда көрсөтүлгөндөй жай сүйлөмдөрдүн мааанилерине карата сүйлөмдөр түзүү менен он мүнөттүк эссе жазгыла.

2-тапшырма: Тема боюнча изилдөөнү өткөрүү ыкмасын чагылдырууга карата Б/Б/Б (**Билем – Билгим келет – Билдим)** таблицасын толтуруу.

4. Биринчи тилкеге тема боюнча билген маалыматтарын жазуу.
5. Экинчи тилкеге тема боюнча пайда болгон кошумча суроолорду жазуу.
6. Тексттерди окуу жана тилдкедеги суроолордун жообторун ошондой эле жаңы билген маалыматтарды жазуу.
7. Кайра пайда болгон суроолор болсо төмөн жагына жазуу.
8. Кошумча адабияттардан суроолорго жооп жазуу.

Билем	Билгим келет	Билдим
Тема боюнча билген маа-лыматтардын бардыгы жазы-лат.	Тема менен иштөө учу-рунда пайда болгон сурооо-лор жазылат. Тема өтүлгөндөн кийинки пайда болгон суроолорду жазуу.	Суроолордун жооптору жана жаңы билген маа-лыматтар жазылат.

3-тапшырма: Текст менен иштөө. Текстти көркөм, интонация менен окуп чыккыла Тексттен жөнөкөй сүйлөмдөрдү таап, алар кандай маниде колдонулгандыгын айтып бергиле..

КЫРГЫЗСТАНДЫН БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ

Базар экономикасынын шартында Кыргызстандын өнүгүш багыты бүгүнкүсү менен келечеги кандай болушу мүмкүн экендиги Улуттар Уюмунун өнүктүрүү программасынын көмөгү менен чыгарылган эмгекте кенен кесир баяндалган. Белгилүү адистер тарабынан жазылган экономикалык иликтөөлөрүндө Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүнө баалар берилген. Бул ишке үч тараптан: Жогорку Кеңештен, өкмөттөн, бейөкмөт уюмдардан өкүлдөр тартылды. Мындайча айтканда, ортодогу көз караш чагылдырылды. Изилддөөчүлөрдүн айткандарына караганда Кыргызстандын экономикасы эки урунттуу учурду башынан кечирди. Анын биринчиси 1991-жылдан 1995-жылга чейинки мезгилди камтыйт. Бул учурда социалисттик чарбалардын ич ара байланыштары үзүлүп, Кыргызстан толгон токой экономикалык көйгөйлөрдүн төө бастысында калган. 1995-жылы Кыргызстанда өндүрүштүн кедеринен кетүүсү жетер чегине жетип, ички дүң продуктунун көлөмү 1990-жылга салыштырмалуу 50 пайыздан ашуун төмөн түшкөн. 1996-жылдан тарта экономикалык жанданууунун айрым белгилери көрүнө баштаган. Бул мезгилде инфляция деңгээли кыйла төмөндөгөн. 1996-жылдан 2002-жылга чейин ички дүң продукциянын жылдык орточо өсүшү 5 пайызды түзгөн.

Биздин жаныбызда экономикасы ыкчам өнүгүп бара жаткан коңшу өлкөлөр – Казакстан менен Кытай турат. Башкаларга караганда бул эки өлкө менен соода жакшы өнүгүүдө. Мындай мүмкүнчүлүктү биздин өлкө болушунча өз пайдасына иштетүүсү зарыл. Кыргызстандан сыртка товар ташып чыгарууну өкмөт өзгөчө колдошу керек. Япондор ийгилик жаратыш үчүн миң кадам жасоо керек дешет экен. Бизде деле кыйла итер жасалды, кыйла кадамдар таштады.

Бирок, болгон кызыкчылык элдин жыргалчылыгы үчүн сарпталбай бир кишинин чөнтөгүнө чогулгандыгы баарыбызга маалым. Кыргызстандын экономикалык өнүгүшүнүн келечегин кыйла күңүрт кылган жагдайлар да бир топ. Алардын ичинен эң опурталы – өлкөнүн олчойгон тышкы карызы, чоң үмүт арттырган алтындын запасынын азайып баратышы, энергетика секторунун оңоло албай жатышы, бюрократиялык тоскоолдуктардын арбып баратышы ж.б.

Сыртка товар чыгаруу, базарда өтүмдүү буюмдарды арбытуу менен Кыргызстан ылдам өнүгүп бараткан кошуналарынан калбай, алдыга кете алабы, же алардын чаңында клып, кедей өлкөлөрдүн тизмесинен чыга албай кала береби муну мезгил көрсөтөт.

5-тапшырма: Мээге чабуул оюну. “Биринчи ачылыштар” маалыматтарын топтогула.
Мисалы: Лифтти ким ойлоп тапкан? ж.б.

СУРООЛУУ СҮЙЛӨМ

Сүйлөөчүнү кызыктырган ар түрдүү нерселер жөнүндө угуучунун ой-пикирин билүү максатында айтылган суроо маанисиндеги сүйлөм *сурoолуу* сүйлөм деп аталат.

Суроолуу сүйлөмдөр өзгөчө интонацияга ээ. Суроо маанисиндеги сөз башка сөздөргө караганда көтөрүңкү мааниде айтылат: **Мисалы:** *Анын минтээрин **ким** билиптир? Сен аны билесиңби? Табияттын кырсыгы деген **эмне**? Бектурган чыныгы жашоодо барбы, бар болсо **кайда** олтурат? (А.Т.).*

Ошондой эле логикалык басым түшкөн сөздөр да көтөрүңкү үн менен айтылат: *Чогулушка **малчылар** да барабы? Бул жерден **булак** чыгабы?*

Суроолуу сүйлөмдөрдү уюштуруучу негизги лексика-грамматикалык каражаттаргатөмөндөгүдөгүлөр кирет:

5. Суроолуу сүйлөмдөр көбүнчө сурама ат атоочтордун жардамы менен уюшулат. А) Ким, эмне деген сурама ат атоочтордун жардамы менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөр кандайдыр бир заттын, ар түрдүү абалдын аталышын тактоо максатында айтылат.

Мислы: *А жогорку сотту ким шайлайт? Алыстан болор-болбос көрүнгөн эмне? А сен өзүң кимден үйрөндүң? Салый сенин колуң эмне болгон?*

Б) Кандай, кайсы, канчанчы, неченчи деген ат атоочтордун катышы менен сурамжылоо иретинде уюшулган суроолуу сүйлөмдөр:

Мисалы: *Атаке апамды кайсы жерге көмдүңөр? Алыскы кыштоолорго канча киши жөнөтүлдү? Султан кандай иштеп жүрөт? Силердин үйүңөр неченчи кабатта?*

В) Айтуучу үчүн белгисиз болгон ар түрдүү кырдаал тууралуу сурап билүүчү сүйлөмдөр(мезгил, орун, максат, себеп) *качан, кайда, кайдан, кантип, эмнеге, эмне үчүн деген сурама ат атоочтордун жардамы менен уюшулган суроолуу сүйлөмдөр:*

Мисалы: *Анын атасы кайда иштейт? Ушунчалык ишти кантип бүтүрдүңөр? Башында эмне үчүн ойлонбодуң? Силер качан көчүп келесиңер? Аны кайдан жолуктурдуң? Эмнеге бул жөнүндө мага айтпадың?*

Г) Суроолуу сүйлөмдүн баш жагына *“эмне”* ат атоочу кошулса, сүйлөмдүн суроолуу маанисин күчөтүп, ага бир аз кекетүү маанисин кошумчалайт.

Мисалы: *Эмне, мени билбей калат дединби? А эмне, өздөрү келе алышпайт бекен? Эмне, башкалар алып жатканда, ал алса болбойт бекен?*

6. Суроолуу сүйлөмдөрдү уюштурууда суроо уландысы -***бы*** активдүү катышат.

Мисалы: *Айылга жөнөгөнү жатасыңарбы? Апама кабарладыңарбы? Студенттер толук келиштиби? Силер барбайсыңарбы? Апама айттыңарбы? Келдиңби?*

7. Суроолуу сүйлөмдөн кийин сурама –***ыя*** бөлүкчөсү келип, анын суроолуу маанисин дагы тактап, күчөтүп көрсөтөт. Бул бөлүкчө кээде сүйлөмдүн башына келип, анын ички маанисине карай кекээрлеп-суроо маанисин берет.

Мисалы: *Ыя, сен кайсы элчи элең? Ыя, качантан бери билимдүү болуп калдың? Андайлар сенин шакиртиң болбойбу, ыя? Айткан сөз кулагыңа кирбейби, ыя? Ыя, кайсы Иманбайсың?*

8. **Ээ**- бөлүкчөсүнүн катышуусу менен уюшулган суроолуу сүйлөм:

Мисалы: Кызык, ушундай да адам болот экен ээ? Бардыгын ага шылтаганы турасың ээ?

9. Күмөндүү - ***го*** бөлүкчөсүнүн, өтүнүү, сурануу маанисинин - ***чы*** мүчөсүнүн жардамы менен да суроолуу сүйлөмдөр уюшулат:

Мисалы: Чамасы, небереси болосуң го? Көзүңөр курчуңар жакшылап байкагылачы? Асандын небересичи? Баягычы, бизге келди эле го?

10. **Бейм, беле, бекен, бы**- жардамчы сөздөрү да суроолуу сүйлөмдөрдү уюштурат:

Мисалы: Кабылдын энеси дүйнөдөн өтүп кеткен бейм? А өзүнө тиешелүү буюмдарын алды беле? Бүгүн тапшырмасы бар бекен? Силер тоого чыгасыңарбы? Кыргыз тили мугалими Арсен ушул эмеспи?

Ушул эле **–бы, беле, бекен** деген суроону билдирүүчү сөздөр интонацияга байланыштуу жай эле маaниде да колдонулуп калышы мүмкүн .

Мисалы: *Жамандык жерге жатарбы. Булардын келерин билбей калбадымбы. Көңүлүм тынчый түшпөдүбү. Мындай кылганың болоу. Алар келер бекен. Эрдигим укум-тукумга дастан экени төгүнбү. Ит эмнеге үрбөйт, түшкө эмнелер кирбейт. Душман не дебейт.*

Суроолуу сүйлөмдөрдү уюштурууда интонация чоң роль ойнойт.

Мисалы:

- *Бакыт мында?*
- *Ооба, келгенине беш күн болду. Азат да.*
- *Азат?*
- *Ооба Азат дагы.*

Текстти пайдаланып диалог түзгүлө.

КЫРГЫЗСТАНДЫН СУУ БАЙЛЫГЫ ЖАНА АНЫН ЭКОНОМИКАНЫН ӨНҮГҮШҮНДӨГҮ РОЛУ

Кыргызстан Борбордук Азиядагы көз карандысыз мамлекет катары өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша Россия, Индия, Турция, Афганистан, Казакстан,өзбекстан, таджикстан, Түркмөнстан менен экономикалык байланыштарды түзүүдө. Бул Кыргыз Республикасынын суу жана энергия ресурстарын пайдаланууусуна таасирин тийгизбей койбойт. Кыргызстан суу жана энергия ресурстарынын мол запастарына ээ. Бул ресурстарга көп өлкөлөрдө муктаждык бар.

Ошондуктан бир катар долбоорлорду камтыган программаларды түзүүдө, бир нече мамлекеттер чоң инвестицияларды бул тармакка салууга даяр. Мисалы: Россия суу жана энергетика тармагына эки млрд АКШ долларын инвестициялоого даяр болуп турат.

Чет өлкөлөр кызыгып жаткан суу жана энергетика байлыгыбызды туура пайдаланып колдонсо, өлкөнүн экономикасы бир топ өйдөлөмөк. Ал түгүл бул боюнча Т. Усубалиевдин суу боюнча мыйзамы да жазылган. Андан сырткары СПЕКА программасынын эксперти Э.

Оролбаевдин Борбордук Азия боюнча суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу тууралуу программасы бар.

Тапшырма: Текстте кездешкен жаңы сөздөр жана терминдер боюнча глоссарий түзгүлө.

Тапшырма: Үйдөн иштөө. РАФТ – "Роль-Аудитория-Форма-тема" –студенттердин чыгармачыл жазма иштеринин бир түрү.

1. **Роль** – текст кимдин атынан түзүлөт? Кимдин ролун аткарат? (студент, турист,президент, атуул, жазуучу).
2. **Аудитория** – сөзүбүз кимге айтылат? Кайсы дарекке багыттайбыз? Кимге кайрылабыз? (мекендештерибизге, досторго, ата-энеге, кошунага).
3. **Форма** – кандай, кайсы формада сүйлөйбүз? Кандай сөздөрдү, айтылышты тандайбыз?(кайрылуу, кат, аңгеме, чакырык)

Тема – конкреттүү эмне жөнүндө

Тесттик тапшырмалар
1 модуль

№1.1.3

Тыбыштарды окуп үйрөтүүчү илим

1. лексикология
2. семантика
3. фонетика
4. морфология

№2.1.3.

Жоон, ичке деген бөлүнүш кайсы тыбыштырга таандык?

1.үндүү
2. үнсүз
3.созулма
4. каткалаң

№3.2.2

Канча жөндөмө бар?

1. 4
2. 6
3. 5
4. 7

№4.2.2

Сөз түркүмдөрү кандай топко бөлүнөт?

1. жөнөкөй, татаал
2. маани берүүчү, кызматчы
3. этиш, зат атооч, сын атооч
4. жандооч, байламта

№5.1.4

Баланы, китепти, окууну деген сөздөр кайсы жөндөмөдө турушат?

1. атооч, илик
2. ээ, баяндооч
3. жатыш
4. табыш

№ 6.1.2

Конкреттүү зат атоочтор кайсылар?

1. аба, суу, кыял
2. саат, чайнек, киле
3. баратат, отур
4. окуп жатам

№ 7.1.4

Татаал этиштер кандай жазылат?

1. бирге.
2. ортосунда дефис коюлуп
3. чогуу
4. бөлөк

№ 8.2.1

Синонимдер деп эмнени айтабыз?

1. айтылышы, тыбыштык түзүлүшү ар башка болуп, маани-си бирдей, же бири-бирине өтө жакын болгон сөздөрдү
2. сүйлөмдөгү ар бир сөздүн көп мааниде колдонулушу
3. айтылышы, жазылышы бирдей, маани-си ар башка болгон сөздөрдү
4. бир тилдеги бирдей маанилүү сөздөрдү изилдөөчү илимдин тармагы

№ 9.2.1

Орфографиялык эрежелер эмнени үйрөтөт?

1. сөздөрдү туура жазуунун эрежелерин үйрөтөт
2. кандай уксаң, ошондой кылып жазганды үйрөтөт
3. сөз түркүмдөрүн туура жазылышын үйрөтөт
4. туура сүйлөө жөнүндөгү эрежелердин жыйынтыгын үйрөтөт

№ 10.1.3

Айтылыш максатына карай сүйлөм канчага бөлүнөт?

1. экиге
2. үчкө
3. төрткө
4. бешке

№ 11.2.4

Кептин негизги стилдери кайсылар?

1. сүйлөшүү жана жазуу стили
2. баяндооч, сүрөттөө, ой жүгүртүү
3. оозеки, жазуу
4. көркөм, илимий, публистикалык официалдуу иштиктүү

№ 12.1.4

Морфология эмнени окутат?

1. сөз айкашын
2. тыбышты
3. сөз айкашын жана фразеологизмди
4. сөз мүчөлөрүн, сөз түркүмдөрүн

№ 13.1.4

Кептин түрлөрү кайсылар?

1. иш кагаздары
2. стилдер
3. баяндоо, сүрөттөө ой жүгүртүү
4. оозеки, жазуу

№ 14.2.1

Этиш сөздөр түзүлүшү жагынан кандай болуп бөлүнөт?

1. жөнөкөй жана татаал
2. туунду жана тубаса
3. чак, жак
4. ыңгай, мамиле

№ 15.2.3

Шилтеме ат атоочту тапкыла?

1. сени
2. эч кимди
3. тигил
4. аны

№ 16.1.3

Сурама ат атооч катышкан сүйлөмдү тапкыла?

1. мен келдим
2. бүгүн барам
3. эртең саат канчада келесиң?
4. бүгүн чогулгула!

№ 17.2.3

Тактоочтор маанисине карай канчага бөлүнөт?

1. 4 кө
2. 3 кө
3. 5 ке
4. 2 ге

№ 20.1.1

Расмий иш кагаздарына кайсылар кирет?

1. президент тарабынан кабыл алынган мыйзам, программа, токтом, жобо, келишимдер кирет

2. коомдук мекемелердин, ишканалардын буйруктары, справкалары кирет

3. акын-жазуучулардын адабий чыгармалары кирет

4. элдик оозеки чыгармалардын үзүндүлөрү , макал-лакаптар кирет

№ 21.1

Ушул сөздөрдүн кайсыны туура ташымалданганын белгилеп көрсөткүлө

1. таа-рын-чаак, тар-би-я, жыл-га-як, таар

2. таар-ын-чаак, жыл-гаяк, тар-бия, та-ар

3. таар-ынч-ак, жы-ыл-гай-ак, тар-бия, та-ар

4. таарын-чаак, та-р-бия, жыл-гаяк, та-ар

№ 22.1.2

Бир муунду сөздөр канча тыбыштан түзүлөт?

1. бир тыбыштан да, 3-4 тыбыштан да түзүлөт

2. бир үндүү, бир же эки үнсүз тыбыштан түзүлөт

3. жалаң гана үнсүз тыбыштардан түзүлөт

4. эки үндүү, эки үнсүз тыбыштан түзүлөт

№ 23.1.3

Лексика деген эмне?

1. бир элдин тилин калыптанып, белгилүү бир нормага салынган, айтылышы, жазылышы, колдонулушу такталган, айтылуучу ойду даана бере алган сөздөр
2. белгилүү бир түшүнүктүн атын атоо үчүн алынып, көбүнчө бир мааниде колдонулуучу сөз, же сөз тизмеги
3. бир тилдеги бардык сөздөрдүн жыйындысы
4. тил илиминин сөздүк составынын азыркы абалын жана анын тарыхый өсүш өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илим

№ 24.2.3

Сөз айкашындагы сөздөр өз ара кандай жолдор аркылуу байланышат?

1. багыныңкы, башкаруу, ээрчишүү

2. багынычсыз, ыкташуу, ээрчишүү

3. башкаруу, ээрчишүү, ыкташуу, таандык

4. таандык, башкаруу, багынычтуу, багынычсыз

№ 25.2.4

Жөнөкөй зат атоочтор жасалышына карай кандайча бөлүнөт?

1. жөнөкөй жана татаал

2. жак жана таандык

3. тубаса жана туунду

4. бөлүнбөйт

№ 26.1.4

Татаал этиштер кандай жазылат,

1. бирге 2. ортосунда дефис коюлуп

3. чогуу 4. бөлөк

№ 27.1.3

Бул мисалдарда сөз кандай жол менен жасалды?

М: мал+чы=малчы; Кыргыз+стан=Кыргызстан

1. синтаксистик жол менен
2. лексико-семантикалык жол менен
3. сөз жасоочу мүчөлөр менен
4. грамматикалык жол менен

№ 28.2.1

Кыргыз тили кандай жолдор менен байыйт?
1. уңгу сөздөргө сөз жасоочу мүчөлөрдүн уланышы, сөз маанилеринин кеңейиши, башка тилдерден кирген сөздөр менен
2. уңгу сөздөргө сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн уланышы менен
3. араб, иран, монгал тилдеринен кирген сөздөр менен гана
4. илим, маданият, техника жана экономикага байланыштуу жаңыдан кирген сөздөр менен байыйт

№ 29.1.2

Кыргыз тилинде канча тыбыш бар?
1. 37 2.39
3. 34 4.31

№ 30.1.2

Кабыргама деген сөз кайсы жөндөмө мүчөдө турат?
1.табыш 2.барыш
3.илик 4. чыгыш

№ 31.2.1

Сүйлөм деп эмнени айтабыз?
1. Бүткөн бир айрым ойду билдирген сөз же сөз айкаштарынын ырааттуу тизмеги сүйлөм болуп эсептелет
2. өзүнчө жеке турган сөздөр аркылуу айтылса сүйлөм болуп эсептелет
3. мен, сен, ал, силер, сиздер деген сөздүн жыйынтыгы сүйлөм болуп эсептелет
4. көрүнгөн эле сөздөрдүн катар айтылган суммасынан турса, сүйлөм болуп эсептелет

№ 32.2.2

Фразеологизмдер деп эмнени айтабыз?
1. сөз айкаштарын фразеологизмдер дейбиз
2. мааниси боюнча өз ара ширелишип, баштапкы маанисинен алыстоо менен ой-пикирди курч, элестүү, образдуу берип, бир сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарган сөздөрдүн тобу
3. мааниси боюнча ой-пикирди курч, элестүү берген, бирок сүйлөмдө ар башка милдетти аткарган сөздөр
4. түпкү маанисинен ажырап, өтмө мааниге кирген татаал сөздөр

№ 33.2.2

Кайсы сурама ат атоочтор жөндөлбөйт?
1. ким? эмне? кимдики? 2. кайсы? канча? нече?
3. кандай? эмнеден? 4. кимдики? эмненики? нечени?

№ 34.2.3

Бул сүйлөмдөрдүн ичинен көркөм стилге мүнөздүүсүн тап:
1. Индостан жарым аралы түштүк батыш Азиядан орун алган
2. жээктеринде какос пальмалары өсөт
3. Цейлон деген уй желининен тамган бир тамчы сүттөй болуп, Индостан чоң океанга үзүлүп түшүп турат
4. климаты жылуу, суусу мол, дарыяларя көп

№ 35.1.2

Кыргыз тилинде сөз түркүмү канчага бөлүнөт?
1. 11 2. 9
3. 8 4. 6

№ 36.2.4

Көп маанилүү сөздөр кандайча пайда болот?
1. өтмө маани аркылуу 2. синоним сөздөр аркылуу
3. коомдук өнүгүшүнө байланыштуу 4. омоним сөздөр аркылуу

№ 37.2.3

Фразеологизмдер сүйлөмдүн гана курулуш материалыбы же өзү да толук сүйлөм боло алабы?
1. болбойт
2. болушу мүмкүн эмес
3. фразеологизмдер сүйлөмдүк гана курулуш материалы
4. айрым учурда фразеологизмдер сүйлөм боло алышат

№ 38.1.3

Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдү тил илиминин кайсы бөлүмү үйрөтөт?

1. лексикология
2. фразеология
3. синтаксис
4. морфология

№ 39.2.1

2. Сөздүн лексикалык маанисин кандай түшүнөсүң?
1. ар бир сөздүн керт башына тиешелүү болуп, кандайдыр бир маанини, түшүнүктү билдирет
2. сөздөрдүн грамматикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо мүмкүнчүлүк берген маанини
3. бир эле сөздүн бир нече мааниге ээ болушун
4. сөздөрдүн, контекстин ичинде ар башка түшүнүктө колдонулушун

№ 40.1.2

3. Үндүү тыбыштар эриндин катышына карай кандай болуп бөлүнөт?
1. жоон-ичке
2. эринчил-эринсиз
3. кең-кууш
4. кыска-созулма

№ 41.2.1

4. Эң кичинекей текст кайсы?
1. абзац
2. он сап ыр
3. бир же эки сүйлөмдөн турган табышмак, макал-лакаптар
4. микротема

№ 42.2.3

5. Кошмок сөздүн мүнөздүү белгилери кайсы?
1. бир түшүнүктү билгизип, сүйлөмдүн бир мүчөсү болуп түшкөн татаал сөздөр
2. ар башка сөздүн жупталышы аркылуу жасаган татаал сөздөр
3. ар бир компонентти өз алдынча лексикалык мааниге ээ болгон татаал сөздөр
4. бүтүн сөздүн башкы мууну сакталып, калган бөлүктөрү кыскарган татаал сөздөр

№ 43.1.2

Тыныш белгилерди колдонуу жөнүндөгү эрежелердин жыйындысы эмне?
1. сүйлөмдүк мааниси
2. пунктуация
3. интонация
4. грамматика

№ 44.2.1

1. Сөз айкашы кандайча түзүлөт?

1. эки же андан көп маанилүү сөздөрдүн тизмегинен түзүлөт
2. сөздөрдүн өз ара өнүгүү, өзгөрүү эрежелеринен түзүлөт
3. жеке сөздөн эмес, маани берүүчү жана кызматчы сөздөрдүн айкашуусунан түзүлөт
4. бир нече сөздөн, сөз формаларынын жыйынтыгынан түзүлөт

№ 45.2

3. Антонимдер деп эмнени айтабыз?

1. тыбыштык составы ар башка, бирок бир эле түшүнүктү билдирүүчү сөздөр
2. карама-каршы мааниде колдонулуп, бирдей сөз түркүмүнө таандык болон сөздөр
3. тыбыштык түзүлүшү бирдей, бирок мааниси ар башка сөздөр
4. составы жагынан эки же андан да көп компоненттерден турган сөздөр

№ 46.1.1

4. Сүйлөө органы деп эмнени айтабыз?

а) тыбыштарды айтууда катышы бар кишилердин мүчөлөрү
б) сүйлөгөндө кулакка угула турган айрым үндөрдү
в) тыбыштарды белгилөө үчүн алынган айрым белгилерди
г) кишилердин өз ара пикир алышкан карым-катышы

№ 47.1.2

5. Төмөнкү сөздөр кайсы сөз жасоочу мүчө менен жасалды (баштапкы формасын эске алганда). М: тердик, тазалык, азаттык, өздүк, билдик, баштык, жакшылык

1. -дик
2. -лык
3. -тык
4. -дык

№ 48.2.2

Тил жөнүндөгү илим эмне деп аталат?

1. философия
2. лингвистика
3. грамматика
4. тил илимине киришүү

№ 49.1.2

Сүйлөмдүн аягына коюлуучу тыныш белгилери канча топко бөлүнөт?

1. эки топко
2. үч топко
3. бөлүнбөйт
4. бир нечеге бөлүнөт

№ 50.2.1

2. Морфема деп эмнени айтабыз?

а) сөздүн андан ары бөлүнбөй турган маани берүүчү бөлүктөрүн
б) орфографиялык эрежелерге ылайык мүчөлөрдө туура жазуу
в) сөздүн маани берүүчү үңгуларын туура жазуунун эрежелери
г) сырттан кирген сөздөрдү орфографиялык жактан туура жазуунун эрежелери

№ 51.1.1

3. Үндүн катышына карай тыбыштар кандай болуп бөлүнөт?
1. үндүү жан үнсүз тыбыштарга
2. жоон, ичке, кең, кууш тыбыштарга
3. кең жана созулма үндүүлөргө
4. уяң, жумшак, каткалаң үнсүздөргө

№ 52.2.1

4. Табыш тууранды сөздөр эмнени билдирет?
а) жандуу, жансыз заттардан чыккан тыбыштарды туурайт
б) кишилердин сүйлөгөнүн, булбулдун сайраганын туурайт
в) уйлардын мөөрөгөнүн, койлордун мааранын туурайт
г) таштын кулаганын, суунун шарылдап акканын туурайт

№ 53.2.1

5. Кайсы учурда таандык мүчө -ым эмес –м (кыскартылган формасы) болуп калат?
1. сөздүн акыркы тыбышы үндүү болсо
2. сөздүн акыркы тыбышы үнсүз болсо
3. бир жакка таандык болуп айтылса
4. жөндөмө мүчөлөрдөн кийин келсе

№ 54.2.2

Текстин жалпыланган мазмуну эмне деп аталат?
1. темасы деп аталат
2. идеялык мазмуну деп аталат
3. аталышы деп аталат
4. проблемасы деп аталат

№ 55.1.2

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили (кыгыз тили) жөнүндө мыйзам качан кабыл алынган?
1. 1991-жыл,март
2. 1989-жыл,сентябрь
3. 1993-жыл,сентябрь
4. 1990-жыл,март

№ 56.1.3

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын канчанчы беренесинде кыргыз тили мамлекеттик тил экендиги жөнүндө жазылган?

1. 1-статьяда

2. 4-статьяда
3. 5-статьяда
4. 6-статьяда

№ 57.1.4

Улут болуунун негизги белгилеринин бири кайсы?

1.эл 2.коом 3.конституция 4.тил

№ 58.4.

Бир нече тилде сүйлөй алган адамды кандайча атайбыз?

1. лингвист
2. лексикограф
3. лексиколог
4. политолог

№ 59.3

Кыргыз тилинде канча үнсүз тыбыш бар?

1. 14
2. 22
3. 25
4. 39

№ 60.1.3

Түгөйлүү үнсүздөр кайсы варианта?

1. х - к, ц - щ, б - п
2. н - н, и - й, к - г
3. к - г, п - б, д - т
4. б - п, ш - щ, с – ц

№ 61.2.4

Кыргыз тилинде үндөшүү законунун канча түрү бар?

1. 3
2. үндүү,үнсүз
3. бир эле түрү бар
4. 2

№ 62.2.3

Алфавит тартиби боюнча "Кк" тамгасы канчанчы катарда жайгашкан?

1. 10
2. 16
3. 12
4. 23

№ 63.1.4

Кайсы тамгалардын баш тамгасы жок?

1. я, ю
2. ц, ф

3. х, ц
4. ъ, ь

№64.1.4

Орус графикасынын негизинде кабыл алынган кыргыз алфавитинин составына кайсы тамгалар кошумча киргизилген?

1. к, г, ж
2. аа, ээ, оо, ее, уу, уу
3. я, е, ё, ю
4. ү, ө, ң

№ 65.1.2

Жаш келсе - ишке, кары келсе - ашка. Берилген сүйлөмдөгү "жаш", "кары" деген сөздер маани боюнча кандай сөздөр?

1. синонимдер
2. антонимдер
3. омонимдер
4. бир маанилүү сөздөр

№ 67.1.2

Котормо сөздүк кайсы учурда колдонулат?

1. сөздүн маанисин ачууда
2. тил үйрөнүүдө
3. сөздөрдүн айырмасын билүүдө
4. жергиликтүү тил өзгөчөлүгүн түшүнүүдө

№ 68.1.2

Сөздөрдүн туура жазылышы берилген сөздүк кайсы?

1. орфоэпиялык сөздүк
2. орфографиялык сөздүк
3. түшүндүрмө сөздүк
4. терминологиялык сөздүк

№ 69.1.4

Булардын ичинен макалды тап.

1. бир ичеги
2. кудайдан жөө качкан
3. бөйрөктөн шыйрак чыгаруу
4. жакшы - эл камын ойлойт,
5. жаман - өз камын ойлойт

№ 70.1.2

Бул макалды толукта: Жигитке ... аздык кылат.

1. түрдүү талант
2. жетимиш өнөр
3. талант
4. алтымыш өнөр

№ 71.2.4

Тил кандай көрүнүш?

1. тарыхый
2. жаратылыштык
3. кондук
4. коомдук

№ 72.1.3

Тексттеги ой змнеге жараша болот?

1. стилине жараша
2. планына жараша
3. темасына жараша
4. атына жараша

№ 73.2.3

Бул сүйлөм кайсы стилге мүнөздүү? *М.:* Аккуласын алкынтып, Манас баатыр келе жаткансыйт.

1. илимий
2. публицистикалык
3. көркөм
4. иш кагаздары

№ 74.2.4

Булардын ичинен кайсынысы расмий ишкагаздарына кирет?

1. өмүр баян, буйрук
2. программа, устав
3. ишеним кат, түшүнүк кат
4. тил кат,маалымдама

№ 75.1.3

Диалог көбүнчө кайсы стилге мүнөздүү?

1. жазуу стилине
2. илимий стилге
3. оозеки жана көркөм стилге
4. стилдердин баарына

№ 76.2.3

Сүрөттөөдө кайсы сөз түркүмү көбүрөөк колдонулат?

1. зат атооч
2. этиш
3. сын атооч
4. ат атооч

№ 77.2.2

Баяндоодо кайсы сөз түркүмү көбүрөөк колдонулат?

1. тактооч
2. этиш
3. сын атооч
4. зат атооч

№ 78.1.2

Кыргыз тилинде канча тамга бар?

1. 39
2. 36
3. 25
4. 32

№ 79.1.4

ъ, ь белгилери кайсы тыбыштарга кирет?

1.үндүү
2. жумшак үнсүз
3. үнсүз
4. тыбыш билгизбейт

№ 80.1.4

Жоон үндүүлөр кайсылар?

1. ы, у, и, у
2. э, и, е, у
3. о,ү, у,ө
4. а, о, ы, у

№ 81.1.2

Ичке үндүүлөр кайсылар?

1. а, ы, о, у
2. э, и, ө, ү
3. о,өj, у,ү
4. а, о, э,үj

№ 82.1.2

Кыргыз тилинде канча созулма үндүү бар?

1. 8
2. 6
3. 12
4. 14